КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

«ЗАЛКАР АКЫНДАР» СЕРИЯСЫ

# КАЛЫК, ОСМОНКУЛ

## VII ТОМ

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин** жалпы редакциясы астында

Түзгөндөр:
**Абдылдажан Акматалиев, Абдысалам Обозканов**

Бишкек
«Бийиктик плюс» – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
З–22

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Р е д к е ң е ш:**

*Акматалиев А.А.* — *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* — *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* — *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* — *Эркебаев А.Э.*

**Р е ц е н з е н т и** *Н.Нарынбаева* – филология илимдеринин кандидаты

З–22 **Залкар акындар: Калык, Осмонкул.** 7-том. /Түз. *А.Акматалиев, А.Обозканов*. – Б.: «Бийиктик плюс», 2015. – 330 б. («Залкар акындар» сериясы)

ISBN 978-9967-33-125-9 (VII том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

**Калык** менен **Осмонкул** – төкмөлүк өнөрдүн гүлдөп турган учуру менен Совет доорун туташтырып турган, чыгармачылыгынын алптыгы, көп кырдуулугу менен өзгөчөлөнгөн ири таланттар.

**З 4702300200-15**

**УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7-5**

ISBN 978-9967-33-125-9 (VII том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

© КРУИА, 2015
© «Бийиктик плюс», 2015

# КАЛЫК

## КАЛЫК АКЫ УУЛУ

*Кылымдардан кылымдарды кыйырлаган кызыл тил өнөрүндө сөз берметтерин тандап шыдыр тизмектетип кереметтүү ырга айланта салчу төкмөлүк өнөр дүйнөлүк маданиятта сейрек кездешүүчү өнөр катары каралып, жазылып, тереңдеп изилденип келүүдө.*

*Чындыгында, тематика тандабастан, өз өмүрүндөгү баамы жетип, көргөн-билгендерин акыл таразасынан кылдат өткөрүп келип, акындык талантына жараша бир укканда эле эсте калчу табигый, учкул тизмектер менен термелеп жиберчи төкмөлүгүнө – санатчылык, ири масштабдагы дастанчы, «манасчы», о. э. артисттик, аткаруучулук, күүчүлүк, обончулукту тутумдаштырган ашкан виртуоздук чеберчиликтеги бул татаал өнөргө таң бербей коюуга мүмкүн эмес. Улуу Белинский: «Акындыкты үйрөнүп, же жаттап алууга болбойт. Акын болуп туулуу керек» – десе, акындыкка өзөктөш төкмөлүктүн (бири ойлонуп жазса, бири шыдыр жамакташтырып) бар табиятын жетик түшүнгөн академик М. Ауэзов бул өнөрдү «кындан кылыч суугандай, жалт эткич, өткүр өнөр» катары баалайт.*

*Элдик ар кыл аңыз, улама, чакан тарыхый ырларды аткарган байыркы гректердин «рапсоду» сыяктуу же азыраак жамакташтырып, өнөр көрсөткөн ар кылка талант, өзгөчөлүктөгү («импровизатор») шайырлар, айрыкча орто кылымдардан тарта дүйнөнүн Араб, Югославия, Франция, Скандина-*

*вия, Орустар өңдүү бир катар калктарында, бизге жамаатташ, ошондой эле тектеш түрк элдеринде кездешип келгендиги маалым. Бирок алардын баары эле күндөп-түндөп төгүп ырдачу жана бир башына көп өнөрдү жалгаштыра алган деңгээлге көтөрүлө алышпаган. Импровизациялык өнөрдүн ар тарабынан келген масштабдуу бийиктигине кыргыз менен казактын (Арстанбек, Барпы, Жөжө, Сүйүнбай ж.б.) төкмөлөрү жеткендиги анык.*

*Элибиздеги дал ошондой арымдуу алп төкмөлөрдүн эң көрүнүктүүлөрүнүн бири – биз сөз кылчу даңазалуу Калык Акы уулу. Ал Жумгалдын Кара-Ой деген жеринде 1883-жылы туулуп, 1953-жылы Бишкек шаарында көз жумган. Ал 70 жылдык өмүрүнүн 56 жылын кыргызды түгөл кыдырып, казак калкын аралап ырдап, жалаң төкмөлүккө арнады. Ак таңдай ырчы ушул өнөрү аркылуу элге таанылып алгач азабын да тартты, кийин үзүрүн да көрдү. Калык жердигинен тиригарак, сезимдүү, абдан баамчыл болгондуктан төкмөлүгү бат калыптанган. Улуу устаты Токтогул: «Таап айтат сөздөрдү, ташка тамга баскандай» – деп ыраазы болуп, Жеңижок: «Аралап ырдап тааныштың, кадыр билер эл менен. Жоргонун бирөө болупсуң, жолго түшсөң желбеген» – деп баа берген кезде ал 15–17 эле жаштарда экен.*

*Калыктын алгач Курман, Жаңыбай, Эшмамбет, кийин Токтогул, Жеңижок сыяктуу айтылуу ырчылар менен бала чагынан жанаша жүрүп, чоң чөйрөгө эрте аралашып кетиши анын чыгармачылыгынын тезирээк жетилишине түрткү болгон. Ал эми Калыктын өнөр сапары Айтыке, Эсенаман, Калмырза, Жаманкул, Куйручук, Тыныбек, Акылбек, Сагынбай, Ныязалы, Барпы, Майкөт, Жамбыл, Үмбеталы, Кенен, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо өңдүү кыргыз-казактын даңазалуу эл шайырлары жана өзү иштеген филармониядагы көп кырлуу, залкар өнөрпоздордун чоң тобу жашаган, элдик өнөрдүн*

*гүлдөө дооруна туш келгендиги мүлдө кайтарымын берген.*

*Натыйжада, ал Жеңижок, Токтогул, Эшмамбет, Барпыдай төкмөлүк өнөрдүн кылда бийиктигине көтөрүлгөн, кайда барса да топ жарып ырдаган (мындай тагдыр айрым гана күчтүү ырчылардын шыбагасына туш келген) ырчы болгон. Осмонкулдун төкмөлүгүнө (1918-ж.) жол ачкан, Сарыкунан: «Кыргыздагы чоң ырчы Калыктан таалим алам» – деп барган (1924-ж.) кездерде кыргызга түгөл таанылып, казак калкы кадырлап (Үмбеталы, Кененди коштоп жеңген учуру – 1919-ж.), б.а., Калыктын даңшаары катуу чыгып турган мезгили 20-жылдардан башталат. Өзү болсо «ордолуу элине 30 жашында таанылганын» маалыматтайт.*

*Калыктай улуу төкмөлөрдүн көп кырлуу өнөрүнө ар учурда күбө болуп, аны жакындан билген өнөрлөш, замандаштарынан өткөрө баа берүү кыйын. Алп манасчы Саякбай: «Ат үстүнөн Калыкка ырчы жетпейт, ал төрт көпүрөнү катар аттаган тулпарлардай эле» – деп арбын кырлуу алп талантына тамшанса, Алымкул төкмө Калыктын төрт тарабы төп экенин айтып келип, «кийинки кезде, Калыктын алдына чыккан ырчы кездешпегендигин» (Бул учурда ал оң-солду түрө кыдырып, баарына кеп-кеңешин айтып, устаты Токтогулдун ордун басып калган) айтат. «Ал ар санатты, тарыхты айтып айлап ырдаса да талыкчу эмес» – деп, Осмонкул 1935-жылы, театрдын коллективи менен Талас, Кетмен-Төбөнү кыдырып жүргөн күндөрүн берегиче эскерет: «Калык менен Атайды кетмен-төбөлүктөр бүт таанышат экен. Өзгөчө Какемдин ал элге аябай кадыры өтүптүр. Кайсы айылга барсак да Калыкты аттан көтөрүп алып, зор урмат көрсөтүп жатышты. Элге ушунчалык эмгеги сиңгенине ыраазы болдум. Токтогулдун айлына бара жатсак отуз-кырктай атчан алдыбыздан тосуп чыкты. Са-*

*калы белине келген лөкүйгөн жетимиштен ашып калган али кубаттуу, чыйрак, кара киши (Курман ырчы) Калыкты кучактап алып, «Токтогулумду көргөндөй болбодумбу» – деп, мойну-башынан жыттап, ыйлап жиберди»*[1].

*Барган жеринде ар санатты термелеп, обон созуп, күү чертип, эл шайырларынын бүтпөс тамашаларынан, ар кимдердин кыял-жоругун туурап өнөр көрсөтүп, дастандарын айтып (муну азыр бир театрдын коллективи аткарат), Калык жалгыз өзү театрдын милдетин аткарган учурлары канча...*

*Калыкты кыргыз элинин кайсы аймагы болсун урматтап тосуп алып, ал барган өрөөн ыр-күлкү, шаңга толо көркүнө чыгып, өнөр керемети адамдардын жүздөрүн тамылжытып, жүрөгүн толкутуп, үмүттөргө бүчүр байлатып, келечекке шыктантып, элге бир өмүрдө унуткус рухий байлык, эстетикалык зор рахат тартуулап, ырчынын өзү эл сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, уламышталып айтылып каларлыгын шакирти Сарыкунан, башка өнөктөштөрү да көп айтчу экен. Устатынын казганактаган элди көрсө топту жарып, агынан жарылып, балкып-көлкүп, чечилип ырдаганына өзү күбө болгон бир мерчемин Токтосун ыр менен элестүү берет.*

*Ырасында, төкмөнүн көйкашкалыгы казганактаган элдердин башын бириктирген чоң жыйын, аштойлордо айкындалган. Менменсинген атактуу эл шайырлары топтолгон мындай жерлерде ондогон ырчылардан өнөрү өтүмдүү болуп өзгөчөлөнүп турган берегидей тарыхый жазмышты биз Арстанбек, Жөжө, Сүйүнбай, Токтогул, Эшмамбет, Барпы, Калыктын чыгармачылык өнөр жолунда кездешкенин билебиз.*

*Эгерде Калык өз оюн бир жакка багыттаса, аны кемелине келтире, кереметине чыгара ырдаган. Эл*

---

[1] *Осмонкул.* Менин өмүрүм. – Ф., 1968, 216-б.

*жазуучусу, академик Т. Сыдыкбеков Калыктын ири төкмөлүгүнө өзү күбө болгондугун мындайча баяндайт: «Узун-Агачта бир чоң той болуп, казактар Жамбылга сындуу ат мингизишти. Казактын отуздай акыны келген экен, алар атты сыпаттап, мактап ырдап киришти. Бир кезде Какем да ойда, теминип калган экен. – Сиз да ырдасаңыз кандай болот? – десем. – Ырдайм! – деди. «Кыргыздын Калык деген акыны чыгат» – деп айттырып чыгардык. Кайран Какем, казактын акындарынын оозунан сөздү тартып алгандай эле болду. Калык аттын сынын, баатырга канат, адамга жөлөк болуп, күч берчү негизги касиеттерин, эми укмуштай таасын кылып сүрөтүн тартып салды. Анын ырына баары таң берип тамшанышты, макташты. Мен ошондо акындарга канат бүтүрө турган шарт керек экенин билдим».*

*«Үркүн» деген ат менен кеңири белгилүү 1916-жылкы кандуу кагылыш элибиздин тарыхында да кандуу тамгалар менен өчпөс болуп жазылып калгандыгы маалым. Ошол апаат күндөрдү Калык ири төкмөлүк таланты менен жүрөк титиретээрлик даражада таасын баяндаган.*

*Калыктын таланты көп кырлуу, ар тараптуу. Ал ириде ырчылык өнөрдөгү негизги татаал жанрлардын бири – айтыш өнөрүнүн чоң устаты болгон. Эл дагы айтышка түшкөн ырчыларга күрөшкө түшкөн балбандарды карап тургандай алардын психикалык ар кыймылын көз жаздымында калтырбай, моокумун кандырган албан эргүү, чоң жоопкерчилик менен мамиле кылышкандыктан, анан калса театр, кино, цирк жок кезде бул өңдүү тамашалар сандаган элдин башын бириктирген кандайдыр оюн-зоок кеченин, театрдын милдетин кошо аткарган синкреттик искусство болгондуктан, айтышка түшкөн ырчылар төкмөлүк өнөрдөгү майда детал-*

*дарына дейре, бар тарабы менен көзгө таамай урунган. Алардын чабалдыгы да, ортозаарлыгы, же мыктылыгы да эл тарабынан сыдыргыга салгандай калыс бааланган.*

*Калыктын айтыш өнөрүнө болгон чеберчилиги алгач Жаңыбай, Кара Курман, Эшмамбет, кийин Токтогулду ээрчип, алар менен алым-сабак ырдашкан кездеринен тарта калыптанып өскөндүгүн танууга болбойт. Биздин колдогу Токтогул менен Калыктын «алым-сабактары» баштаган ой учугун бузбай, соболдон улам бир соболго өтүп, тамашадан тамаша чыгарып, учурдагы кырдаалды бап сүрөттөп, уйкашка уйкаш кынаптоонун, суроого так жооп табуунун алда нече түрүн көрсөткөн кыргыз акындар поэзиясында кездешкен алым-сабак айтыштардын кайталангыс үлгүлөрүнө кирет.*

*Бүгүнкү бизге жеткен бардык айтыштардын ичинен өтүмдүү ыры, өктөм мүнөздөрү, ташка тамга баскандай так кесе кайтарылган жоопторү, элестүү таамай салыштыруулары жана экөө тең күчтүү ырчылардан болгондугу менен өзгөчөлөнүп, оозго алынган албан айтыштардын катарында – «Эшмамбет менен Калыктын айтышы» да турат. Айтыш төкмөлүктүн арааны жүрүп турган кез, 1904-жылы болуп өтөт. Ал убакта Каратал менен Байгазы экөө болуштукту талашып, жиктешип турган учур, ошол мезгилде Байгазы тарабындагы Талканбайдын ашы болот. Караталдын атасы «жыгаччы», ошого келтирип ырчысы Калыкты кордоп ырда деп Байгазы өз ырчысы Эшмамбетти тукурат. Эшмамбет: «Жаш балага сакалдуу башым менен...» – деп көнбөй койсо болбойт. Айтыш ушинтип башталат. Эшмамбеттин атагы ал кезде кыргыздын «оңу» менен «солуна» бирдей тарап, «санат ырдан алдына киши салбай» (Жеңижок), «ат үстүнөн ырчы жетпей» (Токтогул), «кайнап турган» (Тоголок Молдо) учуру экен. Ал эми Калык-*

*тын анда жыйырма бир жашка чыгып «Токтогул менен бирге жүрүп, жалтанбай топко кирип, Эшмамбет менен ээрчишип ырдап, Жолой ырчы жолобой, жолун киши торобой, «оңой эмесмин» деп жүргөн кези. Эшмамбет ашта жар чакырып келатып, анан түз эле Калыкты каптап кирет:*

*Сенин атаң Акы уста,*
*Асылган көңдөй терекке.*
*Алкак салып арчадан,*
*Түп кынаган челекке.*
*Оокатына ошолор,*
*Жарайт бекен керекке?*
*. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .*
*Кутулган жок атаңдан,*
*Чычырканак, долоно.*
*Чыныгы ырчы болупсуң,*
*Жыгачка жакын жолобо!*

*Бул жерде, тыңсынып шылдыңга алуу, кекээрлүү какшык жатат.*

*Калык да атаандашынан тайсалдап калбай, Эшмамбеттин алабармандანып манаптардын тукуругуна киргенин айтып, негизги кулк-мүнөзүнө токтолуп, пайда чыкса баарын унутуп калган кемчилдигин бетине кармап, кордоосуна жараша кордоого алып, өзү сергек туюмдуу чебер ырчы болгондуктан Эшмамбет талуу жерден алып сөзгө сындыргысы келип, атасы Акынын усталыгына атайылап басым жасап, кеткис кылып, «көө» сүйкөгөн жерлерин бир баштан минтип өчүрүп чыгат.*

*Калайык кулак салып ук,*
*Каалаганың баарың ук.*
*Атам кыйган жыгачтын,*
*Ар бирине келейин.*
*Атам үчүн көпчүлүк,*
*Анык жообун берейин.*

*Карагайды кыйды – деп,*
*Кабыргаң жаман кайыша,*
*Ал – катының беле Эшмамбет?*
*Катыныңдан бир таман*
*Жакының беле Эшмамбет?*
*Арчага ичиң кайышат,*
*Алганың беле Эшмамбет?*
*Андан майда четин, тал*
*Балдарың беле Эшмамбет?*

*Айтышка түшкөн ырчынын берилген суроолорго эл ынанбагыдай чала, же туура эмес берген жообу – анын чабалдыгын, эгер туура жандырып кетсе – мыктылыгын, ал эми бардык соболдорду так, эркин чечмелеп, кайра атаандашына ал жандыра алгыс оор суроолорду берип, ооз ачырбай жеңип кетсе, анда анын абдан күчтүүлүгүн, эрдигин туюнткан.*

*Бул жерде Калык да каршылашынын оюн таап, өзүнөн күткөн талабын орундата «эки жерде эки – төрт» дегендей эле так жообун берип, кыйла төгүп барып, кайра суроо узатып, Эшмамбеттин өзүн мазакка алат.*

*Айтышынын соңундагы «кана, жооп тапчы?» деген кыязда өнөктөшүнө койгон шарты да абдан таамай, так кесе:*

*Жыгачтан башка бар болсо,*
*Атамдын айтчы айыбын!?*

*Мына өнөрдүн күчү, кызыл тилдин керемети... Бул Калыктын калдайган калың эл алдында эч кимден жеңилбеген жез таңдай ырчы Эшмамбетти жеңип «кара жаак Калык» атанткан ири жеңиши, ырчылыктагы чоң эрдиги эле.*

*Адатта, ырчылар орунсуз сөздөрүнөн кармалып, же ашыкча мактанып алып анысы төгүндөлүп калганда, болбосо ынанымдуу сөзгө жооп таба ал-*

*бай жеңилип беришет. Бирок канткен күндө да айтышка түшкөн ырчылар күтүүсүз ар кандай тагдырга туш болушу мүмкүн. «Күч – атасын таанабайт» дегендей, кээде ыгына келе түшсө өнөрү артык, эч кимден жеңилбей тургандай сезилген чоң ырчылардын да бүк түшүп, жеңилип берген кездери арбын. Анткени айтыш атакка, күчкө, көп жылдык тажрыйбага эмес, учурдагы жүйөгө багынат. Баштан баштын – тапкычтыгы, тилден тилдин – жорголугу, ойдон ойдун – тереңдиги, сөздөн сөздүн – ынанымдуулугу, тууралыгы, мүнөздөн мүнөздүн – курчтугу, өзгөчөлүгү, артыкчылыгы дал айтыштан билинет.*

*Калыктын айтыш өнөрүнүн чебер устаты экендигин Айдаралыны жеңген айтышы да кадиксиз далилдейт. Айдаралы ары амалкөй, күүчүлүгү да кыйын, өзгөчөлүү жаралган чоң өнөрпоз болгон. Калың элге шумданган өнөрү, күлкүлүү кыял-жоругу менен жаккан, турмуштук жөнөкөй эле көрүнүштөрдү келиштире элдик юморго салып бура сүйлөгөн тили тибирткелүү ырчылыгына, оштонто чертсе олутуна келип, жараша түшчү күүчүлүгү, ага чебер аткаруучулугу, тубаса артисттиги ширелишкен – Айдаралыдай күчтүү өнөрпозго жекеме-жеке беттешүүдөн башкалар эмес, өнөрү артык ырчылардын өзүлөрү кооптонгону чындык. Андыктан, Айдаралынын: «Сендей-сендей ырчыны, койгулатып отуруп, комуз менен жеңебиз» – деп Калыкты опузалаганынын чындыгы да бар. Бул жагынан алганда ал Кетмен-Төбө, Талас түгүл кыргыз жергесиндеги бардык өнөрпоздордон айырмаланган кыйын өнөрпоз.*

*Айтышта кылтылдап, не бир айла-амалдарды ойлоп таап, шумдуктанып элди күлкүгө бөлөө жагынан Айдаралы артыкчылык кылса, атаандашын ар нерсеге теңеген образдуу салыштыруулары, жамактаткан ырынын терең олуттуулугу, курчтугу*

*боюнча Калык камчы салдырбайт. Бир нече күч сынашуудан майнап чыкпаган соң акыры Айдаралы Калыкка теңеле албасына көзү жетип, адатынча каткырып, кайра томсоро калып:*

*Атаңдын көрү-ү, мунуңар Калык эмес эле, кара тажаал турбайбы:*

*Ыры азыраак кишини,*
*Ушунча каптап ырдайбы?*
*Кушчу, саруу элимден,*
*Көргөнүм жок мындайды.*
*Тамаша кылат деп турсам,*
*Тартынбастан чындайбы?*
*Ыр – сенде, күлкү – менде —*

*деп кадыресе күлүп, элди күлкүгө бөлөп жөнөп кетет. Бул Айдаралынын Калыктын чынында эле узакчыл, чендетпес күлүк экендигине ынанып, улук сөздү урматтап, өнөрдү баалай билген, салт билген нарктуулугу. Токтогул «кара күүлөрдүн атасы» Карамолдонун комуз черткенин көрүп: «Ыр – бизде, комуз – силерде экен» – деп баа берген.*

*Берегги айтыш, өткүр тилдүү кара жаак Калыктай, бүткүл турпатын күлкү уялаган Айдаралыдай, бирин экинчиси толуктап турган эки шайыр өнөрпоздун күтүүсүз кездешүүсүндө, экөөнүн тең чыгармачылык жүзүн таамай көрсөткөн, андан да сахнада роль аткаргандай жандуу сөздөрү, күлкүлүү кыймыл-аракеттери, ымдоо-жаңдоолору, куудулдук жоруктары менен элдин боорун эзген, чыныгы өмүрүн сахнадан тапчу табигый комедиялуу, ары оригиналдуу айтыш. Ошентип, айтыш өнөрүнүн салтында анча кездешпеген жайдары юморлуу, жаш-карыга бирдей жагымдуу дагы бир классикалык айтыш адабиятыбыздын тарыхында калды. Азыркы виртуоздуу стилдеги залкар «Көйрөң күүнү» Айдаралынын куду өзүндөй ойноп, ыры менен коштоп аткарып музыкалык алтын фондуга Калык жазды-*

*рып кеткен. «Көйрөң күүнү» Калыктын кандайча таасын, ары таң калаарлыктай аткаргандыгын замандашы Чалагыз мыкты сүрөттөйт.*

*Калыктын көптөгөн айтыштары ар башка учурда жаралган, ар кыл типтеги айтыштын мыкты үлгүлөрүнө кирет. Аларды мүнөзүнө ылайык, «Совет мезгилине чейинки» жана «Совет мезгилиндеги айтыштары» деп эки топко бөлсө болот. Айрыкча Совет мезгилине чейинки айтыштары Калыктын айтыш өнөрүндө мүдүрүлбөс чоң устат, ири чебер экендигин дайын кылган нукура айтыштарга жатат. Ал эми Совет мезгилиндеги Осмонкул экөөнүн айтыштары жайынча, тамашалуу айтыштар. Калык Жеңижок, Калмырза, Эшмамбет, Айдаралы, Балкы кыз өңдүү кыргыздын, Жамбыл, Үмбеталы, Кенен өңдүү казактын акындары менен айтышканы белгилүү. Калык айтылуу Жамбылды:*

*Көк чапаның бүчүлөп,*
*Көк эшегиң чү-чүлөп.*
*Кечээ Чүйдө жүрчү элең,*
*Көрүнгөндөн «кичилеп».*
*Эми, мансапка кетип алган соң,*
*Манчыркап калат титиреп –*

*деп жүйөлүү сөзгө жыгып, 1923-жылы Жети-Суу областында казак-кыргыздын башы бириккен «Союз кошчунун» тоюнда, өзүн какшыкка алып, беттеген Кененди:*

*Жергебиздин салтында,*
*Жети ооз өлөң айтканга,*
*Жеңеси сүйгөн кыз берген.*
*Жээрде атын кайра доолаган,*
*Мага, кайдагы жетесиз ырчы туш келген.*
*Беде салдым, чөп салдым,*
*Элүү боодон көп салдым,*
*Чыгымым төлөп, атың ал!*

*Чыдабай барам, бачым ал!*
*Беш дубан элге жар салып,*
*Бер десең, башын ачып ал! —*

*деп экинчи ооз ачкыс кылган. Анын дагы да көп айтыштары колго тийбеди. Калык алтымыш жылга чукул чыгармачылык сапарында кыргыз жергесин түрө кыдырып, казак калкын аралап эки элге бирдей таанылып, чоң айтыштарга көп түшүп, алышса алдырбаган, жулушса жулдурбаган жеңилбес, балбан ырчылардын катарына кирет. Замандашы Чалагыз Калыктын айтышка түшкөндө ажарына чыга түшөрүн белгилеп, казак акындары Үмбеталы, Кененди коштоп туруп кантип ооз ачырбай жеңгенин айтып келип: «Кыскасы, Калык чукугандай сөз тапкан, ырдашкан акындарын жеңбесе жеңилбеген, таланты ташкындаган чыныгы акындардын бири эле» – деп баа берсе, өнөктөшү омоктуу ырчы Осмонкул Калыктын айтышка түшкөндө өнөрлөшүн «жалындай» каптап кетчү жаалдуу төкмөлүгүн, дегеле алп талант катары өзгөчөлүгүн минтип абдан таамай ачып көрсөтөт:*

*Күүлөнгөнү Какемдин,*
*Көбүк бүрккөн Нарындай.*
*Кызып-кызып келгенде,*
*Көкө-Мерен шарындай.*
*Каршылашкан ырчысын,*
*Каптап кетет жалындай.*
*Калык – буура, мен – тайлак,*
*Качып турам жалтайлап.*
*Каарына алганда,*
*Какем, жутуп коёт бир чайнап...*[1]

*Бул Калыкты абдан жакшы билген өнөрлөшү тарабынан ага карата билгичтик менен айтылган туура сын баа. Мында бир чети, Осмонкулдун*

[1] Айтыштар. II томдук. – Ф., 1972, 131-б.

*устатына болгон терең урматы дагы жатат. Акын Т. Үмөталиев Калык туурасында буларды айтат: «Коргоол Какеме чамалаш киши болчу. Ал өзү бирге жүрүп, бирге турган ырчылардын ичинен Током менен Калыктан гана ийменип, батына албаганын көп айтчу. Осмонкул, Алымкул менен да тамашалашып, кээде чапчыша кеткенге чейин ырдаша турган, бирок бу кыялын ал Какеме көрсөтө алчу эмес. Атка минип турганда Калыктын эргип кете тургандыгын, анын астына чыккан ырчы болбогондугун Коргоол таң калып айта турган». Чындыгында эле Калык айтыш өнөрүнүн ири устаты, өзү ырдагандай:*

*Казак-кыргыз баш кошсо,*
*Жар чакырдым калыска.*
*Жаакташып айтышсам,*
*Жарачу элем намыска –*

*деп качан да болсун керек кезде чоң намыска карап койчу алп ырчы болгон.*

*Калыктын жыйнактарынан жазма акындардын эмгектеринен сейрек кездешчү мына мындай эң сонун лирикалык тизмектерди, арбын учуратууга болот. Калыктын өзгөчөлүгү, ириде, ырына кеңири колдонгон акак таштай ажарлуу сөздөрүнөн, гиперболалуу ыр тизмектеринен билинет.*

*Күзгү сындуу көзү тунук жайнаган,*
*Көктөм жазда гүлдүү беде аймаган.*
*Жакшы суутуп, жайлуу жерге чу койсо,*
*Жардан, аңдан жалтанбаган, тайбаган.*

*(«Асыл тукум жылкы»)*

*Калыктын абдан баамчыл, чоң сынчылык көз караштан туруп өнөрлөштөрүнүн өзгөчөлүү жактарын, адамдык, акындык бар турпатын терең изилдеп чыккандай төп мүнөздөмө бере салган чебер портретчилиги, чоң сүрөткердиги туурасында*

*да атайы кеңири сөз кылууга болор эле. Бирок биз Калыктын кайталангыс таасын тарткан микропортреттерине учкай гана кайрыла кетмекчибиз:*

*Акындын Барпы тереңи,*
*Айтыштын болчу чебери.*
*Атырылып ырдаса,*
*Артылып турчу өнөрү...*

*Мында, Барпы ашык-кеми жок туура сүрөттөлгөн. Портрет мыкты чыккан. «Баскан жолдогу», Токтогул, Жаңыбай, Кара Курман, Жолой, Кулуке сыяктуу ырчыларга берген сүрөттөөлөрү туурасында да ушул эле ойду айтса болот. Калыктын:*

*Тилиме кирет дебестен,*
*Тикенди көрсө тиктеген.*
*Чогойнону көргөндө,*
*Чоң сугунуп бүктөгөн.*
*Барчылдата чайнаса,*
*Чычырканак түтпөгөн.*
*Чындыгында бир үйдү,*
*Үстүнө үйө жүктөгөн.*
*Төрт тамань талпайган,*
*Азуусу бычак арсайган,*
*Малдан күчтүү төө болот –*

*деген өңдүү төө, жылкы, кой, уй сыяктуу малды сүрөттөгөнү да образдуу, абдан күчтүү.*

*Калык көп улуттуу адамдар жашаган коомдогу, кишилердин мүнөздөрүндөгү, психологиясындагы өзгөрүүлөрдү, оң-терс көрүнүштөрдү илгиртпей көрө билген, чыгармаларын да жаңы духта, ыкма, стилде жаза билүүгө күчүн багыттаган – нукура жаңычыл акын. Анын жаңычылдыгын ырларын жаңы өрнөк, ыкмада түзө билген, оюн жаңыча берүүгө далалаттанган аракетинен билүүгө болот. Төгүп ырдап кеткен ырлардын (канчалык кайталангыс,*

*мыкты чыккан күндө да) ошол ырдаган жеринде жиксиз калчу кайгылуу жазмышын түшүнүп, өз демилгеси менен жазмага өтүп, дээрлик чыгармаларын, «Баскан жолдой» кундуу мемуарын жазып берип, бул жагынан да төкмө ырчыларга жакшы өрнөктү биринчи көрсөткөн Калык Акы уулу.*

*Бул мемуар абалкыдан өзүнө чейинки эл шайырларынын өнөр жолу, өмүр сабагы, ар кыл тагдыр, кайгылуу жазмыштары жана ошол чалкеш доор туурасында керектүү факты, маалыматтарды туура чагылдырган, жалпы эле эл шайырларынын баскан жолу. Айрыкча, улуу муундагы өнөрпоздордун өмүрү, чыгармачылыгын иликтегиси келген адистер, окумуштуулар үчүн «Баскан жолдун» баасы кымбат. Муну менен Калык өзүнүн эки доорго бөлүнгөн жашоо күүсүндөгү урунттуу күндөрүн тарыхый-документалдуу маанайда, чынчылдык менен төп сүрөттөп, кара сөздө да өз оюн эркин тизмектей алган кужурмөн эмгекчилдигин айгинеледи. Ал бир учурда төкмө ырчы, жазма акын дагы. Жай олтура берүүгө мүмкүнчүлүк бербеген оорукчандыгына, карылыгына карабай, убактысын эч качан бекерге коротпогон, артыкча эмгекчилдигинен улам өзүнө замандаш ырчыларга салыштырганда анын элине калтырган мурастары абдан көп, жанры боюнча ар кыл жана кундуу.*

*Эл шайырынын, айрыкча табият менен адам биримдигинин өз ара гармониясын, жаратылыштын табигый коздугун, көркөмдүү жерлердин көрүнүштөрүн так өзүндөй элестеткен, көчмөн эл турмушунун жашоо тарыхына, этнографиясына, чарбачылыгына байланыштуу жагдай, эс тутумдарды, ошондой эле көрүп туруп көңүлү түшкөн турмуштук ар кыл тематикага арналып, өздүк чеберчилигине баш ийген уюган алтындай монолиттүү ырлары, дегеле акындар чыгармачылыгындагы сейрек кездешүүчү шедеврлерди түзөт. Калыктын чыгармачы-*

*лыгын кыйла жыл изилдеген адис окумуштуу С.Байкожоев: «Калык Акыевдин көп кырлуу талантына замандаштары өз учурунда абдан суктанышкан. Анын элдик бай мурасты сактап, гүлүн түшүрбөй кайта элге тартуулаганына, устат аткаруучулугуна, тематикага кенен, мазмунга бай эпикалык чыгармаларды, назик лирикалык ырларды жаратуудагы акындык жөндөмдүүлүгүнө, чеберчилигине катуу сыймыктанышкандыгын» калыстык менен белгилейт. «Баатырга ылайык тулпар керек» дегендей төкмөнү да ар дайыма коштоп, эргүүсүнө эргүү кошуп, канат байлатып, чоң дууга кошуп турган – комузу. Барпыдай бирин-экин ырчыларды эске албаганда көпчүлүгү комузсуз эргип ырдай алышпаган. Эшмамбет, Осмонкул, Ысмайылга окшогон ырчылар комузду коштоочу катары гана пайдаланышса, Музооке, Арстанбек, Токтогул, Калык, Коргоол, Алымкулдар – чоң комузчу, айрымдары даңазалуу күүчү да болуп эсептелишет.*

*Калык комузду Ниязалы, Токтогул, Карамолдо, Атайдан кем чертпеген. Болгондо да ошолордун өзүндөй кынтыксыз так аткарган. Белгилүү музыковед В.С. Виноградов: «Калык Токтогулдун «Тогуз кайрыгын» черте баштаганда боз үйдөгүлөр жандана түштү. Күү анын аткаруусунда теңдешсиз эле. Кейпи, бардык комузчулардын ичинен Калык гана устатынын бул чыгармасынын мелодиялык негизин, музыкалык ой жүгүртүүсүн түп нускасындай сактап калса керек. Музыковед Затаевич Токтогулдун өзүнөн жазып калган «Тогуз кайрыкка» салыштырып көргөндө да Калык түп нускасындай чертерине ишенесиң» – деп, Калыкка тамшануу менен ыраазычылыгын билдирген.*

*Калык ар бир эпос, дастандарын өз күүсү, обондору менен аткарган. Мындан сырткары өзүнүн «Татына», «Күкүш», «Акишиме» окшогон бир топ обондуу ырлары болгон. Анда кимдир бирөөлөрдү*

*келиштире туураган, болбосо турмуштук күлкүлүү көрүнүштөрдү ого бетер күлкү чыгара аткарып, элдин боорун эзген куудулдук, пародисттик өнөр да зор болгон. Калыктын аткаруу манерасы жекече оригиналдуулугу менен айырмаланган. Ал кыл кыякты чебер ойноп, ооз комузду келтире тартып, көп өнөрдү жетик билип жана анын баарын башкаларга бийик үлгү боло алчу даражага көтөрүп чыккан артыкчылыгы жагынан да өзүнүн замандаштарына, кийинки муундарга сабак көрсөтө алган. Калыктын көп бутактанган, арбын кырлуу чыгармачылык өнөрканасы минтип жөн гана саналып өтпөстөн, келечекте көрүнүктүү филолог, эстетик, тарыхчы, этнограф, табият таануучу, психолог, педагог жана теоретик муковеддер тарабынан атайы иликтөөгө муктаж.*

*Ырчылык өнөрдө чыныгы төкмөлүктүн күчү – айтыштан, ырдын берметтерин жарата билген – санатчылыктан жана ири масштабдагы акындык дараметин көрсөткөн – айтуучулуктан толук айкындалган. Айтылуу ири төкмөлөрдө береги артыкчылыктар болгон. Калыкта да булар толугу менен кездешет.*

*Калыктын диапазону кенен, төкмөлүгү артык личность экендигин далилдеп, түбөлүктүү атак алып келген, чыгармачылыгынын эң көрүнүктүү жагы – айтуучу, жаратуучулугу. Эпосту айтуучулук турмуштук тажрыйбасы мол, өздүк чеберчиликке ээ, импровизациялык жөндөмү артык акындардын колунан келчү иш экендиги дүйнөлүк эпосторду изилдеген М. Перри, А.Лорд, В.Я. Пропп, В.Н. Путилов, В. М. Жирмунский, С. Мусаев, Р.Кыдырбаева ж. б. тарабынан эбак эле далилденген. Бирок бардык жагынан масштабдуулугу менен айырмаланып турган кыргыз эпосторунун жөнү башка.*

*Бизде айтуучулук – төкмөлүктө кездешкен бардык артыкчылыктарды терең өздөштүргөн, кан-*

*дай тематикада болбосун тайгылбай төгүп, баяндап кете алчу даражадагы чоң сүрөткер, төкмөлөрдүн төкмөсүнүн гана колунан келчү эң татаал, машакаттуу өнөр. Ошол себептүү татыктуу, чыныгы айтуучуларыбыз бирин-экин...*

*Элестүү тизмектерди, салыштырууларды көп пайдаланып, чоң сөздөр менен омоктуу окуяларды келтире сүрөттөгөнгө устаттыгы Калыктын бирден бир өздүк чеберчилигине жатат. Кыргыздын төкмөлөрүнүн ичинен кубаттуу сөздөрдөн ыр курап, гипербола менен литотанын ордун таап ыктуу колдонуп, бутага алган нерсенин же көрүнүштүн касиетин артылта сүрөттөп, кереметтентип жиберүү жагынан Калыкка тең келчүсү жок. Буга ынанымдуу далил катары анын жайынча ырдагандагы бул өңдүү көптөгөн ырларын көрсөтүүгө болот.*

*Бул жагынан Калык:*

*Жакшы чыккан муруту,*
*Чоң балтанын сабындай.*
*Аркасында айдары,*
*Аргымактын жалындай —*

*деп төгүп ырдашкан Тыныбек, Сагымбайдай алп манасчылардын эч кимисинен кем турбайт, ашса ашат...*

*Калыктын жаратылыштын ажайып көрүнүшүн, жашоонун оош-кыйыштуу ар кыл мерчемдерин ыр менен өзүндөй тарта билген – художниктик, ар кыл типтеги адам мүнөздөрүн терең чечмелеп, драматургдук интуицияга ээ гениалдуу төкмөлүк таланты дал ушул – эпосторду айтуучу, жаратуучулугунда бар тарабы менен бадырайып көзгө көрүнгөн.*

*Калык эпосторду айтуунун туу чокусуна көтөрүлгөн. Анын айткан «Курманбек», «Жаныш, Байыш» жана «Кедейкан» эпостору, «Ак Мөөр» өңдүү*

*дастандары турмушка жакын, чынчылдыгы, композициялык түзүлүшүнүн компакттуулугу, көркөм-эстетикалык кундуулугу, трагедиялуу, драмалуу чечилиштердин күчтүү сүрөттөлүшү, типтештирилиши, драмалык сценалардай ар учурду ар башка обон, түргө өткөрүп («Жаныш, Байышты» – төрт, «Курманбекти» – үч обон менен аткарган) кулпундура айткан аткаруучулугу менен да кадимкидей айырмаланып турган, Калыктын генийинен жаралган классикалык варианттар. Бул жагынан ал башкалардан обочолонуп бөлүнүп турган «гигант айтуучу», «Манасты» эске албаганда көлөмдүү кыргыз эпосторунун ичинен элге сүймөнчүлүгү, бийик даңазасы, өз аткаруучуларын тапкан алымдуулугу, көп басылып чыгышы, иликтениши боюнча да Калыктын эпосторуна жетчүсү жок. Аталган эпостор өзүнүн аткаруусунда теңдешсиз болгон...*

*Калыктын гениалдуу айтуучулугуна баш ийген эпостору келечекте дүйнөлүк алкакта комплекстүү атайы изилдөөлөрдү талап кылат. Анын акындык, комузчу, айтуучу, аткаруучулук өнөрүнөн үлгү алып, кыргыздын белдүү Осмонкул, Сарыкунан, Каракунан, Токтоналы, Ысмайыл жана Асылбек, Абдрашит, Ашыралы, Токтосундай Калыктын мектеби түзүлгөн. Эл акыны Т. Үмөталиев: «Калык – кыргыз тарыхынын энциклопедиясы» деген.*

*Калыктын көзү өткөндө бул жоготууга:*

*Кайран Калык андагы,*
*Кара тоодой салмагы.*
*Ырдап турса тил безеп,*
*Булбул эле таңдагы.*
*Ырчыларды торолткон,*
*Ырдын эле байрагы.*
*Эки элге бирдей таанылып,*
*Эчен жолу сайрады.*
*Жашымды төгүп жамгырдай,*

*Жаткырып муздак табытка,*
*Тоо талантты жоготуп,*
*Топурак салдым Калыкка —*

*деп казактын акыны Кенен катуу кайгырган.*

*Жыйынтыктаганда, Калыктын айткан, жараткан эпикалык шедеврлери дүйнөлүк маанидеги эпостордун классикалык үлгүлөрүнөн болуп калды. Ырчынын артына калтырган бай мурасы кыргыз адабиятынын кенчине айланды, анын көп кырлуу чыгармачылыгы синкреттүү төкмөлүк өнөрдүн бийик чен өлчөмү десек калыстыкка жатат. Калык Акы уулунун байсалдуу чыгармачылыгы кыргыз акындар чыгармачылыгында өзүнүн салмактуу ордун туруктуу ээлөө менен бирге, кийинки муундар үчүн ар убак бийик үлгү болуп кала берчү соолбос булак катары ак кызматын өтөй берет.*

*АБДЫСАЛАМ ОБОЗКАНОВ*

## ЖОКЧУЛУК

Он төрт жашымдан он тогуз жашыма чейин малайлык менен келдим. Комуздан үч күү билемин. Комузум жок, бир комуз үчүн алты ай малай болуп, жазында баякы комузду алып чыктым. Жамаачылуу жаман тончон, жаргак шымчанмын. Жамактатып ырдап калган кезим эле. Ошондо «жокчулук» деп кайгырып, бир ыр ырдап жүрдүм. Ал кез болжолдоп айтканда, Октябрь революциясынан он жылдай мурунураак болуу керек. Эң биринчи чыгармам болгон үчүн ошол ырымды бул жыйнакка чыгарууну өзүм керек деп таптым. Ал ырым төмөнкү:

Он төртүмдө жалдантып,
Малай кылдың, жокчулук.
Жатканымды мал баккан,
Сарай кылдың, жокчулук.

Чемирчекти жашымдан,
Кайырдың го, жокчулук.
Чечен тилди тең сөздөн,
Айырдың го, жокчулук.

Сары сууга жүрөктү,
Алдырдың го, жокчулук.
Суусунумду мээнетке,
Кандырдың го, жокчулук.

Жардылыкка таянтып,
Алдантасың, жокчулук.
Жайы-кышы бир койго,
Жалдантасың, жокчулук.

Таманымды жоорутуп,
Жара кылдың, жокчулук.
Тартканымды жашымдан,
Санаа кылдың, жокчулук.

Көз каратып, байларга
Карып кылдың, жокчулук.
Көңүлүмдү чөгөрүп,
Арык кылдың, жокчулук.

Көңүлүмдү төрт бөлүп,
Адаштырдың, жокчулук.
Көтөргөнүм мойнума,
Чанач кылдың, жокчулук.

Кудам келсе, карызга,
Мал сураттың, жокчулук.
Курдашымдын ичинде,
Алсыраттың, жокчулук.

Теңтушум келсе, карызга,
Мал сураттың, жокчулук.
Темтеңдетип жашымдан,
Алсыраттың, жокчулук.

Жайдын күнү жамаган,
Тон кийгиздиң, жокчулук.
Жаман чокой, жаргак шым,
Чом кийгиздиң, жокчулук.

Жалдыратып, байларга,
Жалчы кылдың, жокчулук.
Бүтүн жанды кемитип,
Жарты кылдың, жокчулук.

Колдон кетмен түшүрбөй,
Жер каздырдың, жокчулук.
Эки этекти түрүнтүп,
Жөө бастырдың, жокчулук.

Жардылыкка көндүрүп,
Басып турдуң, жокчулук.
Жардылыкты жашымдан,
Насип кылдың, жокчулук.

Балдан таттуу сөзүмдү,
Эм кылбадың, жокчулук.
Байдын жаман уулуна,
Тең кылбадың, жокчулук.

Оорусу жок онтотуп,
Кесел кылдың, жокчулук.
Олтурганда сүйлөтүп,
Масел кылдың, жокчулук.

Жашык менен курч темир,
Кынаттырдың, жокчулук.
Карыптыкка жашымдан,
Чыдап турдум, жокчулук.

Комуз менен ырыма,
Колумду бердим жан тынып.
Кош, аман бол эми – деп,
Коё бердиң жокчулук.

*1911*

## КАЛЫКТЫН ЭНЕСИН ЖОКТОП ЫРДАГАНЫ

*(Калык он үч жашка чыкканда энеси каза болуп, үйдө жалгызсырап калганда колуна бөбөгү Бектурганды алып, энесин жоктоп ырдаганы)*

Аттанып, үйгө токтобой,
Айылга кетет атакем.
Алмадай бизди зарлатып,
Акырет кеттиң апакем.
Азапты башка жиберген
Ажалдан келген капа экен.

Пааналап, үйгө токтобой,
Бастырып кетет атакем.
Балдарым кантип жатат – деп,
Баш көтөрбөйт апакем?
Кайгыда калган жетимге,
Кантейин, мандайга жазган капа экен.

Же алыскы Жумгал жерде жок,
Же аталаш тууган элде жок.
Ажал менен өлүмгө
Айла табар менде жок.

Апакелеп ыйларга,
Келиниң менен кызың жок.
Балдарың көрүп турарга,
Апаке, басып кеткен изиң жок.

Абысын-ажын, жеңең жок,
Ага-тууган элиң жок.

Апакелеп ыйларга,
Аргамжы жибиң жыйнаарга,
Ардактап алган келин жок.

Бой тарткан, эстүү уулуң жок,
Боздогон менен муунум жок.
Мен балапан турумтай,
Апаке, боомду байлар туурум жок.

Уулдан убай көрбөдүң,
Убайым сенин өлгөнүң.
Баландан убай көрбөдүң,
Апаке, башыма кайгы өлгөнүң.

Чырмалбай калды ашканаң,
Чыркырап ыйлайт жаш балаң.
Чын өлүмдүн күчтүүсү,
Апаке, чырагын жетим таштаган.

Тартылбай калды ашканаң,
Тамшанып ыйлайт жаш балаң.
Тагдырдын жазган кайгысы,
Апаке, таалайсыз жетим таштаган.

Апаке, аягың толо аш калды,
Ашканаң оозу бош калды.
Каралашаар киши жок,
Апаке, кайтарылбай кош калды.

Үйүң калды тигилбей,
Үзүгүң калды бүгүлбөй.

Үшкүрүгү таш жарып,
Апаке, үч жетим калдык түңүлбөй.

Балдарыңдын баары жаш,
Ар кимдин көзүн караган.
Айласы кетти жетимиң,
Апаке, адам жок жакшы санаган.

Апаке, жетимдериң жетилер,
Жетилгенче кечигер.
Жетимдерге боор ооруп,
Апаке, жер койну кантип чечилер.
Апаке, карыбың жүрө кагылат,
Кагылганча жабыгат.
Калык, Бекиш, Орокбай,
Кайгырып күндө сагынат.
Кайрат кылып туралык,
Кажынып оокат кылалык.
Арман-ой, апабыз кайдан табылат...

*1896*

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН КАЛЫКТЫН ЫРДАШКАНЫ

*(Токтогул экинчи бошоп келгенде Калыктын учурашып ырдаганы)*

К а л ы к:
– Токо, сак-саламат келдиңби?
Сенин сагынышың эл билди.
Мен да жаман сагындым,
Сайрачу булбул белгиңди.

Арыбай аман келдиңби?
Акын элең сөз билги.
Атаман артык сагындым,
Токо, айтчы булбул белгиңди.

Кастыгың жок болсо да,
Кармалдың жакын тууганда.
Кантип чыдап карматты,
Добулбек коркпой убалдан?!

Салдырса күлүк жорго элең,
Чаң жукпай чыккан дубандан.
Таңшыган булбул Токомдун
Татты сөзү уланган.

Талыкпай элди күлдүрүп,
Таң атканча кууланган.
Атырылып ырдасаң, –
Анжыян арка кубанган.

Азыраак күнү кармалдың,
Аңдышып жүргөн куулардан.
Добулбектин шары учуп,
Балыйса[1] басып кармады.
Карабоор Кайназар
Жаныңа басып барбады.

Итике, Сапар, Чыналы
Ажыратып албады.
Айдаралы, Ажыкан
Сага кылган кастыгы,
Болуш болуп алышып,

[1] *Балыйса* – полиция.

Пирговар жаза салышып, –
Же болуштук мөөрүн бастыбы?
Түшүрүүгө кылган иш,
Болуштуктан ызаны,
Боору суук манаптын
Жок экен го кысабы.

Түздүк кылса, Добулбек,
Токо, турмушуңду бузабы?!
Төрт айга жетпей бузулду,
Душмандын тарткан тузагы.

Кадырлап жүрдүң Эдилди,
Эдилдин уулу Ажыкан
Болуштукка берилди.
Кудалашып Сапарга,
Куру желге семирди.

Ажыратып тааныдың
Жаман, жакшы элиңди.
Алы жетпей токтолду, –
Айры сакал Чыналы.
Жолдош болду Сапарга,
Арам жемсөө Туралы.
Аз күнү жатып Токомдун
Аман келген убагы.

Кутулуп келдиң, Токтогул,
Мурунку муңдуу кайгыдан.
Бир түнү келип токтоосуз
Кармап кеткен айлыңан.

«Током аман чыкса» – деп,
Аракет кылдым сен үчүн,
Бий-болушка арызданып,
Тиледи калың эл бүтүн.
Ушу турган ага, иниң,
Аяган жок бар күчүн.

Топтолуп келген көп элде —
Эми, тосуп чыккан манап жок.
Пирговарды жазганда
Бир добуш элде тарап жок.

Арылды, Токо, башыңдан,
Эски кайгы, жабырың.
Эзелден ишиң агынан,
Токо, элиңе өттү кадырың.
Кубанып тосту жолуңдан,
Токо, курбу-курдаш, тамырың.

Алган жарың Сейдимкан,
Аманыңды тиледи.
Токсондогу шордуу энең,
Тоголонуп жүдөдү.

Айдаралы, Ажыкан
Аман келсең күйүндү.
Кадырлаш элиң, Токтогул,
Каз-катар тартып үйүлдү.
Токтогул аман келди – деп,
Тосуп чыгып делбиреп,
Калк чогулуп курчады.
Карт энеңдин көзүнөн
Куюлган жашы кургады.

Кагаз алып улуктан
Акталып келдиң түбөлүк.
Калың кыргыз көп элге,
Токо, катар ырдап жүрөлүк.

Током, сен акталып келгенге
Жүрөгүм толкуп ырдадым.
Аралашкан эл менен
Алдыңдан тоскон кырдаалым.

Током, камалганың Наманген,
Көп жыл жатып келдиң сен.
Түрмөдө болуп аз күнү,
Түңүлө түштүң элиңден.

Бала да болсом, багым тең,
Жаш да болсом, жаным тең.
Жанаша жүрүп, Токтогул,
Жакшылап алсам үлгүңдөн.

Т о к т о г у л:
– Күлүк элем талыбай,
Күрбөң-күрбөң жүгүргөн.
Күкүктөй болгон кайран баш
Көрбөйм – деп элден түңүлгөн.
Бак-таалайым бар экен, –
Баарыңды көрдүм бүгүн мен.

Аргымак элем талыбай,
Арыштап чыга жүгүргөн.
Алмадай болгон кайран баш,

Айдоодо элден түңүлгөн.
Абактан чыгып баарыңа,
Амандаштым бүгүн мен.

Арманым жок ичимде,
Арылганга шоруман.
Адашып жүрдүм эл көрбөй,
Амалымдын жогунан.

Куулуп жүрдүм көп жылы,
Кошулар алдын жогунан.
Кубанып күлкүм чыккан кез,
Кутулганга шоруман.

Мына бул жаткан түрмө эмес,
Мурункудан тазамын.
Мусапыр болуп көп тарттым,
Бузулган элдин азабын.

Кармалаарым билинсе,
Даяр элем качарга,
Бузукулар карашпайт,
Биз өңдөнгөн начарга.
Букара элди манаптар,
Кошпойт экен катарга.

Жакшы аттарга жаман ат
Жалы менен теңелет.
Бай адамга жардылар
Багы менен теңелет.
Өмүрүмчө залимдер,
Өтмөк болду тебелеп.

Алы жетпес бир ишке,
Асыла бериш не керек?
Бактылуулга бактысыз
Байлашса кайдан теңелет?
Аз биригип асылса,
Көпчүлүк кайдан кебелет?

Жаш күнүмдөн кармалып,
Кутулбадым куугандан.
Азамат элем буюгуп,
Арылбай жүрдүм тумандан.

Арылып шордон жуулуп,
Энеден жаңы туулуп,
Толгонуп келип тобуңда
Торгоюң Токоң кубанган.

Түрмөдө жатсам кат барды,
Окутуп уксам жакшы кеп.
Кат жүзүндө жазылган,
«Ишиңдин жөнүн ачты» – деп,
«Бир болуш эл чогулуп,
Пирговар кагаз жазды» – деп.

«Бир болушка Токтогул,
Жалгыз өзү каспы – деп,
Бий, ыстарчын, он башы,
Элүү башы болуштун,
Энчилүү мөөрүн басты – деп.
Пирговар барса Токтогул
Кутулбай койбойт асты» – деп.

Ошол пирговар барды Көйтүнгө, –
Бир болуштан жазылып.
Андан жооп келгенче,

Абакта жаттым жашынып,
Өксүк менен келатам,
Өмүрүмчө басынып.

Пирговар келип үйөзгө,
Актыгым тийди колума,
Азыраак сурап кайтара,
Ишимди салды оңуна.
Барлык шорум күбүлүп,
Башымды коштум тобума.

Кутула албай куулуп,
Сүрүлүп жүрдүм эмгиче.
Төрт ай жаттым түрмөдө,
Пирговарым келгиче.
Так кутулдум шоруман
Тагдыр жетип өлгүчө.

Мен айдалып барган Сибирден,
Пирговар келди кутулдум.
Жүзүн көрүп, туз таттым,
Жүрөгүм кыргыз журтумдун.

Бастырып тосуп келипсиң,
Балам, Калык, жардамчым.
Байкап турсаң Токондун
Башынан өткөн арман чын.

Аянбадың мен үчүн,
Жардам болуп эр Калык.
Акын болдуң жашыңан,
Балам, ар дубанды оодарып.

Акындыгың артылды,
Ашта, тойдо топ жарып.
Ак калпактуу кыргызда,
Балам, айтылуусуң сен анык.

Пайдаң тийди бир канча,
Акын Калык бөбөгүм.
Анык көзгө көрүндү –
Атаңдан жакын көрөрүң.

Жакшылыкка жакшылык –
Ар кишинин жумушу.
Жамандыкка жакшылык –
Эр кишинин кылышы.

Бу келгениң канимет,
Балам, бүгүн конуп кет.
Муңдуунун муңу жазылган
Мындай күн эки келбейт эч.

*1913*

## «КАЛЫК ЫРДАП АТЫП ӨЛДҮ» – ДЕП АЙТЫШАР

*(Кетмен-Төбөдө келте менен катуу ооруп жатып ырдагандагы ыр)*

– Көп болду ооруп жатканым,
Көөн ачар айла таппадым.
Аманат белем жараткан,
Асыл жанды сактаарың.

Жаным кейип тынчым жок,
Жайым кетти күн сайын.
Оору күчтүү жөөлүгүп,
Оюмда өлүм түн сайын.
Ачылган гүлдөй өзүм жаш,
Ара жолдо алтын баш.
Акын элем кыргызда,
Айткын десе тартынбас.
Жашында гүлү солгудай,
Жаралдым беле өмүрү аз.
Барган сайын лакылдап,
Басылбай башым, маңдайым.
Чыдатпаган оорунун
Биле албадым кандайын,
Атпай элди кубантып,
Кайра ачылар бекен таңдайым.
Карып жаным кыйналса,
Кант салган памил чай жакпайт.
Көкүрөк кургап, жөтөлсөм
Бир илим каймак май жакпайт,
Карачы жаным жай таппайт.
Кыйышпас өмүр, кошкон жар,
Ырысжан бейбак кылчактайт.
Дапдыратып келте оору,
Дарманым жок кенедей.
Жөөлүп кетем бирерде,
Жинди болгон эмедей.
Илешкен барбы, ийнимден
Бир салмак басат тебелей.
Айыгып кетчү кишидей,
Ачылып көөнүм, жазылбайт.

Кайрылганда онтолоп,
Кабыргамдын тоому ооруйт.
Кармана албай, баса албай
Бутум менен кол ооруйт.
Муунум бошоп сандалып,
Бүткөн бой кетти саргарып.
Алганым бейбак Ырысжан,
Кандай болом мен карып.
Тулку боюм эзилди,
Токтото албайм эсимди.
Бул дүйнөдөн көз жумуп,
Же, менин өтө турган кезимби?!
Айылдаш конуп көрбөдүм
Алыскы Жумгал жеримди.
Өлүп кетсем тууган эл,
Уга албассың кебимди.
Таппай турам онтолоп,
Өлүмдөн калар эбимди.
Айтылуу ырчы болгондо,
Атагым чыгып оң-солго,
Ар дубанды оодарып,
Акыл-эсим толгондо,
Ага-тууган эл көрбөй,
Аттанар күнүм болгонбу?!
Ата конуш жер көрбөй,
Курманкожо, Кулжыгач
Аркасы Кочкор, Семиз-Бел,
Сарбагыш, саяк аралаш,
Топурагың буйрабы?
Өзүмө теңтуш көп курдаш.
Күндөн күнгө жашытып,

Көңүлүмдүн курчу жок.
Көзү ачык өтүп кетемби,
Күнүгө жандын тынчы жок.
Арманым айтып каларга,
Айтканым илип аларга,
Айылдаш жакын ырчы жок.

«Манасты» айтып мактаган,
Аш менен тойдо жатпаган.
Семетей менен Айчүрөк,
Ал экөөнө тилин тактаган,
Жармачыраак ырчыны,
Жакын келсе каптаган.
Чоңураак ырчы кезиксе,
Чоочулап ырын таппаган.
Чакырдан келген Жаңыбай,
Сен болбодуң жанымда?

Коңур-Өгүз, Ничкеден,
Кара Курман ырчы элең.
Козгоп ырдап отурсаң,
Ыр жагына курч элең.
Жаңы ырдаган кезимде,
Жакшы жолго бурчу элең.
Сабактап өнөр үйрөткөн,
Сайратып тилим сүйлөткөн.
Каргадайдан маш кылып,
Канатымды күүлөнткөн.
Эң мурдагы устатым
Эпчил Курман ырчы эле,
Ээрчитип топко кирчү эле.

Же, Курман да жок жанымда.
Керээзимди айтайын,
Кайран тилим барында.
Курман болсо куюлтуп,
Айтпайт беле ырымды.
Акындар жок айлымда,
Ким айтат ичте сырымды.
Сакалын жайкап Эшмамбет,
Манаптарга жанашкан.
Жаңыбай, Курман ырчыдан,
Жамактын жолун талашкан.
Көкүмбайдын беш бала,
Көтөрө мактап жүрсүн – деп,
Көңүлүнө карашкан.
Арымдан качып келгенде,
Жакшы ырчы деп баалашкан.
Санат ырды саз айткан,
Сабагын бузбай таза айткан.
Жыгаччынын уулу – деп,
Жыгып алам муну – деп,
Өлсө да жок куну – деп,
Одоно ырдан айтты эле.
Ошондо менден жеңилип,
Уят болуп кайтты эле.
Андан кийин жарашып,
Алым-сабак ырдашкан.
Эшмамбет улуу, мен бала,
Көңүлдө сырды сырдашкан.
Күкүктөй таңшып Эшмамбет,
Табат эле ырымды.
Тамшандырып кыргызга

Тартмак арман, сырымды.
Ал Эшмамбет ага алыста,
Кабарым кайдан угулду.
Келип көрөр жерде эмес,
Кимге айтамын муңумду.
Кыяк тартса кыйкаңдап,
Кырчаңгы аттай шыйпаңдап,
Комуз чертсе койкоңдоп,
Котур төөдөй ойсоңдоп,
Жолой деген ырчы эле,
Чоң ырчыны көргөндө,
Чоочугансып турчу эле,
Жолой да жок жанымда.
Түнтөй менен Молойту,
Боздотуп тарткан кыягын,
Боогачынын баласы.
Көрүнгөн элди көп мактап,
Мал тапмакка санаасы.
Бул ырды алып калышка,
Келе албайт анын чамасы.

Жети-Суунун түзүндө,
Жергелүү кыргыз ичинде,
Кулуке деген ырчы бар.
Бакырып ырдап жиберсе,
Үч кишинин үнүндөй,
Балдырап кетет бирерде.
Айткан сөзү билинбей,
Алкылдай берет аш-тойдо,
Акындардын бириндей.
Орою суук сөздөнгөн,

Ноктолуу аюу көздөнгөн,
Үшүгөн сабиз беттенген,
Уурунун өзү кейиптенген,
Кулуке ырчы биле албайт,
Билсе да ырдап жүрө албайт.

Кайран Током кыргыздан,
Акындыкка туулган.
Ар жыйында таңшыса,
Ат чабым үнү угулган.
Ак эшенге капталып,
Айланып учтуң туурдан.
Ак калпактуу кыргызда,
Алдыңкы акын уулдан.
Байлоодо эчен жыл жүргөн,
Жерине кайта келгенде,
Жергелүү элди күлдүргөн.
Жетим-жесир карыптын,
Кайгысын ичтен бүлдүргөн.
Толкундаган жаш кезде,
Түрмөдө тогуз жыл жүргөн.
Толгонуп кайта келгенде,
Толкуган элин күлдүргөн.
Ээрчитип топко сайраткан,
Эл үчүн даңкым калат – деп.
Сайрачы булбул балага,
Берейин ырдан сабак – деп.
Санаасында Токомдун,
Санатымды алат – деп.
Жетилгенде аркасын,
Жер таянбай табат – деп.

Жаагына тили дем берип,
Жабыштырат жамак – деп.
Адамдын көөнүн ачканга,
Акындык жакшы адат – деп.
Сарбагыш, солто, саякка,
Сабакташ Калык барат – деп.
Жоктон таап сүрөттөп,
Жорголугум иреттеп,
Жол көргөзгөн Токтогул.
Жол-жоргомду күчөтүп,
Чоң көргөзгөн Токтогул.
Кас душмандар кармалтып,
Кабарсыз калды бир булбул,
Канчалык муңдуу адамдын,
Капасын ачып ырдаган.
Карысы-жашы кыргыздын,
Үнүңдү укса жыргаган.
Эли эңсеп турганда,
Эрмек болбой турбаган.
Эргиген үнү чыкканда,
Эл чогулуп курдаган.
Эңсөөңдү кесип кор кырды,
Эзип жүрүп шум заман.
Бар өнөрүм алышка
Баламсың Калык деп айтып,
Токтогул, кетет белең жанымдан.
Токтогул болсо жанымда,
Томсоруп, кейибейт элем.
Үлгүңдү алган мен Калык,
Үлдүрөп жатам төшөктө,
Өлбөгөн жанды карманып.

Самаймын Током келсе – деп,
Сабакташың мен карып.
Же, самаган ойго жеткирбей,
Кетеби курган жанды алып.
Жазбай билет Токтогул
Жашымдан берки сырымды.
Кармалып жаткан Токомо,
Кабарым кайдан угулду.

Кайрыгып жүрүп өтөрсүң,
Карыганда шордуу атам,
Кабарыңды биле албай,
Орто жолдо мен жатам.
Ушул бойдон мен өлсөм,
Атакем, сенде чоң капаң.
Менден мурда сен өлсөң,
Атакелеп өкүрүп,
Үч уулуң катар өкүрүп,
Колум менен көмбөдүм.
Сага жаман иш болор,
Сенден мурда өлгөнүм.
Өлбөй тирүү бар болсоң,
Кубат байлап, кубанып,
Же, жыргалымды көрбөдүң.
Атадан бирге туулган,
Агам начар, иним жаш,
Айласыз экөө тең жармач.
Ара жолдо алтын баш,
Ажалга айла табылбай,
Өрт жүрөктү өчүрүп,
Өтөсүңбү өмүр жаш.

Арманда калат Мистекан,
Алты жашар карындаш.

Туулбасам да өзүңдөн,
Тутунгандай бала элем.
Ак көңүлдүү алпейим,
Баласындай бар элем.
Туруктуу калың эл менен,
Дуулап турган жан элем,
Уулуңдай бар элем.
Чакырып койчу Бүбайша,
Карыя Макмал апамды.
Көрүп калсын жарыктык,
Онтоткон оору жапамды.
Жашымдан өтөт окшоймун,
Жаш кууураган чырпыктай.
Жалдырап көзүң коюлуп,
Жагалмай алган чымчыктай.
Гүлгүнүмдө өтөмбү,
Күз кууураган чырпыктай.
Күзгүдөй көзүм коюлуп,
Көк кыргый алган чымчыктай.
Ак никемди буюруп,
Алган жарым Ырысжан.
Акылымды оодарып,
Араң турат чымын жан.
Тагдырдан насип буюруп,
Тандап алган мен элем.
Карганча өмүр өткөрсөк,
Кадырлашым дээр элең.
Алты ай, беш ай күйөргө,

Акындан калган туяк – деп,
Алдей айтып сүйөргө,
Кара көзүм жумулса,
Кадырым сыйлап сүйөргө,
Асылымдан калган – деп,
Артымдан төрөп сүйөргө.
Алты айлык күмөн сенде жок.
Ал-жайыңды кубанткан,
Акын Калык элде жок.
Алкымдан ажал кыстаса,
Алдырбас арга менде жок.

Эки жыл, бир жыл сыйласам,
Жесир да болсоң жүрөргө.
Жез таңдайдан калды – деп,
Желпинтип төрөп сүйөргө,
Жети айлык күмөн сенде жок.
Курчаган элиң кубанган,
Күкүгүң Калык элде жок.
Күчү жетип өлүмгө,
Күрөшөр айла менде жок.
Алганым деп сыйласаң,
Ага-инимди сүйөрсүң.
Өлдү, кетти дебесең,
Анттуу сөзгө күйөрсүң.
Анташкан сөзгө турбасаң,
Астаган эрге тиерсиң.
Күкүгүм Калык өттү – деп,
Күйүтүп санап, күйөрсүң.
Күйөрүңдү сүйбөсөң,
Күйүтүнө күйбөсөң,

Көөнүңдү бузуп өзгөрүп,
Күчөгөн эрге тиерсиң.
Күзүндө жаап жаз кеткен,
Көбүктөй зампар кар белем?!
Күзгүдөй бетиң тырманып,
Күйүтүм тартар жар белең?
Аз күндө эрип кеткидей
Агарып жааган кар белем?
Айнектей бетиң тырманып,
Азабым тартаар жар белең?

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН КОШТОШУУ

*(1914-жылы Калык Кетмен-Төбөдөн Жумгалга көчүп кетердин алдында Токтогул менен коштошуп ырдашканы)*

Т о к т о г у л:
– Жердеп турдуң маанектеп,
Жергелүү Арым болушта.
Көчүп бара жатасың,
Тууганың Жумгал конушка.
Кош айтышып калсам – деп,
Балам, обон коштум комузга,
Жан жолдошуң Ырысжан,
Жанында бирге баратат,
Жактырып алдың кыргыздан.
Ар ким сүйүп кошулса,
Ана, ошол сулуу нур кыздан.
Балам Калык, байкагын,
Баркыңды билип айтамын.
Арымдан көп эл отурат,

Агалар көөнүн жайкагын.
Эми чындап байкалды,
Балам, элиңди көздөп кайтарың.
Тууган болуп туз татып,
Тогуз жыл турдуң Арымда.
Элиңди тапсаң эң жакшы,
Балам, дениңдин таза чагында.
Бир туз таткан жериңе,
Миң күнү салам бер деген.
Кайда жүрсөң унутпа,
Канатың болот эл деген.
Дасыган жорго атандың,
Балам, жаңылбаган, желбеген.
Жарданып карап турган эл,
Жатындаштан жакындар.
Кайрылып келсең көргөнү,
Мында, кадырлап алар калкың бар.
Байым, Телтай, Жамаке,
Баркыңды билер карың бар.
Бурулуп келип көрүшсөң,
Булбул Калык шаңың бар.
Өсүп өнгөн ушерде,
Өмүр кошкон жарың бар.
Биздин элге кошулуп,
Балам, бир ширелген каның бар.
Албууттанып чуркаган,
Али балам, жаш чагың.
Ата болуп жашыңдан,
Аздыр-көптүр маштадым.
Көөнүңө түшүп эл-жериң,
Көчө турган баштандың.

Аламан шашма бала элең,
Ал адетти таштагын.
Өөдөсүп бирөө ныгырса,
Өлөм го деп качпагын.
Алдыңда далай жол жатат,
Балам, акылыңдан шашпагын.
Ак там салып, бак тиктиң,
Жерге-Тал, Тытты жеринде.
Жетилгиче бир турдуң,
Сарттар, саяк элинде.
Жаздым жүрүп тууганга,
Жаман экен дедирбе.
Кээ бирөө ырдап бер десе,
Кыйыктанып тартынба.
Ошол өңдүү адамдын,
Ушагы бар артында.
Букарага, карыпка
Бой көтөрүп керилбе.
Айта жүрөр элге – деп,
Аянбай бердим демилге.
Элин таштап Ырысжан,
Эр деп кетип баратат,
Балам, жаман айтпа келинге!
Балапан келдиң жетилдиң,
Кетмен-Төбө калкында.
Кадырын билер эл менен,
Балам, кайда жүрсөң жаркылда!
Болуш, бийлер экен – деп,
Боорлош болбо манапка.
Жоон бел болот түбү – деп,
Жолобо эки тарапка.

Ырчылыкты унутуп,
Ырыскыңды таратпа.
Жакшы жүрүп, топ жарып,
Балам, жаш күнүңдө шаракта!
Кошо жүрсөң манаптар,
Козголтпой билет сырыңды.
Андан-мындан бир сурап,
Айттырып алат чыныңды.
Акылыңа жеңдирип,
Ала коёт ыгыңды.
Ал-жайыңды билген соң,
Аябай салат чыгымды.
Басалбай башың маң болот,
Бай-манаптан чырыңды.
Турган жерден көчкөндө,
Туулган жерге бараарсың.
Токоңдун айткан сөздөрүн,
Түбөлүк эске алаарсың.
Тууруңдан тайып баратсаң,
Балам, туз таткан элди табарсың?
Сынаакы элге коштошуп,
Сыртыңа көчүп бараарсың.
Сынап айткан сөзүмдү,
Сындырбай эске алаарсың.
Сынга толсо бул кебим,
Сырдаштыкка жараарсың!
Сындырар болсо туугаңың,
Сымаптай агып отуруп,
Сыр алган элди табарсың?
«Элиңди тап» – деп жол берди,
Базаке, Сары кайнагаң.

Булбул болдуң жашында.
Буралган бакта сайраган.
Ырысжан, Калык жашсыңар,
Ыргалып гүлү жайнаган.
Ырыстуу болот өлгөнчө,
Ынтымактан тайбаган.
Өткөн ишке өкүнбө,
Ордуна келбейт кайрадан.
Сандалатып Сарыны,
Салты бузук манаптар,
Маа кошуп Сибирь айдаган.
Адамгерчилик эмеспи,
Ажыраш аяк бергениң.
Амандашып кайтсам – деп,
Балам, ат бастырып келгемин.
Ак пейлинен батасын,
Беришип жатат элдериң.
Ойлогон оюң туш келип,
Орундалсын тилегиң.
Кейитип бара жатасың,
Олтурган элдин бирерин.
Уста Сары, Токтогул,
Унутпай эстей жүрөрүң.
От күйгөндөй жалбырттап,
Ойнор кези жүрөгүң!
Сен жаш жигит, мен кары,
Сен элең Токоң жардамы!
Сен экөөбүз ырдасак,
Таң калчу кыргыз балдары.
Томпоюп жалгыз топко ырдап,
Балам, Токондун ушул калганы.

Багың ачык, башың жаш,
Эсиңе алсаң келе жүр.
Келе албасаң кат жазып,
Кабарыңды бере жүр.
Балам, – деп койгон шертим бар,
Башың бошто Токоңду,
Балам, бастырып келип көрө жүр.

К а л ы к:
– Арзып келип жашымда,
Алты жыл турдум Арымда.
Торгойдой сайрап бир жүрдүм,
Токтогул ата жанында.
Өзөктөш элге баратам,
Өзүмдүн эсен чагымда.
Бөлөктүк кылды Калык – деп,
Боорлош элим таарынба.
Жети жыл турдум биргелеш,
Жерге-Тал, Тытты, Арымда.
Ашта-тойдо бир жүрдүм,
Жез таңдай Током жанымда.
Арзыган элди табайын,
Аман-эсен чагымда.
Башка экен турбай кетти – деп,
Баарыңар мага таарынба.
Жашымдан сүрөп телчиткен,
Аралатып дубанды,
Атагымды чыгарган,
Аман бол, Токо жетегим!
Өбөктөп ыйлап, өзүндөй
Өлгөнгө бирге өкүрдүм.

Өз балаңдан кем болбой,
Өкүнсөң бирге өкүндүм.
Калкым сенден суранам,
Каталык өтсө кечиргин.
Катуу тилим тийдиби,
Кары-жашың чечилгин.
Кадырлаш элим силерден,
Кайтышка жооп сурайын.
Керектешпиз, өлбөсөк,
Келип, кетип турайын.
Өз канындан жаралган,
Ырысжан алган жубайым.
Түйшөлсө эне кубанган,
Күлүп берсе кужурап,
Көңүлүбүз жубанган.
Ортобузда бир кызым,
Экөөбүзгө тең эрмек,
Жаркыраган жылдызым.
Уругу өскөн эл менен,
Үчөө болду бир башым.
Абдыгул, Касым, Өктөмбек,
Аман бол курбу сырдашым.
Ажырашып көчөрдө,
Акының Калык ырдасын.
Аман бол, Саке, көргөнчө,
Сиз болсо бизге кадырлаш.
Бир жатындан төрөлгөн,
Ырысжан сизге карындаш.
Өткөн өмүр, чыккан жан,
Өкүнгөн менен табылбас.
Өмүрчү менен Ысмайыл,
Экөө тең биздин кайындан.
Өнүп-өсүп баратам,

Өзүңөрдүн айылдан.
Келипсиң көрүп калышка,
Көңүлдөш элим куралып.
Жүзүңөрдү көргөнгө,
Жүрөгүм турат кубанып.
Телтай аке, Өмүрчү,
Карың менен эсен бол.
Ак никелүү өмүрлүк,
Жарың менен эсен бол!
Маңдайыңдан жай алган,
Багың менен эсен бол.
Аздыр-көптүр бар күткөн,
Малың менен эсен бол.
Узун-Акмат, Жети-Суу
Жериң менен эсен бол!
Багыш, сарттар, көп саяк
Элиң менен аман бол!
Бузулбас бирдик ынтымак,
Демиң менен аман бол!
Нуркул, Сейитбек, Далымбай,
Балбандарым эсен бол!
Эл намысын кетирбей,
Алгандарым, эсен бол.
Алдын торой артылта,
Чалгандарым, эсен бол.
Ыйлап турат далайы,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Көөнүмдү ачтың, Токтогул,
Акылман ата көрүнүп.
Көбүңөргө коштошуп,
Көчмөкмүн бүгүн бөлүнүп.

*1914*

## КЫРГЫН КҮНДӨН ЭЛЕСТЕР

1916-жылкы падыша өкмөтүнө каршы көтөрүлгөн козголондо кыргыз эли падышанын заарына, огуна чыдай албай, Кытайга качып кетти. 1918-жылдардан тартып совет өкмөтү орной баштаган кезде, Кытайдан кайра келген качкындарга карай ырдап турган ырым эле:

Он алтынчы жылында,
Ошондо өрттү кылымда
Колдо жарак жогунан,
Пулемёттун огунан
Кыргыздын көбү жоголду,
Билбей качтык Кашкарга,
Мындай эркин болорду.
Булуттан чыккан айга окшош
Нурлуу заман тоголду.
Жазыксыздан сүрүлүп,
Жарымдап элим жоголду.
Жаркыраган айга окшош,
Эми, жакшы заман тоголду.

Кыргын салды падыша
Кыргыз элге күч менен.
Залим улук, түтүнгө,
Солдаттык милдет жүктөгөн.
Падышанын каарынан,
Агыздык кандуу терлерди.
Туш-туштан баары урушуп,
Дүйнө жүзү термелди.

Эмгекчи элим жок болуп,
Кырылаар кезиң келгенби?
Азап, мунда жүрсө да,
Баатырларча шерденди.

Бай, падыша, залимдер,
Душмандыгын билгизди.
Адаштырды Кытайга,
Ала-Тоолук кыргызды.

Испискесин каратып,
Кара кашканы алгын – деп,
Казына, пулуң салгын – деп,
Залим падыша ошондо,
Жарды, жалчы дыйканды,
Камчы менен сабады.
Манаптар чыгым сом алды,
Падыша залим салык – деп,
Түтүнгө көрпө тон алды.
Барган сайын өөрчүтүп,
Баштакыдан чоң алды.
Падыша менен манаптан,
Кордук көрбөй ким калды?

Чындыгы жок исписке,
Чыгым үчүн катталды.
Көп букара дыйкандар,
Көркоолорго капталды.
Жандыралы үйөздү,
Жандап чаап болуштар,
Жардыдан жалгыз атты алды.

Ат алганда залимдер,
Бактырып койгон эмедей,
Жактырып алды сонунун.
Амалсыздан көтөрдүк,
Залимдердин кордугун.

Падыша күчүн курады,
Бай, манап сөзүн улады.
Он тогуз жаш, отуз бир,
Ортосунда балдарды,
Солдаттыкка сурады.

Куралышып баш кошту,
Жарды, жалчы балдары.
Чакырса да болушка,
Ат бастырып барбады.
Урушууга камынып,
Уюшуп күчүн арнады.
Болуштун уулун албайт – деп,
Букаранын айлында,
Боз балдардан калбайт – деп,
Амалсыз бизди алпарып,
Атылган окко кармайт – деп,
Анда барып бир өлсөк,
Атабыз мында зарлайт – деп,
Бийлердин уулун албайт – деп,
Бечара, жарды-жалчыдан,
Биз курдуулар калбайт – деп,
Жазыксыз бизди алпарып,
Жамгырдай окко кармайт – деп,
Жаш ботом деп буркурап,
Энебиз мында зарлайт – деп,

Баатыр элим баш тартпай,
Падыша менен урушкан.
Жарак жок деп жазганбай,
Жамгырдай окко турушкан.
Качпай кирген баатырлар,
Кандуу мылтык, кылычтан.

Окуу билим билгизбей,
Бай, манаптан башканын
Балдарын мектеп киргизбей,
Падыша залим Николай,
Солдат алам деген соң,
Салыштык барбай коюшка.
Кармап барып берет – деп,
Каршы турдук болушка.

Залимдер эркке койбоду,
Солдатка барбай коюшка.
Өңчөй кедей биригип,
Өлүмгө жаштар аттанды,
Кан төгүлүп кырылып,
Качууга алды чакталды.
Аларды бүтүн кыргын – деп,
Тукум курут кылгын – деп,
Падыша аскер жиберди,
Огуна кетсин андай эл,
Он алтынчы жылдын –деп.

Падышадан буйрулуп,
Телеграмм келди крайга.
Кыргызды кырып кетүүгө,
Солдаты келди бир айда.

Отуз миң солдат өрдөдү,
Олуя-Ата,Меркени.
Ою менен жүрүүгө,
Койбоду залим эркине.
Аралап өттү көп солдат,
Мерки менен Ак-Суудан.
Бетине чыдап туралбай,
Бээжинге качты көп тууган.
Качпай кантип чыдасын,
Бети кара жоо кууган.

Аралап өттү көп солдат,
Кара-Балта, Ак-Суудан.
Каарына чыдап туралбай,
Кашкарга качты көп тууган.
Качпай коёр ал барбы,
Кара жүрөк жоо кууган.
Катын, бала кырылды,
Кайырсыздын огунан.

Пишпекке кондук бир түнөп,
Биз качтык тоого дүркүрөп.
Айбаты кыйын көрүндү,
Ажыдаардай күркүрөп.
Атылган элди көргөндө,
Абдан болдук суу жүрөк.
Айласын таппай калышты,
Абышка, кемпир бүжүрөп.
Түндөп барып Токмоктун,
Тосуп алды көчөсүн.
Тобуңа кыстоо келгенде,
Тоого качпай нетесиң?!
Тоодактай атып сулатып,
Тостурду элдин чекесин.

Пиристоп[1] менен үйөздөр[2],
Болуштарды шаштыр – деп,
Палийсасын[3] жумшаган
Боомдун жолу таштыр – деп.
Кедейге такыр убал жок,
Кеңейтип жолун каздыр – деп.
Буйрук жазды таратып,
Аскер башы полковник.
Амал барбы болбоско,
Айласы жоктон биз көндүк.
Аттарын жөө жетелеп,
Жаман жолдон өткөрдүк.
Иши катуу залимдер,
Ичибиз күйөт өрттөнүп.
Орто-Токой, Рыбачы,
Ортосунда көч калды.
Ок жегенде кайран эл,
Таштай качты үй, малды.
Залимдердин каарынан,
Санаа тартпай ким калды?
Көч аралап солдаттар,
Качкынга кыйын чуу салды.

Каарланды залимдер,
Калың көчтү чуулатып.
Катын менен баланы
Ат үстүнөн кулатып.
Чаң менен түтүн аралаш,
Жер асманга булатып.

---

[1] *Пиристоп* – пристав дегени.
[2] *Үйөз* – уезд.
[3] *Палийса* – полиция.

Ата чыкты солдаттар,
Калган элди Кочкордон.
Калың кыргыз бет алып,
Кашкарды карай козголгон.
Тосуп алды солдаттар,
Жан өткөрбөй жол-жолдон.
Ферғананын четинен,
Анжыяндын бетинен,
Алты миң солдат келет – деп,
Анык кабар угулду.
Тогуз-Торо, Жумгалдын,
Заманасы куурулду.

Көгарттын белин теңсетип,
Ашып келди көп солдат.
Бир миң төөгө ок, дары,
Ташып келди көп солдат.
Талоон коюп тынч элди,
Басып келди көп солдат.
Калтыратты камады,
Көтөргөн үйдү талады.
Залим падыша канкордун,
Ушинтип тийди залалы.
Таштай качтык талаага,
Балтыр бешик баланы.

Кытайды карай жөнөдүк,
Залимдин күчү бегинен.
Кантип чыдап турабыз,
Каардуу заар деминен.

Кошулушкан көп солдат,
Анжыян, Чүйдөн барышты.

Командирлер баш кошуп,
Кеңеш кылып алышты.
Шайлап алды манаптан,
Манап кайдан жиберсин,
Өз колунан намысты.
Кырылганча турушту,
Жарды-жалчы батрак.
Кочкор менен Жумгалдан,
Чаначка сүзмө байланып,
Колуна чочмор найза алып,
Эч коркпостон тайманбай,
Үч беттешип урушту.
Коогалаң жылдын күзүндө,
Кочкордун жайык түзүндө,
Атылган ок, чабылган –
Кылычтын калдык мизинде.
Береке табар жөнү жок,
Бул бетпактын кылган ишинде.
Солдаттар чубап жол кылды,
Сары өзөктүү Жумгалды.
Кагыратып сындырды,
Казан менен тулгаңды.
Талкалады солдаттар,
Самоор менен кумганды.
Алган эри атылып,
Аялдын көбү тул калды.
Ок жарагын жүктөтүп,
Кыргызга өлүм тиктетип,
Жөнөдү Жумгал жеринен.
Тоо талашып бурулуп,
Толкундашып курулуп,
Он күнү чыдап турушту,

Ат салышып качпастан,
Алты курдай урушту.

Куулуп чыктык тоолорго,
Кайнаган бойдон чай калды.
Тоголонуп ар жерде,
Карынга куйган май калды.
Колго тирүү түшкөндөр,
Зымырап бекем байланды.

Кайран элди бүлүнтүп,
Кетирди залим шайманды.
Саба, чанач жарылып,
Ит ичти кымыз, айранды.

Тиккен жерде үй калды,
Атылган окту көргөндө,
Куткарсак дедик бир жанды.
Калың тынай эл кетип,
Кемин, Токмок, Чүй калды.

Казанга салган эт калды,
Карга, кузгун жеп калды.
Каршы-терши сулатып,
Залимдер бизди бетке алды.

Үйлөр калды көчүлбөй,
Үзүктөр калды чечилбей.
Тартылуу калды ашкана,
Талаада калды жаш бала.
Эзилип келген эмгекчи,
Эч унутуп таштаба.

Журтта калды бүктөлбөй,
Чырмаган чий ашкана.
Чыркыраган боюнча,
Бешикте калды жаш бала.
Короосу менен кой калды,
Тогуз баштуу бүлөдөн,
Кээ бирөөнүн, жалгыз өзү бой калды.
Жүктөгөн жерде төө калды,
Жүгөнүн сүйрөп көп адам,
Атка жетпей жөө калды.
Кой чурулдап маарады,
Козулар жолдо тарады.
Таш-ташта калды секирип,
Эчки деген арамы.
Менден неге качтың – деп,
Мелтиреп Ысык-Көл калды...
Азып-тозуп ар жерде,
Бирин-серин эл калды.
Мусапыр болуп көрүндү,
Качкан элдин карааны...

Аралаша түшкөндө,
Адамдын көбү атылды.
Алып кетти солдаттар,
Сулуу кыз, сулуу катынды.
Сулуу келин, сулуу кыз,
Шаардагы байларга
Он эки сомдон сатылды.

Качкан эл асты чубашып,
Кара-Кужур, Төлөктү,
Кара жүрөк залимдин,
Кайгы дарты көп өттү.

Түндөп ашты Долонду,
Түнөгөн жерде чачылып,
Дүнүйө мүлктөр жоголду.
Кайран шондой эл үчүн,
Кайгырып салам обонду.

Көлдүк кыргыз кеткен соң,
Ит улуган жер калды.
Көл калды саяк, бугу жок.
Кээ бирөөнүн колунда
Көмөч көмөөр уну жок.
Адашып кетип табылбайт,
Атасы калып, уулу жок.

Качкан эл кетти кутулуп,
Журтунда калган ит улуп.
Мал таппаган карышкыр,
Адамды жеди жутунуп.
Адамдын тарпын жеген ит,
Кызарды көзү кутуруп.

Турпандын жери Кара-Кум,
Айдаган эгин өнбөгөн.
Адашып барып биз көрдүк,
Атабыз барып көнбөгөн,
Мусапыр элден калган жок –
Мундуунун күнүн көрбөгөн.

Калкым түштү капага,
Катын, эркек биригип,
Катуу кызмат кылышат
Кара тыйын чакага.

Кайран элдер кор болдуң,
Карылар соккон матага.

Кырылгандан калганы
Туш-туш жакка тарады.
Туулуп өскөн жери жок,
Байлардын көзүн карады.
Качып барган кыргыздын
Каректери канады.

Тепкедей эшек минген көп,
Теги жагын таба албай,
Тентип-терпип жүргөн көп.
Кашкарлыктын байына,
Тамагы үчүн кирген көп.
Баласын сатып тоюнуп,
Басып жүргөн миңден көп.

Азап тартып көнгөн көп,
Ар жамандык көргөн көп.
Малдын баары кырылды,
Кымбат болуп мал жээр чөп.

Кысылганда кайран эл,
Кыздарын сатты Кашкарга.
Кысымчылык көп көрдүң,
Кытайга кире качканда.
Залалы тийди залимдин,
Самандай элди чачканда!..

*1918*

## КАЛЫК МЕНЕН САРЫКУНАН

Калык акынга бир кезигейин деп, 1924-жылы Жумгалга бардым.

Ага-туугандарым кадырлап барктап, жорго жетелетип, мага үч киши кошуп берди. Он тогуз жаштагы кезим эле. Калыкка аш үстүндө, Ак-Быштынын сазында, жайлоодо жолуктум. Менин келгенимдин себебин билген эл: «Атайлап келгенден кийин чымыны бардыр, үнү бийик чыксын» – деп, атка мингизип коюшту.

Ошондо мен мындайча саламдаштым:

С а р ы к у н а н:
– Аттанып келдим үйүмдөн,
Атайлап келдим Чүйүмдөн.
Аттанган солто элимден,
Атактуу кең Чүй жеримден.
Сабактуу ырчы издедим,
Сарбагыш, саяк көбүндөн.
Арзып издеп келаткан,
Алмадай бала Сагынбек.
Алдында турат Калыктын,
Акындыгы маалым – деп.
Алты болуш көп солто,
Аттандырды баргын, – деп.
Атактуу Калык чоң ырчы,
Акындан таалим алгын, – деп.
Он тогуз курак, башым жаш,
Оң-солду көрөөр алтын баш.
Болжолума жетишсем,
Болмокчумун кадырлаш.
Орундуу сөзгө үйрөтсөң,

Ойроттон бала жеңилбес.
Ээрчийин аке артыңдан,
Эмгексиз таалай табылбас.
Кара Кочкор, кең Жумгал,
Жерде турсам деп келдим.
Калың саяк, сарбагыш
Элде турсам, деп келдим.
Акын болуп астыңа,
Кызмат кылсам, деп келдим.
Алты болуш саякка,
Ызат кылсам деп келдим,
Астаганым сиз болуп
Мен амандашып бет келдим.
Самап келип Калыкты,
Сабак алсам молдодой.
Сан жыйында аралап,
Сабалап чыксам жоргодой.
Сан жакшынын алдында,
Сайрап турсам болжобой.
Корголоп келген иниңди,
Коёсуңбу колдобой?!
Каалап келдим каралап,
Калкыңды келдим аралап.
Калык деген наамыңдан
Калтаарып келдим пааналап.
Келбеттүү сөздөн узатып,
Кеңеш бергин чамалап.
Санатыңды алышка,
Зарыгып турам сагалап.
Жакшыдан тиет шарапат,
Жалкоодон калат жаман ат.
Жагымдуу кебиң угууга,

Жашымда кылдым далалат.
Жаныңа жүрүп үйрөнсөм,
Жалпыга сөзүм таралат.
Топ көрбөгөн жаш бала,
Токтоно албай камалат.

Эл чурулдап: «Бул балада бир неме бар экен. Аттан түш!» – деп, аттан түшүрүп коюшту. Ошондо Калык мага кайрылып, мындайча ырдады:

К а л ы к:
– Балам,
Келипсиң саяк элди издеп,
Кереги тийчү мени издеп.
Келиптирсиң чырагым,
Кетирем сөзүң тегиздеп.
Арзыпсың саяк элди издеп,
Аркасы тийчү мени издеп.
Ай тамгага кетирем,
Айтар сөзүң тегиздеп.
Ай тамгадан келипсиң,
Артымда жүрөөр шериксиң.
Арка кылып жүрүүдөн,
Агаң кантип зериксин.
Кабарым угуп келипсиң,
Кадырлашаар шериксиң.
Караан кылып жүрүүдөн,
Калыгың кантип зериксин.
Акылың болсо илерсиң,
Акындык жайын билерсиң.
Акыл айтып, эс берсем,
Алты ай чыдап жүрөрсүң.
Көкүрөк болсо илерсиң,

Күлүктүн жайын билерсиң.
Күрдөөлдүү солто жеринде,
Күкүк болуп жүрөрсүң.
Келбетиң жагып элиңе,
Күркүрөп топко кирерсиң.
Таза жүрсөң табарсың,
Дайыма сөздү багарсың.
Ак калпак кыргыз элине,
Акындык менен жагарсың.
Аракет кылсаң жетерсиң,
Атактуу болуп кетерсиң.
Кеңешимди укпасаң,
Келгениң менен бекерсиң.
Арзып келсең солтодон,
Алым кылар бекенмин?
Акындыгың кыргызга,
Маалым кылар бекенмин?
Көздөп келсең солтодон,
Алым кылар бекенмин?
Күкүктүгүң солтого,
Маалым кылар бекенмин?
Жол-жоосунду туюнтуп,
Жолго салар бекенмин?
Жорголотуп өзүңдү,
Оңго салар бекенмин?
Куйругуңду түйдүрүп,
Кунан кылар бекенмин?
Кол үзбөгөн саякка,
Тууган кылар бекенмин?
Күндө чапса талыбас,
Буудан кылар бекенмин?
Көкүлүң түйүп топ жарган,

Кунан кылар бекенмин?
Күдөр үзгүс саякка,
Тууган кылар бекенмин?
Көгүчкөндөй кулпунтуп,
Көпкө салар бекенмин?
Арт жагымдан ээрчитип,
Калкка салар бекенмин?
Торгой куштай кулпунтуп,
Топко салар бекенмин?
Торгойдой тилиң сайратып,
Элге салар бекенмин?
Казак менен кыргызга,
Таанышкылар бекенмин?
Казанат күлүк ат менен
Жарыштырар бекенмин?
Сарбагыш менен саякка,
Тааныш кылар бекенмин?
Салпылдаган ырчыдан,
Алыс калар бекенмин?
Санатымды билбесең,
Намыс кылар бекенмин?
Акылың болсо илип ал.
Арзып келген экенсиң,
Аламан жүрбөй тилимди ал.
Аталаштай болорсуң,
Аркамда таянч, жөлөрүм.
Арбытып кетээр түрүң бар,
Алмадай бала, бөбөгүм.
Атайын издеп келгениң,
Аларың менин өнөрүм.
Астаганың ыр болсо,
Атка жүктөп жөнөгүн.

Бардыгын айтып кетпесмин,
Байкарсың дагы бөлөгүн.
Иниге аке кызматы,
Ар ишке болор көмөгүм.
Мактанайын элиме,
Экөө болду уулум – деп.
Жаныма бастыр, жар салам,
Жаңыдан келди мунум – деп.
Эрте, кеч жок өнөргө,
Эки жыл, бир жыл туруң – деп,
Менде болгон ырлардын,
Асылдарын угуң – деп.
Бекерликке берилбей,
Беттеген ишти кууң – деп.
Белгиси болот болордун,
Белиңди бекем бууң – деп.
Зээндүү бала окшойсуң,
Сенде калар туум – деп.
Экөөңү тең айта албайм,
Билгенче мизиң кайтарбайм.
Оң жагымда бириң жүр,
Сол жагымда бириң жүр,
Үн алышып ырдасак,
Оңой болбос ошол сүр.
Күнтуу, канай элинден,
Күнөстүү салкын жериңден,
Жибериптир кат жазып,
Жөнөтүптүр бат жазып.
Жабдык салып, ат берип.
Жолдо ойноп жүрбөстөн,
Жолугупсуң бат келип.
Бириң сары баласың,

Бириң куйкул карасың.
Элдин көркү ырчыда,
Эрмегиң менен жагарсың.
Тартынбай ырдап сайрасаң,
Тар жолдон өткөөл табарсың.
Жүрө-жүрө билермин,
Эки уулумдун чамасын.
Өз оюмда болбосоң,
Экөөң тең бошко каларсың.
Ыр болсо менден табылар,
Ырчылыкты кааласаң,
Келген бала Сагынбек,
Келбетиң түзүк көрүнөт,
Болчу бала түрүң бар,
Болжолумда байкасам.
Акындыкты үйрөнсөң,
Артыла берер тамашаң.
Калыктан чыккан ырчы – деп,
Калкыңа жетсин даңазаң.
Эмгегим жансын өзүңдөн,
Эм алсаң болду сөзүмдөн.
Чындап издеп келипсиң,
Чыгарбай мени эсиңден.
Атайлап келген экен – деп,
Акындын пейли чечилген.
Саламат болсоң жетерсиң,
Сактасын кудай кесирден.
Бала чактан ыр ырдап,
Мен да бара-бара жетилгем.
Келгениңе ыракмат,
Үмүт кылдым нээтиңден.
Оңой ырчы болбойсуң,

От күйүп турат бетинден.
Каралап келсең чырагым,
Кадырлап тосуп турамын.
Өзүмө катар ээрчишер,
Экөө болду кунаным.
Алдыга түшүп жол баштайт,
Атактуу Калык бууданың.
Ырдаткын экөөн Калык – деп,
Шаштырып турат тууганым.
Ушул элдин алдында,
Экөөңө ат коё турган убагым.
Түпкүр элдин атынан,
Экөөңдөн ушул сурарым:
Бириң кара өңдөшүм,
Бириң сары төлдөшүм,
Экөөңдү сынга салбасам,
Өз элим жаман көрбөсүн.
Кимге кандай сын берет,
Өздөрү ишти жөндөсүн.

*1924*

## ИНИСИ БЕКТУРГАН ӨЛГӨНДӨГҮ КАЛЫКТЫН КОШОГУ

Бир атадан эки бир тууган элек, иним Бектурган 1928-жылы каза болуп, ошондо сөөк чыга электе, өлүктүн үстүндө күйүттүү жүрөк менен кошуп турган кезим эле:

– Ажал, өлүм чиркин бу,
Алланын жазган каламы.
Өлгөндөн соң тирүүгө

Угулду ачуу кабары.
Кайран жаның өткөн соң
Кайрылып тирүүң табабы?

Алла Таалам жараткан,
Асмандан тийген ай жалгыз,
Күндүзү жарык күн жалгыз,
Күүгүмдөн кийин түн жалгыз.
Дүнүйөдө мен өңдүү
Толуп жатат миң жалгыз.
Барды-жокту жараткан,
Падыша, Кудай, сен жалгыз.
Айланып учар канат жок,
Ар жерден көрдүм эр жалгыз.
Аталаш сенден ажырап,
Алсыраган мен жалгыз!

Жалгыз жары бир өзүң,
Жараткан кудай кечиргин,
Жаш боорумдун күнөөсүн.
Жалган дүйнө билеби,
Жалгыздыктын мүдөөсүн?!
Адам ата, Обо эне
Топурактан жаралды.
Бардык адам баласы
Ушу экөөнөн таралды.
Бир боорум сенден айрылып,
Мен кургур тарттым санааны!
Медер кылам ойлонуп,
Орозбек, Салмоор баламды.
Белимди туура сындырып,
Бекишим, кеттиң караңгы.

Бир туугансыз, жөлөксүз,
Таянарга өбөксүз,
Мен карып, жалгыз каламбы?!

Кашкайып катуу күлбөгөн,
Кара өзгөй сөзгө кирбеген,
Кайып болдуң жан боорум,
Капилет жалган дүйнөдөн!
Ачылып катуу күлбөгөн,
Алдоо сөзгө кирбеген,
Арманда кеттиң бир боорум,
Аманат жалган дүйнөдөн!

Атамдай акыл үйрөткөн,
Арабамды сүйрөткөн.
Оокаттан көөнүм тындырып,
Ар дубанга сүйлөткөн.
Энемдей акыл үйрөткөн,
Иретимди сүйрөткөн.
Ичимден көөнүм тындырып,
Элиртип топто сүйлөткөн.
Гүлүстан Бекиш, күйөрүм,
Күлүп койсоң, сүйөрүм.
Күнчүлүк жерге мен жүрсөм,
Күзгүдөн жарык тиерим.
Армандуу Бекиш, күйөрүм,
Акылым айтсам, сүйөрүм.
Алыста жүрсөм жалгызым,
Айнектен жарык тиерим.

Карагай комуз байланып,
Карчыга куштай айланып,

Казакка барчу мен Калык,
Кара боз айгыр саткансып,
Кагаз акча теңге алып,
Кайда болсо кетчү элем,
Калкыма жүзүм жапжарык.
Кайрылып үйдөн чыга албай,
Кайгыда калдым мен карып!

Комузумду байланып,
Кол түлөк куштай айланып,
Коконго барчу мен Калык,
Коюн базар саткандай,
Куржун көзү теңге алып,
Коконго кайта барар жок,
Кошмогум сенден кабар жок.
Корголоп үйдөн чыга албай,
Колунан кушун учуруп,
Комутта калдым мен карып!
Аргымак минсем жорголоор,
Арыктаса жоор болор.
Айбатынан айрылган,
Армандуу акең кор болор!
Күлүктү минсем жорголоор,
Күчү кетсе жоор болор,
Күйөрүнөн айрылган,
Күйүттүү акең кор болор!

Ар дубанды аралап,
Алтын, күмүш ташыдым.
Ак жабуу жаап жайдаңдап,
Аргымак минсем кашыдың.
Ардагым сенден ажырап,

Ак болот элем, жашыдым.
Төрт дубанды аралап,
Төө менен жылкы ташыдым.
Толгонорум барында,
Тобурчак минсем кашыдың.
Толкуган суум сай болуп,
Токтоно албай мен байкуш,
Дубанадай жашыдым!

Ат жалын тартып мингени,
Аш менен тойго ырдадым.
Ак калпак кыргыз элимде
Аралап ойноп, жыргадым.
Аталашым – жаш боорум,
Жыйырма беш жашпы кырдаалың?!
Көтөрбөскө амал жок,
Жаратkандын кылганын!

Ээрчишип өскөн энелеш,
Эстүү элең жанга теңебес.
Чайпалбас чалкар көл элең,
Эч нерседен кенебес.
Жашында кеттиң жатындаш,
Жарык маңдай акылдаш.
Жакшы эле сенин мүнөзүң,
Жалганчы сөзгө сатылбас.
О, дүйнө кеттиң замандаш,
Оокатымды кыларга,
Орозбек, Салмоор балам жаш.
Оюна түшсө, шордуу акең,
Ордуңду сыйпап таба албас!
Аттанып чыксам, үй калат,

Анжыян барсам, Чүй калат.
Айласыз мыкты болсом да,
Айланып учпас бир канат.
Аралап ырдап көп жүрдүм,
Казак, кыргыз дубанга.
Ал дубандын ичинде,
Ата-сөөк тууган да.
Аманат жалган дүнүйө
Айланбайт экен убалга.
Ойкуштанып күүлөгөн,
Комузум калды жанымда.
Капкайда кете берчү элем,
Кошмогум, сенин барында.

Жазы кыргыз баш кошсо,
Жар чакырдым калыска.
Жаакташып айтышсам,
Жарачу элем намыска.
Жан боорум, сенден айрылып,
Жашымда болдум абышка!
Кыргыз, казак чогулса,
Кызмат кылдым калыска.
Кылчайышпай качырса,
Кырымдан кирдим намыска.
Кырааным сенден айрылып,
Кылчактап үйдөн чыга албай,
Кыркымда болдум абышка!

Эне-атадан туулуп,
Өмүр көрдүң аз гана.
Кары өлмөй, жаш өлмөй,
Жараткандын жазганы.

Бара албасмын калаага,
Пааналап катын, балага.
Башым түштү кайгыга,
Бастырып чыксам кокустан,
Бар оокат калар талаага.
Каралап катын, балага,
Карып баш түштү санаага.
Кадимкидей мен жүрсөм,
Калат ко оокат талаада!
Чыгалбай үйдө токтодум,
Чын дүйнө кеттиң, жоктодум.
Чырагым, сенден айрылып,
Чылбыр бою оттодум.
А, дүйнө кеттиң, жоктодум,
Ардагым сенден айрылып,
Аргамжы бою оттодум.
Алтыным жерге көмүлдүң,
Азабын тарттым өлүмдүн.
Алланын салган иши экен,
Амалсыз сенден бөлүндүм!
Күмүшүм жерге көмүлдүң,
Күйүтүн тарттым өлүмдүн.
Кудайдын салган иши экен,
Күйүшөр сенден бөлүндүм!

Албарсым колдон тайгылдың,
Азабың тартып кайгырдым.
Алладан буйрук болгон соң,
Аяктай көрдү жай кылдың!
Канжарым колдон тайгылдың,
Кан жутуп жаман кайгырдым!

Калемде кудай жазыптыр
Кара жерди жай кылдың!

Жайында миндим башка атты,
Жабуулап миндим жакшы атты,
Жан боорум, сенден айрылып,
Жараткан кудай аксатты!
Жазуунун иши болбосо,
Жалгыздык мага максатпы?!
Күзүндө миндим башка атты,
Күнүгө миндим жакшы атты.
Күйөрүм сенден айрылып,
Күчтөгөн кудай аксатты!
Тойго миндим жакшы атты,
Топордон миндим башка атты.
Толгоноор сенден айрылып,
Тоголок дүйнө аксатты!

Казакка барсам минем – деп,
Кара атымды жемдедим.
Кайрыларым сен өлүп,
Канатым сынып, дегдедим!..
Кандай арга кылайын,
Кааладың, теңир, бербедиң!

Алыска барсам минем – деп,
Айбыкпай топко кирем – деп,
Аргымак атым жемдедим.
Аталашым сен өлүп,
Айламды таппай дегдедим!..
Аманат жалган дүйнөдөн,
Алыпсың теңир, бербедиң!

Дубандан дубан аралап,
Туш-туш жагын мактадым.
Толгонорум киер – деп,
Түлкү ичигим сактадым.
Дүнүйөнүн жалганы,
Түңүлдүм, сени таппадым!
Бала кезден аралап,
Беш дубанды мактадым.
Бектурганым киер – деп,
Бөрү ичигим сактадым.
Бир кудайдын кылганы,
Бөлүндүм, сени таппадым!

Кармай калар боосу жок,
Карчыгам учту туурдан,
Каралдым, Бекиш, сен өлүп,
Кара жашым чуурган!
Кайгырбаска амал жок,
Карындан бирге туулган.
Жазбай кармаар боосу жок,
Жагалмай учту туурдан.

Жалгызым сенден ажырап,
Жамгырдай жашым чуурган!
Жашыбаска амал жок,
Жатындан бирге туулган!
Орозбек онго жете элек,
Оюмдан кайгың кете эле.
Салмоорум беште секелек,
Саламат койсо кудайым,
Санаамды басар экөөлөп.
Сагынсам келбес бир жайга

Жалгыздап учтуң көкөлөп!
Инилүүнү көргөндө,
Ичим күйүп өрт болот!
Иниси өлгөн мен карып,
Ичиме кайгы жык толот!
Өзүңдөн учту үч чырак,
Үшкүрөмүн үч убак!
Өзүңдү унут кыларга
Кармабадым бир туяк!

Арманда акең сагынат,
Аманга оокат табылат.
Арсыз жалгыз курусун,
Ар кимге барып зарылат.
Зарылтып тилин албаса,
Арманын айтпай не кылат?!
Күйүттүү акең сагынат,
Көрүнгөн элге зарылат.
Күнүмдүк оокат табылат,
Көрүнгөн тилин албаса,
Күйүтүн айтпай не кылат?!
Күйгүзөт экен бир тууган,
Көзү ачык кеттиң, Бектурган.
Көйгөйүнөн арылбас,
Мен өңдүү, күйүттүүнү кеп кылган.
Алсыратат бир тууган,
Акырет кеттиң Бектурган.
Акыры өзү күнөөкөр,
Армандууну кеп кылган.

Биз жүрөбүз тирүүдөн,
Дүнүйөгө алданып,

Жаратканга жазабыз,
Жалган сөзгө жалданып.
Тарабады кайгы-чер,
Балдардын бирөөн карманып!
Кара-Кече куюлуш,
Кочкорго болор жыйылыш.
Корголоп үйдөн чыга албай,
Кабарын жакшы угалбай,
Күйүттүү мага кыйын иш.
Аргымактай арыштап,
Ар жыйынга жүгүрдүм.
Алты арыш саяк ичинен
Ашыгым сынып, бүгүлдүм.
Айланып келбейт экенсиң,
Ардагым сенден түңүлдүм!
Тобурчак аттай арыштап,
Топ жыйынга жүгүрдүм.
Толкуган саяк ичинен
Томугум сынып, бүгүлдүм!
Добуш бербейт экенсиң,
Толгонор сенден түңүлдүм!

Тели болгон жылкыдай,
Тегеретти дүнүйө.
Тизилтип кара жашымды,
Себелеттиң дүнүйө.
Жалгыз калып күйүткө
Тебелеттиң дүнүйө!

Сен көмбөдүң мен өлүп,
Өкүрбөдүң жалгызым,
Ак үйүмө жөлөнүп.

Акемден калган туяк – деп,
Балдарымды өңөрүп.
Айрылыштык амалсыз,
Ападан бирге төрөлүп.
Ыйманың болсун жолдошуң,
Азапсыз жайдан көрөлүк.

*1928*

## ТОКТОГУЛДУН АРМАНЫ

Ойлонуп бир алалы,
Обонду күүгө салалы.
Ажал жетип күн бүтсө,
Аманат жаным калабы?
Ак падыша залимдин
Ак жерден тийди залалы.

Таамайлап комуз чалалы,
Таңшытып обон салалы.
Тагдыр жетип күн бүтсө,
Тартынган менен калабы.
Ак Николай залимдин
Далайга тийди залалы.

Кармалып келип жатамын,
Караңгы тамда камалуу.
Кандала менен бүргөгө
Каалаган жерим талануу.
Кайгы тартып тирүүлөй
Калганым мында санаалуу.

Элиме качан кетемин,
Эрктүү болор бекенмин?!
Эсен барсам элиме
Тилегиме жетермин.
Биле албаймын – залимдер,
Күнөөм болсо кечерин.

Калкыма качан кетемин,
Камактан бошор бекемин?!
Караңгы тамда мен карып,
Кайгынын суусун кечемин.
Как жүрөктө дартымдын
Түйүнүн качан чечемин?!
Кармалып келип күнөөсүз,
Караңгы тамда жатамын.
Калың кыргыз элиме,
Кайтпаганга капамын.
Каалгадан бир тешик
Көрүнүп калса жылт этип,
Кара көзүмдү сатамын.

Теңтушумдан ажырап,
Тентип келип жатамын.
Тегимди издеп элиме
Кетпегенге капамын.
Терезеден бир тешик
Көрүнүп калса жылт этип,
Телмирип көзүм сатамын.
Жыгылып кетем баса албай,
Жынжырга[1] бутум тешилип.

---

[1] *Жынжыр* – чынжыр дегени.

Жырткычтардын торунда
Жыңайлак таман кесилип,
Жынжырдан колум бошонсо,
Жыргалдуу заман кезигип.

Ак жеримден кармалып,
Айдоодо жүрөм эзилип.
Таалайымдын жогунан
Таманым ташка кесилип,
Элиме кетер бекемин
Эрктүү күнгө кезигип?!

## СУРОО-ЖООП

О с м о н к у л:

– Калмырза кандай ырчы экен,
Көрдүңбү кандай киши экен?
Баатырсың деп көп мактап,
Ал кимден ырдап жечү экен?

К а л ы к:

– Калмырза болсо башынан,
Бай-манаптын кашынан.
Манаптарга көп барган,
Тогуздап ырдап ат алган.
Калмырза алган тогузду,
Кайтып келип манаптар
Топтогу чыгым деп салган,
Эбин таап залимдер
Эмгекчини жеп калган.

О с м о н к у л:
– Жеңижокту көп айтат,
Жеткен ырчы – деп айтат.
Көрдүң беле сен аны,
Уккан көргөн эл айтат.

К а л ы к:
– Акын болчу Жеңижок,
Айтканынын кеми жок.
Бай-манаптын алдына
Күндө ырдаган Жеңижок.
Күндүз жарык, караңгы,
Түндү ырдаган Жеңижок.
Ак шарият куран – деп,
Акыреттик ыйман – деп,
Алла Таала кудайдын
Ак жолунда турам – деп,
Динди ырдаган Жеңижок.

О с м о н к у л:
– Балыкооз кандай ырчы экен,
Башында кайда турчу экен?
Кабардар болсоң ачык айт,
Кандай ырдан билчү экен?

К а л ы к:
– Балыкооз деп эл койгон,
Өзүнүн аты Бекмурат.
Алты ай айткан «Манастан»,
Аныгын угам Таластан.

О с м о н к у л:
– Балыгыңды таштачы,
Башкаларды баштачы.

Адабият бетинде
Аалынын кандай жазмасы?

К а л ы к:
– Советчил жолу Аалынын,
Салмактуу угам дайынын.
Эң алдыңкы жазуучу,
Иш жүзүнөн таанычгын.
Арбын билет өзгөчө,
Адабият тарыхын.
Кыргызстан, биз эмес,
Союз билет арымын.

О с м о н к у л:
– Айтыке, Чоңду, Найманбай,
Ар ким айтат ар кандай.
Өз башын бийлеп жүргөнбү,
Бай-манапка жалданбай?

К а л ы к:
– Айтыке өткөн эл мактап,
Найманбай, Чонду мал тапмак.
Кедейге ырдап келе албай,
Манаптан корккон жалтактап.
Убагында алар да
Оокатын кылган жан сактап.

О с м о н к у л:
– Жаңыларга келели, ай,
Жазгыч бала дегеле-ай,
Кабарын айтчы угайын
Кандай жазат Элебай?

К а л ы к:
– Мукай да жакшы жазууда,
Ирээттеп ырлар басууда.
Эски менен жаңыны,
Ажыратып ачууда.
Арбындатып дастанын,
Арнап элге тартууда.

О с м о н к у л:
– Туура даңгыр жолдо экен,
Турмушту мактап ыр жазган.
Турусбектин баласы,
Жусуп кандай болду экен?

К а л ы к:
– Жусуп жазат жаңыны,
Өтө күчтүү жалыны.
Жазмасынын негизи,
Жаңычылдык агымы.
«Ажал ордуна» кыргыздын,
Кыргындагы тарыхы.
Эчен түркүн ырларын
Эл кадырлап тааныды.

О с м о н к у л:
– Токтогул кыйын ырчы экен,
Торгойдой тилин безчү экен.
Тогуз жылы Сибирге
Кай себептен кетти экен?
Же, үстүртөдөн сөз кылган,
Ушак-айың сөз бекен?

К а л ы к:
– Мактагын десе болбогон,
Манаптарды кордогон.
Тилибизди албайт – деп,
Кыянаттык ойлогон.
Жалаа жаап Керимбай,
Ак жерден Сибирь айдаткан.
Тогуз жылы тентитип,
Толгонтуп шорун кайнаткан.
Тобуна келген жүдөбөй,
Тотудай Током кайратман.

О с м о н к у л:
– Жоомарттын айтчы жоругун,
Журнал-гезит порумун.
Аны кыйын жазгыч дейт,
Айтчы билсең сонунун.
Аныгын сизден угайын,
Акындыгынын толугун.

К а л ы к:
– Ал Бөкөнбайдын баласы,
Токтогул болчу агасы.
Толкуп мыкты ыр жазган,
Социалчы кагазы.
Жоомарт да жазгыч балдардан,
Жолдошу көп тандалган.
Эчен кызык ырлары,
Элибизге арналган.

О с м о н к у л:
– Эшмамбет ырга мыкты экен,
Өз кулагым укса экен.

Мыкты болсо Эшмамбет,
Кайсы жерден чыкты экен?

К а л ы к:
– Эшмамбет Кетмен-Төбөдөн,
Эрмек бол десе манаптын,
Алдына түшүп жөнөгөн.
Болбой коёр эрки жок,
Болуш, бий, залим, төрөдөн.

О с м о н к у л:
– Коздоп калам сырдашат,
Курулуш ырын ырдашат.
Колу эпкиндүү бала – дейт,
Кубанычбек кандай ыр жазат?

К а л ы к:
– Жазуучу эмгек табынан,
Эпкиндүү ишке абыдан.
Билимдин жолун тааныган,
Журнал, гезит, китепке,
Кубанычбектин ырлары,
Түзүлүп чыкты жаңыдан.

О с м о н к у л:
– Жалган айтып койбосом,
Жаның чыккыр болбосоң,
Элестетчи кылчайып,
Илгеркинди ойлосом.
Сен экөөбүз ким элек,
Аш менен тойду аралап,
Ар кимден алып жээр элек.

Бул отурган калайык,
Экөөң ким? – деп сураса,
Биз эмне дээр элек?

К а л ы к:
– Сөзүңө жооп берейин,
Бир баштан айтып келейин.
Анда караңгы күүгүм түндөбүз,
Эми жаркырак шаңдуу күндөбүз.
Кыргызстан күзгүсү –
Театрдын кызматында биргебиз.

О с м о н к у л:
— Советтин жолу тазалык,
Салышып алга басалык.
Жаштар менен жанаша,
Кел, Каке,
Социал ырын жазалык.

К а л ы к:
— Жазуучу жаштар жайнашат,
Жалтырак калем кармашат.
Слциалчыл өлкөнүн,
Көркүн ырдап сайрашат.
Осмонкул, Калык, Алымкул
Алар менен
Ат салышып баратат.

*1934*

## КАБАК

Асман мелжип, мойнун тоскон тоолоруң,
Амандашып, кол сунгандай зоолоруң.
Кийик чубап, адам өтөр жолуң жок,
Түбүң тереӊ түшүп кеткен коолоруң.

Кара-Мойнок, казып чыкма белдериң,
Кум менен таш кучакташкан жерлериң.
Адырыңдан аркар, кулжа атышып,
Жүлүн жарып, жүрөк үзгөн мергениң.

Тооң бийик, зооң бийик Кабаксың,
Моюн созуп, туш-туш жакты карапсың.
Совет күчү жол жеткирип келет, – деп,
Социалчыл өнөр күчүн самапсың.

Көк зоолоруң көз тайгылтып аркайган,
Көк ирим суу күрпүлдөгөн сай-сайдан.
Жериң кара мал чарбага жайыттуу,
Тар болсоң да дыйкандарга көп пайдаң.

Бодурала борчук ала таштарың,
Атыр жыттуу Ала-Тоолор баш жагың.
Токой байлык, тоолоруңда кениң бар,
Токто Кабак, толкундайсың шашпагын.

Адырыңда аркар менен кулжалар,
Ар коктуңду араласам жеңдей тар.
Жериң ысык жайдын күнү мээ кайнап,
Арсак-терсек, оңкол кырбы зоолор бар.

Коргошунуң конуш түзөп казылды,
Таш көмүрүң кулачындан жазылды.
Колу күчтүү темир билек балбандар,
Тоголотту тоскоол кылчу ташыңды.

Бугуларың бурулуштан чакырган,
Эликтериң чер ичинде бакырган.
Кабак, сенин бекип жаткан кендериң,
Качан минтип кучагыңдан ачылган.

Кыян алып, чаптараңды кемирген,
Жаргылчактай жакшы деген тегирмен,
Какырама кара шагыл жериң таш,
Кабак, сенин малың ойноп семирген.

Түлкү, суусар түптөп өскөн ийинде,
Коёндоруң койдон семиз, жүгүргөн.
Караган чер, кайың, арча, карагай,
Айрып жыртып, асылышкан кийимге.

Кара Кабак кадим сенин атагың,
Чын байкадым, чер кайыңдын чатагын.
Араласа анда дыйкан, токоюң,
Айра жыртып, самсаалатат чапанын.

Дүңгүрөмө башың ашуу Чамынды,
Ичиң токой ыргай, четин, табылгы.
Инженерлер план түзүп чамданып,
Өнөр күчү жол салууга камынды.

Кабак сенден, катмар кендер казылат,
Кучак жайып кулачтарың жазылат.

Ала-Тоодон аңтарылып кендериң,
Алтын, күмүш, асыл металл ачылат.

Тоолорунда күү алышкан уларың,
Зоо жаңыртып обон салган сууларың.
Сары-Булуңга жаңы завод салат, – деп,
Моюн созуп, күтүп турган убагым.

Төрлөрүңдө жай сеңселген ыраң чөп,
Түздөрүңдө кара куурай, шыбак көп.
Тардыгыңдан таза конуш табылбай,
Жайы-кышы конуштарың кара өтөк.

Капчыгайдын казып жолун, кең кылып,
Борумдатып Боом менен тең кылып,
Автомобиль, «от араба» барууга,
Кыргызстан камынышты дем кылып.

Капчыгайдын кара ташын жарабыз,
Сары-Булуңга сарай, завод салабыз.
Тоскоол кылчу тоолоруңду тегиздеп,
Кабак, сага поезд минип барабыз.

*1935*

## ЖОЛГО КАЛАМ

Жорго калам, жорголотсом жорголо,
Жолго түшүп, жоргоң чыксын оңдоно,
«Алиппеде» араб тамга барында,
Кор болгонсуң кожо менен молдого.

Бир убакта жорго калам, кайда элең?!
Бийлер, болуш, манап менен байда элең.
Жалдыратып, көз кызартып жолобой,
Жардыларга жол бербеген жайда элең.

Мурун калам мырза жолдо, бийде элең,
Эмгекчилер эч бир кагаз чийбеген.
Көңүл улап, көз карама калам сен,
Ошол күндө биздин колго тийбеген.

Жорго калам, жолдошусуң сыянын,
Кызыктырган кыз-келиндин кыялын.
Жазып жатсам ак кагазга сөздөрдү,
Чебер тилдүү чечендердей сыягың.

Тилиң чыгып, турмуш көркүн сайрады,
Эмгекчилер билим менен кайнады.
Калам жазып, канат өсүп жетилип,
Көрдүк калам көмөгүңдү, пайдаңды.

Жоодурашып, жорголотту кыз-келин,
Жолдошторуң жолун билди тизменин.
Кайда жүрдүң жаш убакта көрүнбөй,
Калам сени картайганча издедим?!

Эми калам, эп келиштиң колума,
«Эсеп», «окуу» ээрчип жүрөт жолунда.
Аял, эркек, жаш бөбөктөр кармашып,
Билим алды бирдик күчтүн доорунда.

Жазуучулар колуна алып имерип,
Чубурултуп чубатууга жиберип

Курулуштун курч чыңалган жолунда,
Жорго калам жолдош болдуң түбөлүк.

Илим күчүн имересиң кагазга,
Эмгекчинин эркин сүйдүң жазганда.
Эркелейсиң жорго калам кулпунуп,
Сыртың сулуу, ичиң алтын кымбат баа.

Кубанабыз жорголото жазганда,
Көңүл учуп, көтөрүлөт асманга.
Жалкоолонбой жакшы окуган азамат,
Жайнап чыкты жаш өлкөдөн бир канча.

Кара тоодой казынасың калаада,
Арыштадың айыл, кыштак, талаага.
Ата болуп, асырадың калам сен,
Далай жетим самсаалаган балага.

Калам, сени, кырк бешимде кармадым,
Өткөн күндө өрүшүмө барбадың.
Жаш баладай жазып, окуп турамын,
Тилек менен тийди колго жардамың.

Эми келдиң эбим кетип карыганда,
Жаш өмүрүм, жайсыз өткөн арманда.
Оолуккандан жаздым сени колго алып,
Окуу билген от жалындуу балдарга.

Сабатсыздык сасык жолду жойгонсуң,
Жойгон эрлер жолдошум деп ойлонсун.
Калам кармап, кат жаза элек дыйкандар,
Сабаттуудан сабак окуп ойгонсун.

*1936*

## ПУШКИНДИН МУРУНКУ КҮНДӨРҮ

Пушкин сенин,
Бир кылымда жазганың,
Жалын жүрөк,
Жалтанбаган жаш чагың.
Жалынса да,
Жакын басып барбадың.
Көңүл берип,
Байдын көзүн карабас,
Жаза жүрдүң
Жамандыгын аралаш.
Калеминди
Ачык сырга жиберген,
Сендей акын
Жазуучудан табылбас.
Падышага
Эч жазыксыз кармалдың.
Туткун болуп,
Туюк тамда зарландың.
Ал убактын
«Адилети» ошондой,
Каман курсак,
Кара жүрөк байлардын.
Байга каршы
Жазып келген ырларың,
Баасы терең,
Ырларыңда сырларың.
Байдан коркуп,
Помещиктен жазганбай,
Какшык менен
Казып келдиң чын жагын.

Орус тилин
Оңдогонсуң негиздеп,
Орундатып,
Жолго койдуң тегиздеп,
Падышанын
Санаасынын арамын,
Помещиктин
Айыбын ачкан каламың.
Какшык менен
Канаттарын талытып,
Адабият
Көркүн жаздың жайнатып.
Жүрөгүңдү,
Оргуштата кайнатып,
Чын тилегин
Чындык жолго берилип,
Билек түрүп,
Билим күүсүн сайратып.
Жазганыңды
Окуп нээти карарып,
Жашырсаң да,
Жашынсаң да таап алып,
Бош жүрүүгө
Боору таштар жол бербей
Туткун болдуң
Түрмөсүндө камалып.
Тоотпой тозуп,
Толкундатып ыр жаздың.
Жаза бердиң
Жазганбастан залимди.
Ал залимдер
Ажалыңа камынды.

Бүтүн дүйнө,
Адабият ачкычы,
Сенин сөзүң,
Кылымдарга калынды.

*1936*

## АРСТАН, АЮУ БАГЫНДА

*(Москванын зоопаркында)*

Музейде тирүү айбанга,
Жалпы бардык көргөнгө.
Көргөнүмдүн баарысын
Жазгым келет өрнөккө.

Биринчиси Кумурска,
Үйүлүшкөн уюкта.
Багып жатат өкүмөт,
Цемент жайы туюкта.

Андан кийин Арс чычкан,
Кызыл чычкан, Сары чычкан,
Аралап кирсең бир бөлүм,
Багылууда ар чычкан.

Ороо тешип, кап кырккан,
Майда чычкан, Келемиш,
Баарын койгон музейге,
Бир баштан көрүп келебиз.

Тобу менен жер тешкен,
Тоо чычканы Момолой,

Асыраган өздөрүн
Арс чычканга жолобой.

Тыйын чычкан, Киш чычкан,
Тырмышышып туш-туштан,
Тынчы кетип токтобой
Ийин казып, жер бузган.

Түлкү, Суусар, Сүлөөсүн,
Түрүн көрсөң күлөсүң.
Тирүү баккан айбандын,
Жазгым келди мүнөзүн.

Кашкулак менен Карышкыр,
Калтырбай жыйып алыптыр.
Ийин жасап цементтен,
Ирээти менен багыптыр.

Кундуз, Түлөн[1], Кош Канат,
Бул үчөөнү бир багат.
Кош канаттын канаты,
Боорунда жүрөт самсаалап.

Кургак бака, Таш бака,
Курсагы чоң Чаар бака,
Айбандардын баарысын,
Асырап баккан ар жакка.

Кара, сары, жашыл, боз,
Кескелдирик ар түрдүү.
Бир-бирине жабышып,
Адамдарды күлдүрдү.

[1] *Түлөн* – тюлень дегени.

Кара жылан, Сары жылан,
Карагандай Мар жылан,
Тилин сунуп соймондоп.
Тиктеп турат ар жылан.

Оозун ачып бир жылан
Октурулуп аргыган.
Ошонусу чоң экен,
Жыландардан абыдан.

Айбандын бири Эчки эмер,
Ажалдуугa кез келер.
Ар кимдин сырын тааныган,
Адамдан чыгат эң чебер.

Боору кара, сырты чаар,
Биз билбеген айбандар.
Москвада музейде
Шумдуктардын баары бар.

Мышык, Мадыл, Илбирстер,
Арстан баатыр, Жолборстор.
Катар жатат багылып,
Кара Кулак, кабылан эр.

Кара аюу, Боз аюу,
Цементтен үңкүр жасалуу.
Жасалма көлдүн ичинде,
Жалпаңдап сүзөт Ак аюу.

Жети түрдүү уйлардан,
Уй сүрөттүү далай жан.

Биз көргөндөн экөө бар,
Бешөө кайдан табылган?!

Өркөчү бийик аркайган,
Астыңкы эрди шалпайган,
Төө дагы бар музейде,
Төрт таманы талпайган.

Үшүсө ташка бекинген,
Улагы жарда секирген,
Үчтөн төлдөп жылына,
Үч жылда онго жеткирген.

Мүйүзү темир ороктой,
Туягы таштай, болоттой,
Эчки да бар музейде,
Сааса сүтү булактай.

Жакшы багып түлөткөн,
Кеми жок тарткан сүрөттөн.
Жылкынын көрдүм сонунун
Жал, куйругу татына,
Тарап койгон жибектей.

Кулан менен Бөкөн бар,
Кулжасы менен Аркарлар.
Өзүнчө турат бир жерде,
Өркөчү жок Кызыл нар.

Эшек, Чочко, Ит турат,
Тирүү айбандар бүт турат.

Иттин көнгөн адаты,
Капкысы келет ыркырап.

Экиден, бирден алынган,
Жер жүзүнүн айбаны.
Аз болсо алты чакырым,
Ал музейдин аймагы.

Эчки, Теке, Кийикке,
Умтулуп коёт тайганы.
Иттигинен умтулат,
Жетип тиштер жайдабы?!

Көрүп турсаң Жирафты,
Ой менен жасап алгандай.
Ойкуштанып турганда,
Адам койбойт таң калбай.

Түрү курсун Бегемот,
Ал жандар эмес көргүдөй.
Талаада кокус жолукса,
Жүрөгүң чыгып өлгүдөй.

Дагы бир тукум жылкы бар,
Бээлери тайдан кичине.
Айырып көрсөң эшектей,
Береке кылбайт кишиге.

Бедери чаар Безбелдек,
Көргөнү келет элтеңдеп.
Канатын күүлөп Тоодагы,
Жорголоп коёт дегдеңдеп.

Каракуш жүрөт Кашкалдак,
Суучул Чулдук, Ак чардак.
Суу куштарды кастарлап,
Көл курган өкмөт ардактап.

Ошол көлдө ойногон,
Каз,Өрдөгү, Куулары,
Аңыры кошо аңкылдап,
Ушул куштар суудагы.

Ак Кажыр менен Көк жору,
Андан бери Боз жору.
Зоо жасаткан цементтен,
Ушулар куштун чоңдору.

Бүркүттөр шаңшып эригип,
Арбайтып бутун чоюшат.
Качыруучу эмедей,
Канатын күүлөп коюшат.

Кулактары тикчийип,
Үкүсү бар чакчайган.
Жүдөгөнсүп, үрпөйүп,
Жүндөрү узун саксайган.

Кызыл Тоту, Сары Тоту,
Жашыл, аппак, Чаар Тоту.
Учуп-конуп чукулдап,
Ойноп жаткан ар Тоту.

Кооз Тоту куш, Төө куш бар,
Чүйлү, Туйгун, Боз куш бар.

Учуп конуп желпилдеп,
Жүрөт дагы Ызгыттар.

Ийри тумшук куштардан,
Турумтай, Кыргый, Ылаачын.
Ителги, Шумкар жайылтып,
Керип коёт кулачын.

Күйкө менен Жагалмай,
Күндүк жемин табалбай.
Музейдеги айбандар
Бош турушат байланбай.

Чабалекей, Карлыгач,
Учуп конот зоосуна.
Чымын ташып келишет,
Уясынын оозуна.

Айры куйрук, Кулаалы,
Музейде экен бу дагы.
Ушул жерде алардын,
Кызык туут убагы.

Алагүү, Бактек, Көгүчкөн,
Аралаш жүрөт музейде.
Музейге барса табылат,
Бул өндүүлөрдү издесе.

Кара боор Кыргоолдор,
Каршы-терши жорголор.
Багуусунан карасам,
Баарынан таза ошолор.

Тукумдатып өстүргөн,
Тоодак менен Уларды.
Тооктон жакын үйралтып,
Көндүрүптүр буларды.

Чил, Бөдөнө, Кекилик,
Жүрүшөт ойноп секирип.
Бөдөнөнүн адаты,
Коркуп калат бекинип.

Көк моюн Таан чукулдап,
Турган жери бир топ бак.
Кызыл тумшук Чөкөтаан,
Кузгуну кошо куркулдап.

Ала карга, Көк карга
Кара карга, Чаар карга,
Тукумдаган музейде,
Жасап койгон жарларда.

Сай Сагызган, Сагызган
Аны да бир топ багышкан.
Дүр-дүнүйө жандарды
Кайдан таап алышкан?

Узун тумшук, Узун бут,
Каркыра, Турна, Илегилек,
Кара Кунас кошулуп,
Суула жүрөт балыр жеп.

Сегиз түрдүү балык бар,
Баары жылуу, жай муздак,
Үстүнө айнек жабылган.

Кескелдирик, Ийнелик,
Кишини көрсө ийменип,
Жатып калат жалт берип,
Сойлой албай сүйрөлүп.

Музейдеги айбандын
Баарысынан чоңу – Пил.
Түрү суугу ичинен,
Кескек менен Крокодиль.

Айнек тордун ичинде,
Көсөм менен Сары аары,
Кошо жүрөт багылуу,
Көнөк аары, Бал аары.

Сары короолуу, Куркулдай,
Сайрай берет бир тынбай
Койчуну туурап ышкырган,
Котуракай Чакчыгай.

Кара торгой, Боз торгой,
Катар сайрайт козголбой.
Ар сонунду көргөндө,
Каламым турбайт оштонбой.

Пашайы Чымчык – Сарала,
Ал Чыйырчык карала.
Койчу кара Карагач,
Кошо баккан жана да.

Бак ичинде сайраткан,
Булбул чечен, Күкүктү.

Сагызганга кошуптур,
Сарайгыр, Сасык Үпүптү.

Канатын күүлөп сайраган,
Кара борчо, Татал бек,
Тарбияда багылат,
Конок менен таруу жеп.

Жайнап жүргөн Таранчы,
Жылкычы Кучкач, Ак журтчу,
Мына сонун баарысы,
Музейдеги канаттуу...

*1936*

## АСЫЛ ТУКУМ ЖЫЛКЫ

Асыл тукум жылкыларды сындасам,
Алчандаган айгыр, аты буура сан.
Катарлашып аскер минип баратса,
Кетмен соору, кулактары күйгөн шам.

Кулундары асый менен быштыдай,
Кур семирсе, жайы-кышы кетпейт май.
Башка малда алып учар канат жок,
Адамзатта асыл тукум жылкыдай.

Күзгү сындуу көзү тунук жайнаган,
Көктөм жазда гүлдүү беде аймаган.
Жакшы суутуп, жайлуу жерге чу койсо,
Жардан, андан жалтанбаган, тайбаган.

Азый, бышты алчактатып субайын,
Жаш айгырдан жараштырып жубайын.
Жакшы баксак жылтылдатып өрүштө,
Көрөсүңөр асыл малдын убайын.

Эркин доор, эмгек байлык күнүндө,
Майда жылкы сапаты жок биринде,
Саасаң булак, минсең канат учарга,
Асыл жылкы пайда берет түбүндө.

Асыл айгыр, асыл бээден багалык,
Жал, куйругу жибек сындуу таралып.
Мужурайган мууну кыска жылкыны,
Жакшы карап, асылдантып алалык.

*1938*

## ЖЫГАЧТАР МЕНЕН СЫРДАШУУ

Кош, аман бол, кең Фрунзе борборум,
Калем алып катка киргин оң колум,
Деп, ошентип мен жөнөгөн сапарда,
Бакты тилеп бара жаткан жолдомун.
Куштай учкан бир жоргону мингенде,
Комуз күүлөп кулактарын толгодум.

Көргөнүмдү чыгарбадым санаамдан,
Бир түп өрүк бүрсүз тегиз агарган.
Жел, шамалга желбиретип гүлдөрүн,
Күлүмсүрөп туш-туш жагын каранган.
Көк жыбырап, жаңы чыккан убагы,
Өрүк гүлү кандай нурга жаралган?!

Сурайын деп, жетип бардым жанына,
Көзүм тойду гүлдөрүнүн агына.
Оору жүрөк айыккандай кымылдап,
Шаттанат күн жаркыраган шаңына.
Өрүк мага өзгөчө кооз көрүндү,
Ак жибектей асыл киймин жамына.

Ал өрүктүн алган гүлүн сурадым,
Комузумду күүдөн күүгө бурадым.
Эмне жоопту берер экен өрүк деп,
Шаттык менен шашкаландап турамын.
Ал өрүктөн шайырланган үн чыгып,
Тыңшай калып тынчымды алды кулагым.

Ө р ү к к ө с у р о о:
Аппак болуп, көз кубанттың өрүк сен,
Жаз алдында жаңы гүлүн кийинген.
Жалтылдаган жамалыңа бурулуп,
Өзүң менен сүйлөшкөнү келдим мен.
Жазгы шанда бирөөң эмес жабыла,
Жаркырашып жасандыңар баарың тең.

Тулку боюң ширеткендей күч үйгөн,
Жамалыңа жарык нурлуу күн тийген.
Жан-жагында гүлсүз, бүрсүз көп жыгач,
Күлүмсүрөп күндө сага баш ийген.
Бүр ала элек башка жыгач көгөрүп,
Жаздын көркүн жаркыраттың жалгыз сен.

Мындай гүлдү көргөнүм жок көп жерден,
Чын сырыңды билейинчи мен сенден.
Жадыраган жайык түздө ыргалып,

Гүлүң жайнап күлүмсүрөп теңселген.
Карлар кетип, муздар эрип, жер балкып,
Өрүк сага эмне болду дем берген?

Жагалданып жоодурайсың, күлөсүң,
Жакшынасың, ачык айрым мүнөзүң.
Жазгы желге боюң балкып ыргалып,
Көз уялтар көркөм, сулуу бир өзүң.
Ай жарыкта ак күмүштөй шагыңа
Миң кубулта булбул сайрап түнөсүң.

Жаратылып келип кеткен эчендер,
Жаагы тынбай мактайт сени чечендер...
Жайнап жашыл торколоруң жамынып,
Кызыл-тазыл гүлүн ачат кенен жер.
Шактарыңды жарашыкка оротуп,
Шаңкылдаган шайыр өрүк жооп бер!

Ө р ү к т ү н   ж о о б у:
«Сурасаң мен жол боюнда бир өрүк,
Бул сурооңо жооп берип көрөлүк.
Асылданып, ак жамбыдай кийинип,
Адам уулун карап тургам делөөрүп.
Бүрүм түшүп, гүлдөп мөмө байлаймын,
Көлөкөмдөн жай аласың жөлөнүп.

Алча, анар гүлдөп тизет берметин,
Биз бышканда коолдук басат жер бетин.
Биздин мөмө тегиз бышкан убакта,
Алты ай багып, терлери аккан эл жесин.
Кышкы чилде – кыйынчылык каардуу суук,
Сиз, биз эмес, кара ташка келбесин.

Тамырымды жер алдына катырып,
Өз боюма каардуу тырмак батырып,
Кыш айларда кыса кармап кыйнаган
Жазгы нурдан кетти бизден тон чыгып,
Ден жайылып, делбеленип жан кирип,
Гүлүмдү ачып, жаркыратты күн жылып.

Алча жүзүм абдан алат мөмөсүн
Андан сонун далайларды көрөсүң.
Бардык жыгач арасында жемиштин
Бирин койбой билдирейин көр өзүң.
Жайкы аптап, кышкы суукту көрбөгөн
Жаның жаңы жаралгандай ким өзүң?

Тышы кабык, ортосу сөөк, ичи май,
Жыгачы кооз, жалбырагы табактай.
Тегиз бышып, күбүлгөндө шагырап,
Таттуу жемиш табылабы жаңгактай?
Тамшандырып таңдай менен тилиңди,
Татымы бар мөлтүр сары набаттай.

Бадам да бар, шабдаалы бар, мисте бар,
Бул айтылган бардык жемиш бизде бар.
Өмүрүңдө көрүп турсаң биринчи,
Адам уулу сенде биздин ыктыяр.
Унут калса айтпай койду дебегин,
Айтылбаган нечен жемиш мыкты бар.

Киш-миш, мейиз, айтам жана курманы,
Жесең сонун жемиштердин жыргалы.
Жерден боорун эми жаңы көтөргөн,
Кыраан чилде кышкы суукtun кылганы.

Кардуу суук, катуу тоңдон ажырап,
Аз күн болду көңүлүбүз тынганы.

Мынча менден сөз сурадың, шашпагын,
Берер жоопко мени кошо маштадың.
Жер бетинде бардык чыккан жыгачтын,
Жолукканда жообун сурай баштагын.
Өз-өзүнөн чынын сурап укпасаң,
Сырын билбейм мөмөлөрдү башканын.

Ачып гүлүн, жайнап бүгүн мөмөлүү,
Бардыгыбыз жаздын күнүн көргөнү,
Тирилишти ойдон, тоодон жабыла,
Кардуу бороон, катуу суукта өлгөнү.
Тамырына суу жүгүрүп, жер ысып,
Жаш чыбыктар жасанышты өңгөнү.

Быйылкы жыл келди бир аз кечигип,
Туш-туш жактан түйүндөрү чечилип.
Туура бутак, турган муундун баарына
Мөлтүрөшүп мөмө чыгат тизилип.
Жашыл бүрдүү жалбырактар бышышат,
Кур кулундун казысындай эзилип.

Кулачымды туш-туш жакка керемин,
Кубатымды бутагыма беремин.
Сен да, мен да жаздан ары көрөбүз,
Жыпар жыттуу сулуу жаздын керегин.
Унутулуп кеткен экен эсиңден,
Өткөн жылы мен бышканда жегениң!

Баарыбызды тигип багып өндүргөн,
Адам сенсиң ар жорукка көндүргөн.

Мына жаздын касиети барынан,
Бүтүн дүйнө жер бетине дем кирген.
Бардык мөмө байлай турган жыгачтын,
Жообун бердим жолдон тосуп жалгыз мен.

Сен жолоочу кечикпеген жолуңдан,
Сени менен бара албаймын мен мындан.
Табигаттын күчү менен жаралып,
Сен да, биз да жер бетине таралган» –
Деп, ак өрүк күлүмсүрөп ийилип,
«Кайыр, кош» – деп, кармай калды колумдан.

К а р а г а й г а  с у р о о:
Жообун уктум жол боюнда мөмөнүн,
Андан чыгып арыштадым жөнөдүм.
Эчен күнү жер арылта жол жүрүп,
Көрө албадым жемиштүүдөн бөлөгүн.
Билип көрсөм деген максат менде эле,
Жыгачтардын бир-бирине көмөгүн.

Өрүк менен жооптошуп баратсам,
Жүрөк туйлап, алып учат канатчан.
Ой-тоолору карайыңкы көрүндү,
Шамдай жарык көздүн курчун жумшасам.
Баары сыйда, асмандаган карагай,
Туш-тушуна бутактарын тараткан.

Тура калдым калың токой четине,
Көз жумшадым карагайдын бетине.
Карагайлар корккон өңдүү үрпөйдү,
Айта салдым: «Кыркабы – деп, – шекшибе!»
Ат чалдырчу ач жолоочу сыяктуу,
Мен отурдум бетегелүү секиге.

Сөз сурадым карагайдан бир баштан,
Мен жолоочу жыгач менен сырдашкан.
Жолум алыс кечикпейин деп ойлоп,
Сыр алдырбай сурай бердим бир баштан.
Көп чочутсам сырын айтпай коёр – деп,
Алдап-соолап айттырамын аз-аздан.

«Алыс жерден көрүндүңөр карарып,
Ачууланып акырая каранып.
Селкилдетип жел шамалга чачыңды,
Каарланып кайта-кайта таранып,
Эминеден коркосуңар элеңдеп,
Бүт жыгачтан боюң бийик жаралып?

Чоң араам жок, чочубагын кыркпаймын,
Ак балта жок, анык ишен жыкпаймын.
Жакындасам жалтанасың солк этип,
Эсиң чыгып, эмнеликтен муңайдың?
Жалтаңдабай жакшы жооп бер карагай
Бир нечесин көргөндүрсүң мындайдын!

Боюң узун, өсө берип асмандап,
Корккон өңдүү көз карашың чакчаңдап.
Сенин дүргүп үркүшүңө карасам,
Койгонсуң го корголоочу жай камдап?
Шамал тийсе шашкалаңдап оолугат,
Бутактарың булкунушуп арбаңдап!

Өмүр бою кете аласың көк бойлоп,
Качан көрсөм жашылданып тоо, ойдон.
Арча экөөңдөй кубарбаган кубатты,
Биз издесек таппайбыз го оңойдон?

Жаралгандан жайы-кышы жапжашыл,
Куурабаса кулач керип чоңойгон.

Күздө куурап, бүрүң кандай түшпөгөн?
Кышкы чилде кысып турат күч менен.
Арча экөөндүн касиетиң кандайча,
Жайда күйүп, кышкы суукта үшүбөгөн.
Кумар канып, кубатыңды угууга,
Бир сырдашып көрмөк элем сиз менен!

Тар капчыгай, татаал зоодо арчалар,
Арча экөөндүн жакындыгың канча бар?
Жазда бүрдөп, жайда көпкөк, күз куурап,
Күн өткөргөн сенден башка жыгачтар.
Кайың терек, кара жыгач, талдарга
Кандай тийбейт арча экөөндүн наркыңар?

Бу сөзүмө жооп кайтаргын, угайын,
Мен жолоочу жөнөйүн деп турамын.
Куурабаган кубатыңды айткын – деп,
Көңүлгө алып кадыр салып сурадым.
Сураган сыр-сыпатыңы жашырбай,
Ачык-айкын айтып берер убагың!»

К а р а г а й д ы н ж о о б у:
«Узатайын жооп берип мен сага,
Менин жердеп турган жерим ээн талаа.
Торгоп-торгоп ар кайсыдан бир сурап,
Кайдан келип тура калдың сен бала?
Айылда өсүп ата-бабаң көргөнсүп,
Асыласың сыр чубатып сен мага.

Мен жарданып тоого чыккан карагай,
Туралбаймын туш-туш жакты карабай.
Мен сырымдын баарын айтып бүткөнчө,
Жолдон калып кечигесиң бир далай.
Биз жаралып, жер жүзүнө чыккандан,
Өмүрлүккө конушубуз ушул жай.

Бир заманда ажыраткан бүрүмдөн,
Күздө куурап, бири калбай күбүлгөн.
Адам уулу ал сураган жок эле,
Чын сырымды чыгарайын бүгүн мен.
Жаңы таанып, жакшы сөзгө келиштик,
Жаңылбастан жайлап уккун түбүмдөн.

Мен дос элем сөксөөл менен айрылбас,
Көпкөк болуп, бүр алчу элем жылда жаз.
Ортобуздан ушак-айың кеп чыгып,
Угулган соң таарынынштык эки дос.
Сөксөөл достун бир мүнөзү бар эле,
Кара мүртөс таарынганда жазылбас.

Ошондуктан, сөксөөл болду мага кас,
Ортодогу ушакчылар жарыбас.
Качырышса кайра тартып койбогон,
Жалтанбаган жалын жүрөк мен да жаш.
Атышканда мергендикке дагы маш.

Камыништы сөксөл мерген «сага» – деп,
«Сенин камың душманыңа кана» – деп.
Ушак айтып утур келет долоно,
«Сен озунуп сөксөөлдү саба!» – деп,

Башка тикен сөксөөлгө барышат
«Сен озунуп карагайды тала!» – деп.

Сөксөөл атып, ок чыгарды эң мурда,
Огун тосуп, тура бердим мен кырда.
Мынча келип, сураган соң айтайын,
Жакшылап ук, кулак салып чын сырга!
Жапырандап жапырт сөксөөл атканда,
Жабыла чаап, биз да чыктык кыр-кырга.

Мына урушуу, мына майдан көрүндү,
Капталдарым аткан окко бөлүндү.
Ошончолук кызыл-кыргын урушта,
Кан чубуртуп, кантип ачам көңүлдү?
Бүткөн бойго тийген окту силкинсем,
Бошондору бош адырга төгүлдү.

Сөксөөл да атты, мен да аттым алыстан,
Экөөбүз тең атуу жолун таанышкан.
Аткан сайын сөксөөлдүн октору,
Сая кетпей бүт боюма жабышкан.
Жерге жакын эрбеңдеген эр неме,
Бу да качпай тайбай турду намыстан.

Качып чыкпай ак асаба тоолорго,
Корголобой кең капчыгай коолорго,
Турсам дагы жер жүзүндө жыгачтан,
Жолободу өмүр жолдош болорго.
Чымырканып моюн созуп караймын,
Өңкөй аска, көк жалама зоолорго.

Сөксөөл качты кумду карай куланып,
Жалгыз калган тамыры бар чубалып.

Жанталашып жарым жандуу бечара,
Араң кетти ара жолдон буралып.
Аска-зоолуу Ала-Тоонун боорунда,
Карап турдум кутулганга кубанып.

Мен дагы эле жол тосомун жылына,
Сөксөөл барып жан сактады кумуна.
Биздин минтип душмандашып кетүүбүз,
Тикендердин бузуктугу чынында.
Уруш бүтүп, ушак кетип, биз карып,
Мына келдик бир канчалык кылымга.

Ал урушта мен да шайлуу күтүндүм,
Көбү кетти урушканда күчүмдүн.
Сөксөөлдө бир тамырынан башка жок,
Тамырларын таамай атып бүтүрдүм.
Эми да бар жакшы байкап карасаң,
Ошондогу оргуштаган түтүнүм.

Бу кубатым сөксөөлдөрдүн октору,
Тешип өтпөй, тепчип-тепчип токтоду.
Күздө түшпөс, кышта үшүбөс жашыл бүр,
Ошол октун кубатынан окшоду.
Бул окуя болуп өткөн тээ качан,
Ал бир заман адам уулу жоктогу.

Өмүр бою өңү өчүп кубарбас,
Эчен кылым өткөрсө да өзү жаш.
Тоосуз жумшак, ташсыз жерге чыкпаган
Олуттары зор капчыгай, тармал таш.
Жаралганда суусун ичип мүрөктүн
Арча жашыл, касиеттүү бир жыгач.

Көк жибектин келебиндей түрлөрү,
Ал мүрөктүн суусун ичкен күндөрү.
Касиеттүү арча экен дегеним,
Куурабастан кубат кетпей бүрдөдү.
Менин боюм узундугу болбосо,
Мендей экөө чоң арчанын түрмөгү.

Далай узун жайлуу жерге чыкканы,
Күчү бардан көбү ташка ыктады.
Кээ бирөөнүн кулачтары жайылып,
Бутагымдан бир канча узун бутагы.
Кууларынан шамал болсо буркурап,
Сулуулардын тамагындай жыттары.

Касиеттүү жыгач дейбиз арчаны,
Биз эле эмес адамзат да мактады.
Куурабаса жашылданып жайдыр-кыш,
Өмүрүнчө өзүн көпкөк сактады.
Башкабыздай чирип койбойт арчанын,
Кырк жыл кыйрап жер алдында жатканы.
Сөксөөл атып, менден түшкөн огунан,

Өзүм жасап чыгаргандай колумдан,
Дагы сага эскертейин уга кет,
Мен билемин сен билбеген сонуңдан.
Чын сөзүмдү жалган ойлоп жүрбөгүн,
Ошол күндө сен жанымда жогуңдан?!

Түшкөн октон көкмөк[1] менен чекенди,
Көрө албайсың ал экөөндөй бекемди.

---

[1] *Көкмөк* – тоодо өсүүчү майда жыгач.

Өзү майда такыр түшпөс бүрү бар,
Татаал таштуу капчыгайга бекинди.
Түшкөн октон экөө – көкмөк, чекенди,
Сөксөөлүндүн касиети бекерби?

Күздө бүрүн кууратпаган төртөөбүз,
Анык узун арча менен экөөбүз.
Тамыр чирип талкаланып жыгылып,
Куурабасак нечен кылым өсөбүз.
Тукур, бужур, ийри чыгар арчадан,
Бир карагай аткан октой анык түз.

Өз чачыгым башымдагы тобурчак,
Бутактарым сөксөөлдөрдөн тийген ок.
Аңдып келип, дагы сөксөөл атат – деп,
Моюн созуп, карап тургам кокондоп.
Ушунчалык октун уусун көтөргөн,
Чыпчыдамкай кайраттуудан мендей жок!

Угуп болсоң жолдон калбай жөнөгүн,
Өз-өзүнөн сурап уккун бөлөгүн.
Пикирлешип бир канчалык сүйлөшүп,
Бүт жыгачтын сырын айтпайт дебегин.
Ар кимиси ар башкача жаралган,
Баарын бийлеп кантип жооп беремин?»

К а й ы ң г а с у р о о:
Карагайга кош айтышып келатсам,
Бир топ жыгач дагы көрдүм араактан.
Алар дагы көңүлүмдү кубантты,
Шагы сайын атыр жыттуу бүр ачкан.
Барсам кайың жаңы көктөп турган кез,
Дагы токтоп, сөз сурадым бир баштан.

Куттуктаймын, жаңы чыккан бүрүңдү!
Жаркылдатып дагы ачасың гүлүңдү!
Жакшы жооп бер, жайлуу жерде угайын,
Жазгы шаңдуу шаңшып чыккан үнүңдү.
Өгүнчөрөөк кабак бүркөө капа элең,
Эми көрдүм эч кайгысыз түрүңдү.

Кабат-кабат кабыгың бар оронгон,
Жаштарың көп жаңы өспүрүм торолгон.
Жоого сүрдүү, жолборс жүрөк аскердей,
Ирээт менен катар турат оң-солдон.
Тал жибектей самсаалаган чырпыгың,
Буралышып бир-бирине оролгон.

Бүт жыгачтын бир түрдүүсү кайыңсың,
Дайым көрсөм – терек экөөң айылсың.
Ээрге эптүү, түндүккө түз жаралган,
Көп жыгачтан көрүнүшүң көзгө чың.
Сыпатыңды сынап көрсөм алыстан,
Өзгөчө бир сулуусусуң жыгачтын.

Алма, өрүктөй сенде кандай, мөмө жок?
Карагайга тийген экен нечен ок.
Козголбогон коңурусуң жыгачтын,
Чычырканак, долонодой эмес шок.
Берекелүү пейли кенен эрлердей
Көз кубантып, көп жыгачтан көөнүң ток.

Кара жыгач катар чыгат суу бойлоп,
Теңселесиң, теминесиң желге ойноп.
Жол боюнан жолукканым – сырыңды
Токтой калдым, угайын деп мен ойлоп.

Ачык сырды ала качса жүрөктөн,
Аны айтпай ичке катып ким коймок?

Сөздөрүмө кечиктирбей жооп берсең,
Теңтуш өскөн терек менен экөөң тең.
Бүт дүйнөдө толуп жатат токойлор,
Мындан мурда сыр сураган жок элем.
Бардык жыгач жер байлыгы чынында
Мына силер түгөнбөгөн түптүү кен.

Кайыңдын жообу:
«Жол боюнда амандыкты сурадың,
Жооп берейин чындык болсо угаарың.
Капам качып, бүрүмдү ачып бүгүн мен,
Жаным сергип, жарпым жазган убагым.
Нечен ысык, нечен суукту өткөрүп,
Жаз нурунда жаркып күлүп турамын.

Бүрүм куурап, өткөн күздө кубүлгөн,
Өлдүк ко – деп, кышкы суукtan түңүлгөм.
Катар-катар кабыгымды сурадың,
Киймим ушул кышкы суукка кийинген.
Ак кар, көк муз, аяз кышка көнгөнбүз,
Жаздын деми жанды кайта кийирген.

Мөмөсү жок, жыгачы артык көбүнөн,
Карагай, арча кубарган жок көгүнөн.
Бүрүм түшүп, өзүм үшүп бүрүшүп,
Кышкы күндө карыгандай көрүнөм.
Сырларымды бугуп жаткан ичтеги,
Чын жүрөктөн азыр сага төгүлөм.

Сасык кайың, ак чечектер, тал дагы,
Бүрү куурап, мендей болот ал дагы.
Мына терек баары турат беш түрдүү,
Миң сабында бир жалбырак борпулдак.
Мелдештирсең менден бошоң дарманы.

Бака терек, чынар терек, көк терек,
Билесиң го, андан башка көп терек.
Ат-атынан айтып бер деп кыйнарсың,
Анын баарын айта бериш не керек?
Жарамталдуу жакшыраагы ак терек,
Эң узуну мырза терек, бай терек.

Топ-топ шуру чачысына тагынган,
Сулуу кызча упа, эндик жамынган.
Отко жаксаң түтүн чыкпас ак билек,
Ар четиндин арасынан табылган.
Кызыл шуру, кыздай сулуу четинде,
Жайдан кышка өчпөс нуру бетинде.

Катырыңкы кара жаңгак, жийде, тыт.
Тытты жеген шабыратып жибек курт.
Кыз-келинге асыл жибек кийгизген,
Курт болсо да кубаты мол ал кызык.
Тытты багып, куртка салып жол тапкан,
Асыл кийген адам уулу Ата Журт.

Чапка чыккан кадим менен жаргылчак,
Ишенбесең барганыңда издеп тап.
Түбү жакын дүмүрү чоң, өзү оңой
Таап алсаң, чоң балталап жара чап.
Сөксөөлдөрдөй берекелүү жакканга,
Аз болгондо бир тамыры беш кучак.

Катын жаңгак, кара моюл, карагат,
Карагатты бышкан кезде терип, тат.
Кандай сонун тергенинде жеп көрсөң,
Шириндиги шилекейди чубуртат.
Арбын жесе тил жарылып ачышып,
Тамшандырбай тамагыңды курутат.

Аса-муса, шилби менен ыргайдан,
Мелдешсең да бектиги бар ыргайдын.
Ушул айткан улуу, кичүү жыгачты,
Ар убакта мен да көрүп сындаймын.
Мына бүгүн бүрүм жашыл жибектей,
Жаздан, жайдан күзгө чейин жыргаймын.

Мына ушул жер жүзүндө көп жыгач,
Күздөн кышка бардыгыбыз жылаңач.
Коңур күздө дагы келип бир көрсөң,
Эч бир калбайт башыбызда жалгыз чач.
Көрөр болсоң жайы менен көрүп ал,
Кыш күнүндө жакындабай алыс кач.

Сен жолоочу кечикпегин жолуңан,
Көп сүйлөштүм көңүл кирим жогунан.
Бардык жыгач, бардык тоо, таш, бардык жер,
Бошонушту кыштын кыскан тоңунан.
Адам уулу эсине алган жок эле,
Келе досум, бир кармайын колунан!»

Деп, бутагын кайың ийип апкелди,
Буралышып бутак колун маа берди.
Ар жыгачтын тилин билип сүйлөшүп,
Сапарымда көрүп келдим көп жерди.

Кол кармашып, кайың менен коштошуп,
Жана көрдүм каман тиштүү «эрлерди».
Азуулары чарыкка тарткан бычактай,

Жаны болсо кармай турган кучактай.
Жана басар төрт аяктуу жан болсо,
Чамынышы чакчаңдаган курч аттай.
Жер үстүнөн жети айланып качса да,
Желмогузга жете турган бурчатпай.

Азууларын алда кандай арсайткан,
Буту-колун бута атымдан тартайткан.
Түрүн көрүп, түсүн таанып жакындан,
Тике аралап, кире албастан эч бир жан.
Качыруучу калкан кулак камандай,
Тикендүүлөр түрү суук жаралган.

Барып турдум бир тикендин түбүнө,
Кулак салдым корсулдаган үнүнө.
Көз жиберип, көпкө сынап олтурдум,
Тикендердин жаратылган түрүнө.
Бүрү жокто бүтүн баары окшошот,
Чөлдө чаян, сууда жылан сүрүнө.

Д о л о н о г о с у р о о:
«Кимсиң?» – десем: «Менмин – деди долоно
Келбе жакын, адам уулу, жолобо!
Карышкырга кирбесин деп бекитип,
Нечен кесип, кашаа кылдың короону.
Келиптирсиң узак жолго баратып,
Бура тартып менден бир сөз суроого».

«Жооп сурасам, опурандап тилдейсиң,
Оройлонуп, оолугасың, жиндейсиң.
Үрөйүң суук, үксөңдөгөн тикенек,
Сен адамдын касиетин билбейсиң.
Сени менен сүйлөшүүгө мен келсем,
Турпатымды адам эмес ким дейсиң?

Тоо, таш, жер, суу – бардыгы тең багынган,
Дүр-дүйнөнү алам десе табылган.
Жаралганда адам артык жаралып,
Сонун мүлктөр мени алат деп жагынган.
Адамзаттын асылдыгын мындан бил:
Жакут, дилде, каухарларды тагынган.

Мен боломун адамзаттын акыны,
Акындыкта акындардын акылы.
Сөзгө канып, кулак салып олтурса,
Биз болобуз ышкылуунун жакыны.
Сен кимсиң, – деп, суроо бердиң озунуп,
Долоно деп айтып өттүң атыңы.

Кайың, терек, карагайлар миң-сандан,
Көргөнүм жок, көп аралап сени андан.
Жаралгандан адетиңби долоно,
Жалгыз калып, жаны капа муңканган?
Же жолотпой, кууп салганбы, өзүңдү,
Боюндагы тикенектүү кылкандан?

Кубатың жок карагайдай, арчадай,
Же мөмөң жок өрүк менен алчадай.
Тикенекти не себептен алгансың,
Же энчиңди алдың белең байкабай?

Ошол бойдон ачууң келип кумсарып,
Калды беле кайгың ичтен таркабай.

Чырпыгың жок кара жыгач, кайыңдай,
Жол карайсың көздөрүңдү айырбай.
Жаралгандан мекен курган жериңби,
Өнүп чыгып, өзүң турган ушул жай?
Тикениңди аз чыгарсаң болбойбу,
Бойлоруңа шыгырата сайынбай?»

Д о л о н о н у н ж о о б у:
«Сен сурадың, чын жообумду берейин,
Эми сага, анык сырга келейин.
Мурункудай ушак менен сөөдүрөп,
Жалган сөзүн жаап-жашырат дебегин.
Эки досту бир-бирине кас кылып,
Эч адамга тийбей калды керегим.

Тикенекти менин алган жөн-жөнүм
Нечен бузук иштерди мен көргөмүн.
Ички сырды сага кантип айтпайын,
Сыйкылыктан мына биздин көргөн күн.
Уяты жок бузуктугуң чын болсо,
Окшош экен тирүүң менен өлгөнүң.

Карагайга калп айтпайбыз катышып,
Сөксөөлдөргө ушактадык чатышып.
Ошол биздин чагым ушак кеп менен,
Ал эки дос душмандашкан атышып.
Эси кетип, эч айласын таба албай,
Жай алышкан эки жакка качышып.

Сары жыгач, чычырканак, ит мурун,
Тулку бою миң сандаган ийнелер.
Ошол күндө оюбузда жок болчу
Сөксөөл тургай, олуядан ийменээр.
Карагайдан кан чубуруп турганда,
Анан бизге каяша айтчу кандай эр?! –

Деп, жүргөнбүз, кирип көрчү аралап,
Туш-тушундан биз чыгалык сагалап.
Жаның тирүү жайы-кышы ооруйсуң,
Тикенектер тийген жерден кан агат.
Келчи бери, кайратың бар эр болсоң,
Кетээр элең бүткөн боюң жаралап.

Ушак менен чагым сөзду жүргүздүк,
Бир-бирине шыкак кылып, күч берип.
Ошол үчүн бириндетип жиберген,
Чогуу койбой, ар тарапка миң бөлүп,
Шыгырата тикен алып найзадай,
Ар бир жерден келатабыз күн көрүп.

Кандим, зарык, сары жыгач, ит мурун,
Шамал болсо, бардык тикен жулкунуп,
Өмүр чиркин өтүп кетип баратат,
Арылбадык бул уяттан кутулуп.
Басар бут жок барбаландап коёбуз,
Ар бирибиз ар каякта тик туруп.

Бул дүйнөдө жан бар бекен армансыз,
Биз тикенди бузуктуктан алганбыз.
Алма, өрүктөй асыл баалуу жемиштен

Жалган, бузук, жалактыктан калганбыз.
Ушак-айың, уурулукту, чагымды,
Кесип кылып, биз ушинтип калганбыз.

Жалгыз тамыр, сөксөөл барып кумду алган,
Араң жетти алты конуп бейдарман.
Дагы келип атабы деп жол карап,
Карагайдын мойну көккө узарган.
Эл кылам деп, арачысы табылгы,
Сөзү өтпөй уятынан кызарган.

Асмандан куш, жерден жыгач, айбанат,
Суудан балык, тоо-таштан кен эчен кат.
Жансыз, жандуу жер, асмандан дүнүйө,
Бар эсебин табасыңар адамзат!
Жообун уктуң болгон бардык жыгачтын,
Кош, аман бол, жолдон калба азамат!»

Деген сөздү угуп чыктым тикенден,
Кандай сөз деп, аң-таң калып турдум мен.
Жыгач менен сүйлөштүм деп айтканга,
Кандай адам калп эмес деп ишенген?
Калпты чындык жеңип чыгат түбүндө,
Алып жаздым баштан өткөн ишимден.

Бу айтылган бардык токой ичинде,
Бүт аралап чыга алабы миң күндө?
Мунун баары бүт дүйнөнүн жыгачы
Мен ойлонуп, көрүп чыктым бир түндө.
Бу сөзүмдү көп адамдар ойлонуп,
Ишенишээр өзү көрсө ишинде!

Бирөө айтса ушак-айың чагымды,
Жандай достун жакшы көөнүн иритет.
Заардуу сөздөр балдай болуп айтылса,
Адам эмес кара ташты жибитет.
Чындык деген теңдеши жок асыл сөз,
Миң-миллион бузук сөздү чиритет!

*1940,*
*Арыс – Кавказ*

## ТУЛПАРЛАРДЫН СЫНЫ

Атырылтып жөнөсө,
Айбаты катуу шамалдай.
Качырышкан душманга,
Кан агызган кыяндай.
Аркар шыйрак, марал баш,
Казанат минген кыргыз эл.
Өлкөсү тулаң, жери чың,
Жүрөгү баатыр, эли тың.
Жыргап келген башынан
Жылкысы асыл кыргыздын!
Беш ай сапар жол тартса,
Бели кетип жоорубас.
Суусуз какыр чөлдөрдө,
Сыр алдырып ноюбас.
Тунук тулпар Аккула
Туягы болот көпкөк таш.
Туусун жайып, жоосун кууп,
Туйлатып минген эр Манас.
Баатыр Манас мингенде,
Баш тартпай жоого киргенде,
Жортуулга көнгөн, жолго маш.

Аккула тулпар, Айбанбоз,
Бир-биринен калышпас.
Анык кыргыз жылкысы
Чөлгө минсе чаалыкпас!

Жел кайып минсе желикпес,
Өлкө коргоп, ок атса,
Өпкөсү көөп демикпес.
Буудандыгы бир башка,
Бука моюн, мойну кез.
Жал-куйругун жайылтып,
Жоого кирсе октон тез.
Көкөтөй минип, жөө кууса,
Көк жолборс түрү көрүнгөн.
Жыбылжый басып жөнөсө,
Жылкыдан түрү бөлүнгөн.
Жаш Айдар минсе жарашкан,
Жарактуу малдан экен – деп,
Коңурбай, Жолой талашкан.
Көкөтөйдүн Мааникер,
Көрктүү кыргыз жылкысы.
Караңгыда жол жүрсө,
Карп алдырбас күндүздөй.
Кадиксиз тулпар Тайбуурул
Дабыртын жанга билгизбей,
Аярланып басканда,
Андыганы илбирстей.
Атасынын кунун кууп,
Бээжинди бузган Семетей.
Арыштап буту бүгүлгөн,
Алыска талбай жүгүргөн.
Адети ошол союлгур,

Айбандын алпы күжүрмөн.
Семетейдин Тайбуурул,
Сездүү кыргыз жылкысы.
Жекенди Жеткайт, Үргөнчтүн,
Ортосунда чураткан.
Андан алыс түйүлтүп,
Жардын боорун ураткан.
Качса октон куткарып,
Кууса жеткен ыраактан.
Чымчык учса селт этип,
Чыныгы тулпар чыдарман.
Суркоёндун белгиси,
Сууган сайын чыңалган.
Эр Толтойдун Суркоён,
Эркин кыргыз жылкысы.
Томуктай баскан тоолорду,
Тоо текедей чабыттап,
Аралаган зоолорду.
Арышын кере жүгүрсө,
Аттаган катар коолорду.
Туурасы ташты кыйраткан,
Туягы курч болоттой.
Чаткаяктын кеңдиги,
Чаткалдын чалкар колоттой.
Койгон эмес Алмамбет,
Качырган жоосун жоготпой.
Баткактуу жерге батпаган,
Башынан көнгөн адети,
Байлануу турса жатпаган.
Талас менен Бээжинге
Талыкпай жылда каттаган.
Алмамбеттин Сарала,

Анык кыргыз жылкысы.
Жоого минсе жалтанбай,
Жортуулга минсе аркардай.
Жол жүргөндө Чалкуйрук,
Жоргосун бузуп чайпалбай,
Жал-куйруктун кайраты,
Жапсарга чыккан чалкандай.
Баатыр Төштүк мингенде,
Жер алдына киргенде,
Жез кемпирди кубалап,
Жети жылы жүргөндө,
Арыктап эти азбаган,
Тукуму башка жылкыдан,
Тулпарлыгы жазбаган.
Туулгандан машыгып,
Туягын ташка маштаган.
Чачылуу тору Чалкуйрук,
Чаалыкпас кыргыз жылкысы.
Илгерки миң-сан тулпардын,
Кайсы бирин айтайын,
Жыргалдуу доор жарашып,
Жылкысы асыл кыргыздын.
Аттарыбыз бу күндө
Асыл тукум жаралган.
Агыта берсе арыгы,
Алты күн оттоп жал алган.
Кечки шамда оттосо,
Кемчил эмес маралдан.
Аттанып чыкса ойноктоп,
Ала качып элирген.
Акырда турса булкунуп,
Мамысын жаза кемирген.
Бак-таалайлуу кыргыздын

Балдары өсүп керилген.
Жыргалдуу биздин элибиз.
Жигити баатыр дедирген.
Жылкыбыз тургай советке
Жүрөгүбүз берилген.
Касиеттүү кыргыз эл,
Карысы жаштай көрүнгөн.
Тоо текедей түйүлтүп,
Толкундуу эрлер минсин, – деп,
Серeңдеген фашистти
Селдей каптап кирсин,
Алактаган шүмшүктү
Ак шумкардай илсин, – деп,
Аккуладан анча өөдө,
Алгарадан айбаттуу,
Акбуудандан кайраттуу,
Айбанбоздон сонундуу,
Карткүрөңдөн борумдуу,
Таза тулпар таасын ат,
Тартынбайбыз, беребиз.
Талпагын сыйрып фашистти,
Талкалайбыз, жеңебиз.

*1941*

## АСКЕРГЕ

*(Обондуу ыр)*

Сай сагызган сайда экен,
Сан жылкы колхоз пайда экен.
Сагындым көзгө көрүнбөйт,
Ой, менин санаалашым, кайда экен?!

Көк көгүчкөн сайда экен,
Көп жылкы колхоз пайда экен.
Көрүнбөйт көзгө элесиң,
Ой, менин көңүлдөшүм, кайда экен?!

Адырлуу тоодо бугу бар,
Армандуу жандын муңу бар.
Атыштың фашист жоо менен,
Ой, арманым кайдан угулар?!

Күнгөйлүү тоодо бугу бар.
Күйүттүү жандын муңу бар.
Күрөштүң фашист жоо менен,
Ой, менин күйүтүм кайдан угулар?!

Жазгы чыккан жашыл гүл,
Жамгырсыз гүлү солбойбу.
Жалынсыз жүрөк күйгүзбөй,
Өмүрлөш, жакындап келсең болбойбу?!

Күзгү ачылган көгүш гүл,
Күн тийген гүлү солбойбу.
Күнүгө жүрөк күйгүзбөй,
Өмүрлөш, көрүнүп койсоң болбойбу?!

*1945*

## АКЫНДЫН СҮЙҮҮСҮ

1922-жыл. Арабча так билген, өзү өтө келишимдүү бир келин бар эле. Ошого ашык болуп кат жаздым. Ал катты дайым ыр менен жазат. Келин кээде: «Аке», – деп жазат, кээде «Каке», – деп жазат, менин келинге биринчи жазып турган кезим.

М е н и н   к а т ы м:

«Алты арыш саяк элим – сен,
Айткым келет элирсем.
Алдыртан кыя караган
Айнектен чачын тараган,
Алтындан асыл келин сен.
«Алганым үйдө жогунда
Акем келсе» – дедирсем.
Ар жаман билбес баркымды
Алдына барып телинсем.
Күрдөөлдүү саяк элим – сен,
Күүлөнгүм келет элирсем.
Көргөндө кыя караган,
Күзгүлөп чачын тараган,
Көз айнектей келин сен.
«Күйөөмдүн үйдө жогунда,
Көрүнбөйт акем» – дедирсем.
Кээ жаман билбес баркымды,
Күнүгө барып телинсем».

К е л и н д и н   ж о о б у:

«Окудум катың келгенде,
Угулса болом шерменде.
Уятыма карабай
Убара кылчу эр менде.
Карадым катың келгенде,
Капыя сөзүң угулса,
Кайненем кылар шерменде.
Кадырыма карабай,
Ой, аке, капа кылчу эр менде.
Сиз сакалдуу кайнагам,

Кат жазба аке кайрадан.
Бардык кыргыз көп журттун
Булбулу болсоң сайраган,
Уятыңыз жок беле
Жаш келинден тайбаган?!»

М е н и н   к а т ы м:

«Аялдан сендей табылбайт,
Айтпасам ичим жалындайт.
Асылдыгы болбосо,
Адамды адам сагынбайт.
Келинден сендей табылбайт,
Кейисем ичим жалындайт.
Келбети жакшы болгон соң,
Келинди кимдер сагынбайт.
Сагынам сени көрбөсөм,
Саамалсың суусап чөлдөсөм.
Санаасы жакшы ак келин,
Сагынарсың өлбөсөм.
Кызыгам сени көрбөсөм,
Кымызсың суусап чөлдөсөм.
Кыйшайбаска бел байла,
Кызыктуу келин, өлбөсөм!»

К е л и н д и н   ж о о б у:

«Күйөөм жаман тырышат,
Күндөштөй энем урушат.
Күүгүмдө чыксам эшикке,
Күзөтчү коюп турушат.
Алганым жаман тырышат,
Алкынып энем урушат.

Ак үйдөн чыксам кечинде,
Аңдуучу коюп турушат».

М е н и н  к а т ы м:

«Саардагы булбул үндөнгөн,
Сарала тоту жүндөнгөн,
Салам дуба кат жаздым,
Сагынып, көңүл сүйгөндөн.
Сагынычтын белгиси,
Санааңды тартып жүргөн мен.
Сагынып көңүл сүйбөсө,
Салам дуба беремби?!
Санаабыз биздин жарашса,
Сайлатарбыз эненди.
Сакчы коюп калса экен,
Санаасы бирге жеңенди.
Көктөмдө булбул үндөнгөн,
Көгала тоту жүндөнгөн.
Күнүгө салам кат жазам,
Көңүлүм чындап сүйгөндөн.
Көңүлүм сага берилбей,
Күнүгө салам беремби.
Көңүлүбүз жарашса,
Көрсөтпөспүз эненди.
Күзөтчү койсоң, келин сен,
Көңүлү жакын жеңенди».

К е л и н д и н  ж о о б у:

«Торгоп-торгоп, сөз айтып,
Тостуң аке жолумдан.
Токточу келин бала, – деп,

Кармай калдың колуман.
Тура калдым калтырап,
Амалымдан жогунан.
Кааладым келин, мен, – дедиң,
Капамды жазар сен – дедиң.
Качып жүргөн мен келин,
Каймана сөзгө келбедим.
Унчуга албай калтырап,
Уятымдан тердедим.
Ошондо бир ооз кеп айттым,
Коё бер аке колумду,
Ойлоноюн, – деп айттым.
Ойронум чыккан мен бейбак,
Ошо сөздү неге айттым.
Ошо сөздөн чалындым,
Ойдо жок жерден малындым.
Жакшы жооп бербесем,
Жалооруп аке, таарындың».

А к е с и н и н к а т ы:

«Кагаз таап колума,
Кайтара алдым каламды.
Кадырыма жетер – деп,
Кааладым келин баламды.
Каалабасаң өзүң бил,
Канчалык тарттым санаанды.
Какшанып жүрүп жетишпей,
Кол кармашып бекишпей,
Же болбосо бир жолу
Күдөр үзүп кетишпей,
Ой, келин, уят болуп каламбы?!

Кат жаздым сизге аманат,
Кайтара жибер саламат.
Кандай сөз деп уялба,
Катташууга далалат.
Кайда болсо кеп жаман,
Кадырым билбей камалат».

К е л и н д и н ж о о б у:

«Арачынын колунан
Катыңды алып карадым.
Кайта-кайта жазасың,
Кандай сөз деп самадым.
Канткенде эби келишет,
Качып жүргөн баланын?!
Убара болбой койсоңчу,
Ордуна келбейт талабың.
Кат жиберип кат алган,
Молдолуктун размы.
Кантер экен келин – деп,
Капыя кылып турасызбы?
Капыя эмес чын болсо,
Кайнагасы катыш – деп,
Катуу уят кыласызбы?
Мындан кийин кат жазбай,
Ушу бойдон тынасызбы?
Кайнага жайың болбосо,
Кантип аяйм жыласты?!»

А к е с и н и н к а т ы:

«Айнектей бетиң таптаза,
Ардактап акең мактаса,

Арманы кайдан арылат,
Айкалышып жатпаса.
Айкалышар күн барбы,
Айласын келин таппаса.
Күзгүдөй бетиң таптаза,
Күйгөндөн акең мактаса,
Көңүлү кайдан ачылат,
Көйкөлүшүп жатпаса.
Көйкөлүшөр күн барбы,
Көңүлүн келин таппаса.
Айнектей бетиң балкылдайт.
Ак шейшепке бир жатып,
Айкалышпай жан тынбайт.
Асылдыгы болбосо,
Адамга адам талпынбайт.
Күзгүдөй бетиң жалтылдайт,
Күмүштөй этиң балкылдайт.
Көшөгө тартып бир жатып,
Көйкөлүшпөй жан тынбайт».

К е л и н д и н  ж о о б у:

«Асылба, аке, эп болсо,
Ак кагазга айтар кеп болсо,
Абийири кетер келиндин
Акеси менен бет болсо.
Кат жазба, аке, эп болсо,
Кагазга сүйлөш кеп болсо.
Кадыры кетер келиндин
Кайнагасы бет болсо.
Абысын-ажын асылып,
Ушакка мени калтырар.

Укпаганы, укканы,
Уяткарып тантырар.
Жылдырбай түшөр артыман,
Жылкычы, койчу, малчылар!»

А к е с и н и н к а т ы:

«Келберсип өстүң жашыңан,
Келинди күттүм башынан.
Кезеп жүрсөм бир күнү
Кезигер сенин ашынаң.
Керилесиң, сыйың жок,
Кегимди кимден жашырам.
Кайкалай басып жашыңан,
Кадырлуу болдуң башынан.
Карап жүрсөм бир күнү
Кармалар колго ашынаң.
Кайнагаңа сыйың жок,
Кайсыныңды жашырам.
Кайта-кайта кат жазып,
Кагаз, калем түгөндү.
Жай билбеске жалдырап,
Жакшылашып жүрөмбү.
Бар десең санаа токтосун,
Болбосоң бул сөз жок болсун.
Большевик, теңдик, уруят,
Башыбыз кайдан соттолсун?!»

К е л и н д и н ж о о б у:

«Уурулук иши көңүлдөн,
Уялам аке жөнүңдөн.
Угулса элге дайыны,
Уяты жаман өлүмдөн.

Ашыктык иши көңүлдөн,
Айбыгам аке жөнүңдөн.
Ар кимге дайны угулса,
Айыңы катуу өлүмдөн.
Билсе билсин элибиз,
Билбесе болду эрибиз.
Бүрсүгүнү иниң жок,
Бир ооз сөзгө келиңиз.
Туйса туйсун элибиз,
Туйбаса болду эрибиз.
Күүгүмдө бир аз сүйлөшүп,
Анан түн ичинде келиңиз.
Түнкү ууруну ким кылбайт,
Табылар аке эбиңиз.
Уяты жаман санасам,
Убараң кыйын карасам.
Оң менен солдун булбулу,
Унутулбас тамашаң.
Кудайга койдум мен сизди,
Ой, аке, он жигитке бааласам!»

А к е с и н и н к у б а н г а н д а й с ө з ү:

«Аргымак байлап жем берсем,
Мен аргымак сылап турганда,
Акырын басып сен келсең.
Ак жоолукка тагын, – деп,
Ак куунун жүнүн мен берсем.
Анда сен, ак куунун жүнүн тагынсаң,
Алты айлык жолго кеткенсип,
Айлында жүрүп сагынсам.
Алган күйөөң жок болуп,

Анан ошо түндө табылсаң.
Ак талдай белиң буралса,
Алдыңдан чыгып жалт карап,
Акеңдин көөнү кубанса.
Ак жоолуктан булактап,
Ак куунун жүнү буралса.
Айлыңдан кантип жок сурайм,
Айкалышып жаткан түн,
Аргымак атым ууру алса.
Тобурчак байлап жем берсем,
Мен тобурчак салып турганда,
Толгоно басып сен келсең.
Төбөңө сая жүргүн – деп,
Тоту куш жүнүн мен берсем.
Тоту куш жүнүн тагынсаң,
Тогуз айлык кеткенсип,
Тобуңда жүрүп сагынсам.
Толгонуп белиң буралса,
Тоту куш жүнү чубалса,
Тобуңдан кантип жок сурайм,
Тобурчак атым ууру алса».

К е л и н д и н а к е с и н е
б е р и л и п ж а з г а н к а т ы:

«Айылдын алыс четинде,
Ак аңыздын бетинде,
Алачык үйдөн үч ташка,
Бастырып келгин кечинде.
Башынан берки убараң,
Бардыгы менин эсимде.
Жай сүйлөшүп күүгүмдө

Жатарга болжоп барайын.
Жан адамга билгизбей,
Айылдын түрүн карайын.
Акылдаш жеңем ээрчитип,
Алдыңдан тосуп алайын.
Жанаша басып сиз менен
Жалооруп үйгө барайын.
«Кайнагасы ойнош», – деп,
Эл ушактаар көп болсо.
Уга-уга көнөрмүн,
Ушак-айың кеп болсо.
Эл ушактап не кылат,
Эки көңүл бек болсо.
Арманы барбы келиндин,
Сиздей аке бет болсо.
Кечирип кой, келинден,
Ой, аке, өткөн-кеткен кек болсо».

Ш а ш к а н  б о й д о н  ж ө н ө д ү  а к е с и:

Деп жазган катты окуду,
Дегдеген жүрөк жалындап,
Ашыгып атты токуду.
Кечигип калдым бекен – деп,
Өз оюнда чочуду.
Ак келин жазган катты алып,
Арачы экөө аттанып,
Желе жорто баратат,
Жер арыта сактанып.
Аярлап барып турушту,
Алачык үйдөй үч ташка.
Арачы айтты: «Бүгүнкү,

Абыдан ойлон, иш башка.
Көрүнбөйлүк бирөөгө,
Көтөрүлүп, көп шашпа», –
Деп турганда, айылдан
Алыс чыкты топ караан.
Жакын келген убакта,
Жанаша баскан эки адам.
Арачы айтты ошондо:
«Алдынан тосуп мен барам.
Башка бирөө болбосун,
Ишке тоскоол ичи арам? –
Деп арачы кетти эле.
Караанга жакын жетти эле,
Уялгансып корккoнсуп,
Жалгыз калсам эп беле», –
Деп акеси жөнөдү
Арачынын артынан.
Акесин тоскон ак келин,
Ашыктыктын дартынан,
Жайлуу түндө жүрөктүн,
Жалындаган зарпынан,
Уктатып коюп энесин,
Ээрчитип сүйгөн жеңесин.
Көрө коюп токтоду,
Акесинин элесин.
Келатат акем, арачы
Кечигип калды дебесин.
Кайнагасы келгенде,
Калтырак басты денесин.
Бирин бири көргөндө,
Жарабады жаш келин,
Жалтанбай колун бергенге.

Жүдөй түшүп токтолуп,
Жүрөгүн басып сүйлөдү:
«Караңгы түштү, түн болду.
Кадырлаш аке, жүр, – деди.
Энемден башка киши жок,
Ээн болду бүгүн үй, – деди.
Каалаганың мен болсом,
Кандай сүйсөң сүй, – деди.
Уруксат берип келини.
Кечирип кой, аке, – деп,
Өөдө-төмөн кебими».
Ээрчитип алып жөнөдү,
Билинбей кетип баратат,
Эки жандан бөлөгү.
Арачы кал, – деп, аттарга,
Алдыман чыгып тосуп ал,
Таң жаркырап атканда.
Жүрөгү ысып жалындап,
Жаш келин колун артканда.
Сол колун артып моюнга,
Оң колун салып коюнга,
Перинин кызын сүйгөндөй,
Берилип барат оюнда.
Калемдей кашы чийилип,
Камчыдай бели ийилип,
Ээрчитип барып акесин,
Эшигин ачып кийирип.
Тартылуу жибек көшөгө,
Ак шейшеби салынуу,
Атыр куйган төшөккө,
Кийимин чечип жаткырып,
Жылып кирди койнуна.

Каалап жүрүп кошулса,
Канабы ашык ойнуна.
Элдердин ушак-айыңын,
Экөө тең алды мойнуна.

Жогорку ырлар келинге жете элек убакта элге билгизбей уурданып ыр менен кат жазышып жүргөндөгү ырлар.

Келинге кошулгандан кийин эл ушак чыгарса жете албай жүргөн экен десин деп, көпчүлүк элге ырдаган ырлар мына булар:

«Буралып көзгө көрүнсөң,
Булакка чыккан камыштай.
Муңайышып жүрөбүз,
Бурулуп билек алышпай.
Бурула карап койгонуң,
Мырза тору чалыштай.
Мурунураак жаралып,
Мырза кезде таанышпай.
Кыялыңдын жумшагы,
Кырчындуу булак камыштай.
Кыйналышып жүрөбүз,
Кызыгып билек алышпай.
Кылчайып карап койгонуң,
Кызыл буурул чалыштай,
Кыя басып жашчылык,
Кыз экенде таанышпай.
Таң атканча сүйлөшүп,
Таң болжоп минсем атыма.
Таң каламын окусам,
Таасындап жазган катыңа.

Тамшанып жүрөм жете албай,
Далайдан тилиң татына.
Керели-кечке сүйлөшүп,
Кеч болсо минсем атыма.
Келгенде окуп таң калам,
Келтирип жазган катыңа.
Кейидим сага жете албай,
«Кел» деген тилиң татына.

Кумарыңа куш салсам,
Кушумдун боосун сен чалсаң.
Куп десең келин сөзүмдү,
Кошулушуп тынч алсам.
Кушумдун боосу жибектен,
Куп десең кармаш билектен.
Кудайга жоктур арманым,
Кошулсам сиз менен
Кумарым жазып бир өткөн.
Кошуларың чын болсо,
Кумарың кетпес жүрөктөн.
Кушумду салсам кыргоолго,
Курулай жүрүп ыр болбо.
Кубулуп тийчи оң колго,
Кубанып атың чыгарсам,
Кушчу, мундуз оң-солго.
Карчыга таптап куш салсам,
Кармачу боосун сен алсаң.
Кааласаң келин сөзүмдү,
Кадырлашып тынч алсам,
Карчыгам боосу жибектен,
Кааласаң кармаш билектен.
Калабы ичте арманым,

Кадырлашып сен менен,
Капасы жок бир өтсөм.
Карчыгам боосу бек болсо,
Каалаган сөзүм эп болсо,
Кадырым жетсе айтармын,
Карында калган кеп болсо.
Карчыгам салсам кыргоолго,
Калп эле жүрүп ыр болбо,
Кайрылып тийчи оң колго.
Сен колума тийген соң,
Кабарыңды чыгарсам,
Казак, кыргыз оң-солго.

Бул 1922-жылдагы болгон окуя. Ырдаган жана жазган Калык Акыев, ушу сөздөрдүн бардыгына жооп берип, ыр жазган келиндин аты – Латыйпа. Азыркы жазылышы.

*1946-ж. Бешинчи айдын 15и.*

## ЖАШЫЛ ГҮЛ

Сен жашыл гүл жаңы ачкан,
Жамалың нурга жанашкан.
Жайдарынын белгиси
Жакшыга жатык карашкан.

Жаркының жанды сергиткен,
Сен жайнаган жашыл гүл.
Жалындаган жүрөктү,
Жалоорутсаң өзүң бил.

Сен кызыл гүл жаңы ачкан,
Кызылың нурга жанашкан.

Кыйышпастын белгиси,
Кыңырылбай карашкан.

Кызыгың жанды кубанткан,
Сен кыраңда кызыл гүл.
Кызыктуу күндү өткөрүп,
Кылчаңдасаң өзүң бил.

Арасы салкын бүрдөгөн,
Ак алма сен гүлдөгөн.
Булбулуң болсом жашыл гүл,
Бутагыңда күндө мен.

Буруксуган гүлүңдө
Булбулуң болуп үндөйүн,
Бурулуп оюң берилсе,
Муңдашым дебей, ким дейин?!

Көлөкөң салкын бүрдөгөн.
Көк алма сен гүлдөгөн.
Күкүгүң болсом жашыл гүл
Гүлүңдө таңшып күндө мен.

Күлүңдөгөн күнүңдөн
Күкүгүң болуп үндөйүн.
Күйгөнүмдү эскерсең,
Көңүлдөш дебей, ким дейин?!

Айылың шаардын четинде,
Албырып нуруң бетиңде.
Алманын гүлүн аралап,
Аземге бассаң кечинде.

Ар дайым турсаң эсимде,
Алдыңдан тосуп чыгайын.
Айтканым келсе ордуна,
Маңдайыңдан сылайын!

*1947*

## ЭСКИ ПИШПЕК – ЖАҢЫ ФРУНЗЕ

Бай, падыша, мителердин доорунда,
Большевиктен эч бир кабар жогунда,
Эски Пишпек эстелбеген сен элең,
Маанайың бас, манаптардын колунда.

Чалмаланган чалчык суулар жолунда,
Капталгансың караңгылык торунда.
Күн көрүнбөй күүгүм баскан замандан,
Кечээ койдуң кең Фрунзе орунга.

Радио, телефон, ток тагылган,
Электр жок бир үйүңдө жагылган.
Атың Пишпек, эски кыштак сен элең,
Илгери хан заманында салынган.

Бойро жапкан боз топурак тамың бар,
Араба өтсө асмандаган чаңың бар.
Азыркыдай ардактаган үйүң жок,
Ат кепедей асыраган залымдар.

Баткак кетпей балчылдаган көчөңдөн,
Башы айланган баскан адам өтөрдө.

Эсине алып, эки кабат үй салып,
Эч адам жок анда сени көтөргөн.

Аймагыңды Ата Журтум жердеген,
Анда теңдик эмгекчиге бербеген.
Каны-жаның мундууларга аралаш,
Бир жашадың койнуңдагы эл менен.

Айланаңдан эл кетпеген каралап,
Байлар үчүн эс алуу жай Кара бак.
Бай кулаnып, Ленин таңы аткандан,
Эмгекчилер сайрандадык аралап.

Эгин айдап, эл жабдыган буурусун,
Чочондогон чоюн тиши курусун.
Айдоосу ала, жыгач мала, тар арык,
Ошондогу элдин көрсөң турушун.

Көчөдө аккан көп кедейдин жаштары,
Көмөлөнгөн көркоолордон баштары.
Бийлер ойлоп, болуш тойлоп, мал алган,
Каман азуу канкорлордун маштары.

Мурунку өткөн эски Пишпек өрнөгүм,
Жалган эмес көзүм менен көргөнүм.
Өткөн доорду элестетип баратам,
Мекен шаарым, мени жаман көрбөгүн.

Карл Маркс кедей табын жазгандан,
Баатыр Ленин бак-таалайды ачкандан.
Бай-манаптын баарын катар кулатып,
Калдыктарын кан буугандай баскандан.

Пишпек калып, ат коюлду борборго,
Кыргыз үчүн мекен болдуң ошондо.
Партиябыз кенже уулум деп кыргызды,
Урматтады, борбор болдуң Фрунзе.

Туюк жаткан турмуштарың жаңырды,
Тоголоттук боз топурак тамыңды.
Эркин таңды барагына жаздырып,
Улуу Ленин көсөм ачты багыңды.

Элге бакты, эркин таалай чакырдың,
Эскиликти эл ичинен сапырдың.
Жүз миңдеген кызматчыны Фрунзе,
Кеңдигиңден кенебедиң батырдың.

Телефондор үй башына тагылды,
Электрлер күндөп-түндөп жагылды.
Уулдарың он күн чыкса сапарга,
Колун сермеп коюнуңду сагынды.

Аймагыңа завод-фабрик тургузду,
Ардактадың уулдарың кыргызды.
Күндүз, түндө күлүмсүрөп кашкайып,
Электрби, асмандагы жылдызбы?!

Эки жерде эски, жаңы борборуң,
Элиң үчүн өмүрлүккө орнодуң.
Таш тиздирип, кум ширетип тегиздеп,
Зымылдаган автобус жүрөр жолдоруң.

Кинотеатр – асмандагы «Ала-Тоо»
Айланасы цементтелген тегиз го.

Поездиңдин станциясы эки жер.
Бирөө Пишпек, бирөө өзүң – Фрунзе.

Чет көчөңө ченсиз таштан кынаган,
Мизилдетип цемент менен чыңаган.
Тазалыгың таш күзгүнүн бетиндей,
Так баспасаң тайгаланта шыбаган.

Көчөлөрдүн көркүн ачкан дарагың,
Күндө келет көңүл буруп карагым.
Күн ысыкта көлөкөлөп олтуруп,
Кеч салкындап, үйгө түшүп барамын.

Радиоң дүйнө сөзүн угузган,
Кабарлары калкка пайда жугузган.
Ачык күндөй кирип барса чаңкайып,
Үйлөрүңдүн бардыгы аппак ууздан.

Өткөн күндө келип-кетип жүргөмүн,
Какшык угуп, кабак жайып күлбөдүм.
Унутулбай дагы көзгө элестейт,
Пишпек сенин ошондогу күндөрүң.

Кайда калган боз топурак дубалың,
Эми көрсөм гүл жайнаган убагың.
Эски Пишпек кенже Москва болупсуң,
Кубаттанып кучагыңда турамын.

Курулуштар асман тиреп үч кабат,
Кубандырып, аска-зоодой жарданат.
Эч көрбөгөн колхозчулар келишсе,
Көрө-көрө көз талытып, таң калат.

Конок үйлөр коооздолуп салынган,
Колдо жоктун баары өзүндөн табылган.
Эч дабасы табылбаган оорулар,
Айыкканча ооруканада багылган.

Театр бар күндө оюнун баштаган,
Ырчы-обончу, хор, оркестр маштаган.
Күндө оюн, күндө күлкү-тамаша,
Элге бакыт берди бүгүн жаш заман.

Эл шайырлар чакыртылып алындык,
Эскиликтен биздер сенден жаңылдык.
Айырмабыз Москвадан сыйланып,
Батыш, Чыгыш бардык элге таанылдык.

Автобустар оюн салып жүгүргөн,
Күчкө толуп, жүккө балбан күжүрмөн.
Кең Фрунзе, келбетиңе шанданып,
Кучагыңда кубанамын бүгүн мен.

Поезд күн-түн кызматында талыкпай,
Эр паровоз чарчадым деп чаалыкпай.
Темир жолдо ойкуштанып баратса,
Көрүнүшү көлдө жаян балыктай.

Самолеттор зоок кылып айланган,
Кежигенде кең талаадан байыр алган.
Керек десе элиң түшүп сайрандайт,
Ысык күндө, салкын аба жайлардан.

Отуз жылга жаңы толду туулганың,
Өсүп жатат октябрчыл уулдарың.

Жетип барып, батыш жакка баатырлар,
Жеңип чыкты фашисттердин чуулганын.

Октябрды өмүрүңчө сүрөдүң,
Элиң үчүн эрдигинди үрөдүң.
Канкорлорду багындырып тептегиз,
Калдыктарын кар катары күрөдүң.

Улуу шаарым кең Фрунзем, борборум,
Кыргыз үчүн өмүрлүккө орнодуң.
Куттуктаймын кубанч менен бүгүн мен
Октябрың отуз жылга толгонун.

*1947*

## ЭКИ ЖАР

Эсимден кетпей ар дайым,
Эңсетесиң эки жар.
Элесиң ойго түшкөндө,
Бириндн айтсам, бириң бар.
Өксүп жүрүп силерден,
Өмүрүм тартты кайгы-зар.

Булбулдай тили таңшыган,
Бирөөң кайың, бирөөң тал.
Шилекейиң ширелүү,
Шимип койсо шекер бал.
Сүйлөгөн сөзүң тамшантып,
Бирөөң казы, бирөөң жал.

Бирөөң чолпон, бирөөң ай,
Бирөөң кунан, бирөөң тай.

Жаралыпсың эки жан,
Энеңден эгиз туулгандай.
Эки жар эске түшкөндө,
Элирет көңүл туралбай.

Дарысы болсоң бирөөңөр,
Дарты күчтүү жүрөктүн.
Тамчысы болсоң бирөөңөр,
Карытпаска мүрөктүн.
Сагыныч түшүп көңүлгө,
Санааңды тартып күн өттүм.

Кундуздай чачың кулпунуп,
Кубанчы бирөөң көңүлдүн.
Кумарды ичтен тараткан,
Кубаты бирөөң өмүрдүн.
Жылаажын үндүү жылуу сөз,
Жылдызың ысык көрүндүң.

Кыргый мүчө, кымча бел,
Кыргыздан өткөн Айчүрөк!
Кагелес бойлуу, калтар чач,
Казактан өткөн Кыз жибек!
Кандай күндө кошулат,
Кабыл болуп бул тилек?!

## ТОКТОГУЛГА ЭСТЕЛИК

Комузуңда ойноктоп,
Кооз эле колдоруң.
Артыгы элең Токтогул,
Адамдан чыккан жоргонун.

Эртелеп өттүң кейиймин
Азыркы күндө болбодуң.
Айтат элең сен мактап,
Партиянын кең жолун.
Ойноктосо оң колуң,
Ылаачын таанга тийгендей.
Ырларың бар тизилген,
Ырыстуу элиң сүйгөндөй.
Бай-манапты кордодуң,
Падышадан иймeнбей.
Ар сөзүң жүрөк курчутат,
Баатырлар жоого киргендей.
Кемдигиң жок жан элең,
Чарчаганды билбеген.
Эл кубанган сөзүңдү,
Ээрчип тыңдап миңдеген.
Акындын көбү нуска алып,
Аралаш өстүк сиз менен.
Уккан адам сөзүңдү,
Дагы уксам деп дегдеген.
Акындарга ар дайым,
Сабак бердиң термеден.
Эчен сендей асылдар
Жаралып кайра келбеген.
Жаркыраган турмушта
Аралаштың эл менен.
Чаалыкпаган тулпардай,
Жаратылган чарчабас,
Кубулжутуп күү чалсаң,
Кумары элдин таркабас.
Тулку боюң туташкан,
Чын ширетип койгондой.

Сайрарында күнү-түн
Таңшыйт элең торгойдой.
Жаш өмүрдү өткөрдүң
Ал замана өрт болгон,
Баарыбызга ошондой.

*1948*

## АКИШИМ

Ала-Тоо кыргыз уруудан,
Акишим эмгек сулуудан.
Жаратылган сыяктуу,
Алкымың таңдын нурунан.
Алдыга өттүң жарышта,
Эмгектин балбан уулунан.

Эриктүү кыргыз уруудан,
Эмгекке балбан сулуудан.
Таң калтырып адамды,
Тамагың таңдын нурунан.
Таасын чыктың жарышта,
Талыкпай жумуш кылуудан.

Талпынтып бойду терметкен,
Тартынбаган эмгектен.
Талаанын гүлүн жайнатып,
Тагындың шуру-берметтен.
Комуздун күүсү таңшытып,
Кошулуп чапсам мен кетмен.

Кадырың бойду терметкен,
Карашың жүрөк дегдеткен.

Кат жазганда жалтылдап,
Калемиң сабы берметтен.
Бүтүргөнчө ишиңди,
Биригип чапсам мен кетмен.

Жайдары өстүң калкыңдан,
Жаркырап сөйкөң алтындан.
Талыбай кирген эмгекке,
Таң атар алды салкындан.
Жароокер Акиш кызматка,
Жагоолуу куштай талпынган.

Эки эсе норма аткарган,
Эмгекти эңсеп шаттанган.
Беш жылдыктын белеги,
Көңүлгө бек сакталган.
Жароокер Акиш эмгектен
Жарышта чыгып макталган.

*1948*

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Заңкайган бийик зоолоруң,
Төбөсү көккө тийгендей.
Арасын мөңгү каптаган,
Ак жамынчы кийгендей.
Төрлөрүң жашыл гүл алган,
Таңкы жел ыргап сүйгөндөй.

Жашылданып жайкалып,
Жайлоосу тулаң ыргалган.

Шыбырлашкан сыяктуу
Шыңгырап булак жылгандан.
Бир жайылып, бир оттоп
Жылкылар үркпөйт кулжаңдан.

Тектиринде мал жайнап,
Тескейин телки ээлеген.
Текеси кошо жайылып,
Тебишип оттоп тең жеген.
Кыраңы тулаң, бетеге,
Кыргызда асыл жер деген.

Ар бир жери ар башка
Эчки, теке ойногон.
Аскалуу зоолор кыр ташта,
Адырлуу кырбы чаңгыл таш,
Аркардын жери бир башка.

Элиги тоолуу черлерде,
Бугусу бекем жерлерде.
Карагайды аралап,
Кайтканда чыгат кең жерге.
Адырандап баратып,
Аттырып коёт мергенге.

Кубалашып жеримде
Кундузу кумда ойногон.
Түнү-күнү жайылып,
Түлкүсү түзүн жойлогон.
Сүлөөсүнү, суусары
Силкинип суусун бойлогон.

Сак жылкычы, сак койчу
Короо, короо мал баккан,

Аңдып жүрүп карышкыр
Кесээрип, ачка карышкан.
Мелжелдүү жерден жол тосуп,
Мергендер атып алышкан.

Аттырбай аман калганы,
Үңкүйүп жондо отуруп,
Улуганы – арманы.
Желип-жортуп, жем таппай,
Кеткени ошол дарманы.
Алдыңкы колдон бек чабат,
Аңчынын салган капканы.
Алкымынан бузулат,
Ар кайсы жандын акмагы.

Бүркүтү кыраан жеримдин,
Карышкырга кол салат.
Барчыны шаңшып борчуктан,
Батыра серпип түлкү алган.
Жетип тиштеп тайганы
Борбуюн сууруп, теке алган.

Бүркүттөрү таш түлөк,
Тайгандары жез билек.
Жайлоосу жашыл Көк-Ойрок,
Жаңырган малы Кеминдин.
Бардыгы асыл Ак-Түздө
Аңтарылган кенимдин.
Түп киндиги жазы Чүй,
Кант, кызылча, эгиндин.

Канатташ казак эл жаткан,
Адырга асыл мал баткан.

Колхоздордун кыштагы
Катарланган баары ак там.
Жай мезгили ысыкта,
Көлөкө кетпейт дарактан.
Бардык жерден Чүй сенин,
Бактыңды артык жараткан.
Электриң жылдыздай,
Көрүнүшү ыраактан.

Аркайган бийик зоолору,
Кол сунгандай асманга.
Аламүдүн, Ала-Арча,
Коолоруңдун тереңи.
Канчалык келген эл баткан,
Коюнуңдун кенени.

Түштүк чегиң бөлүнөт
Арпа менен Ак-Сайдан.
Айкын талаа гүлдүү чөп,
Асыл тукум мал жайган.
Чалкайтып жылда семиртип,
Чарбага тийген көп пайдаң.

Ак кар, мөңгү, тунук суу,
Асыл аба желиң бар.
Ак булут ойноп созулган
Ашуу-ашуу белиң бар.
Алтын, күмүш ширеген
Асыл металл кениң бар.
Айланаң чептей аска-зоо,
Адырмак борчук асты жар.
Ак-Талаа, Тогуз-Торого,
Аябай түшөт кышта кар.

Кыргыздын жери Ала-Тоо,
Жер жүзүнүн сереси.
Жайык күнгөй, жазы төр,
Чарбага жайлуу белеси.
«Алп Кошойдун коргону»
Эскинин тарых – элеси.

Чалкайып жаткан Чатыр-Көл,
Суусу таза, тунук мөл.
Өрдөк, казы тукумдап,
Балапаны кукулдап,
Кыйгуу салып куулары,
Кыйкырып тоодон улары,
Кыргыздын четки конушу,
Кызыктуу жерлер бу дагы.

Курулушуң чоң Нарын,
Баш жагың келген ыраактан.
Байланышып чоңойгон,
Балдан татуу булактан,
Туш-тушуңдан алдастап,
Ала салып суу аккан.

Бир канатың Тянь-Шань,
Кочкор менен Жумгалда.
Эзилген дыйкан, эмгекчи,
Эски заман турганда.
Баатыр Ленин атадан
Элибиз көчкөн жыргалга.

Түрүлүп түрдүү кен чыкты,
Түгөнгүс байлык мындан да.

Сулуу жайлоо Суусамыр
Суусуз жер жок жылганда.

Төрт район эл баткан,
Жыбырап чарба мал жаткан.
Жибектей сулуу жайыттан,
Мал семирип, май тапкан.
Ак-Талаа, Кочкор, Жумгалдын
Ортосунан жай тапкан.

Көркүң шандуу Тянь-Шань,
Соң-Көлүң сонун мөлтүрөп.
Тарыхында жазылуу
Жайлоонун Соң-Көл көркү – деп.
Караңгы туюк капчыгай,
Узун өзөн ичи тар,
Канаттуунун ичинде,
Укмуштардын баары бар,
Үңкүрүнөн кез-кезде,
«Ышкырат – дейт – ажыдаар».

Капчыгайдын ичинде,
Калың токой черлери.
Замбиректей заңк эткен
Кара кулак шерлери.
Капысынан өңүттөп,
Мергендин атат мергени.
Каракол, Чычкан, Үч-Кошой,
Таластын башкы төрлөрү.
Эл ичинде калбаптыр,
Илгеркини көргөнү.

Жайган килем сыяктуу,
Белеси жайык жоргонун.
Белгилеп айтат жомокто
Манастын Төрт-Күл коргонун.
Кулан корук далилдейт
Бардыгынын болжолун.
Анык билген адам жок,
Канча кылым толгонун.

Тамшандырат сүйлөсө,
Далайды көргөн карысы.
Чындык – деп далил көргөзөт,
«Аккуланын мамысы».
Акыл ойлоп билгенге,
Анык чындай анысы.
Аккула айгыр салгандай,
Андан тукум алгандай,
Жылкысынын арышы.

Токой, талы теңселип,
Сымаптай суунун боюнда.
Тоодактары дагдаңдап,
Жибектей жүнү таралып,
Сеңселет метис коюнча.

Токою толгон кыргоолго,
Корголоп куштан бекинип,
Өз атын өзү чакырган
Өзөнү сайын кекилик.
Маданият нурунда
Бу күндө Талас жетилип.
Жакшы жер дейт Таласта
Беш-Таш менен Калбаны.

Жардысы жок, эли бай,
Жайлоосу сонун андагы.
Жабагысы кунандай,
Жаңырган асыл мал дагы.
Өрүшү кенен малга бай,
Өстүргөн түрдөп чарбаны.
Кеңири жайлоо, кең жайыт,
Кем эмес жерден салмагы.

Күн батыш чегиң бөлүнөт
Кара-Буура, Чаткалдан.
Чатырын тигип, бээ байлап,
Чалкайып малчы мактанган.
Бүркүтү шаңшып айланып,
Калтары качкан капталдан.
Калкынан баатыр көп чыгып,
Касташкан жоого аттанган,
Жери сонун Таластын.

Ошо жерди жердеген
Эли сонун Таластын.
Көк ала мейкин, көк жашыл
Көркү сонун Таластын.
Көп кылымды өткөргөн
Күмбөзү турат Манастын.
Түштүктүн берки бетинде,
Ала-Тоо арка четинде,
Жалаң кыштак багы жок,
Жалал-Абад шаар эле.
Көгүчкөн учса чаңдаган
Көчөсү көрксүз тар эле.

Кара металл, көмүр кен
Ал күндө качан бар эле?!

Көк тондуу чарбак Арстанбап,
Кара алтын кени Көк-Жаңгак,
Кышында адам ашпаган.
Ашамын десе буркакты
Камгактай алып таштаган.

Алай-дүлөй жаадырып,
Каардуу бороон чыкырган.
Каарына алганда
Топондой алыс учурган.
Катуу бороон күндөрдө
Ажалдан ким бар кутулган?!

Ашуусу бийик Көгартың
Туура жагың Кара-Алма,
Туруктуу элдин багына
Туш-тушуң жаңгак, баары алма.
Ой, тоосунда чолоо жок,
Түрдүү жемиш бар анда.

Чытырман токой, чыргайдан
Аралап адам өтө алгыс.
Адашкан киши жолун таап,
Жакында чыгып кете алгыс.
Зоолоруң жердин бийиги,
Созулган мойну асманга.
Кишини көрсө удургуп,
Кийигиң жайнап асканда.
Карышкыр, калтар, түлкү алган
Бүркүтүң шаңшып асманда.

Базар-Коргон, Майлы-Сай,
Бактылуу жерсиң кенге бай.
Күмүшүң кумдай күрөлдү,
Алтының кайнап ширелди.
Заводдоруң салынып,
Гудокко тоолор жаңырып,
Күчүң көккө тирелди.

Топурагың тоо кылып,
Казылган жерин коо кылып,
Табылбайт, – деп ойлонбой,
Өзү катып койгондой,
Көркүңдү ачкан инженер,
Гүлдөгөн турмуш болбосо,
Кениңдин дайнын ким билер?!
Мунун бирин таппаптыр,
Мурунку өткөн жиндилер.

Жаралгандан жарыксыз
Жаткан кендер бекинип,
Жаркыратты жүзүңдү,
Жаштарың окуп жайылып,
Жара чапты бооруңдан
Жакшы инженер, техник,
Адырсыз талаа Караван,
Үстүң Чаткал, Жаңы-Жол,
Каравандан тараган.
Кетмен-Төбө, Үч-Терек,
Жалгыз аттык сокур тоом
Жаза басма жолдору.
Жаркыратты күч берип,
Кыргызстан борбору.
Кайраттуу эл чыкканда

Кабактын жолун өчүрүп,
Капчыгайды көчүрүп,
Калкагар зоону буздуруп,
Камгактай көккө учуруп,
Кулачын жайып, кен кылып,
Кулпундурду бетиңди
Дарыя менен тең кылып.

Жолун салып берди эле,
Кетмен-Төбө кенен төр,
Бардык жолуң оңдолду,
Баатыр күч эрки келди эле.
Баштагыдай тар жолдо,
Чубап жүрчү эл беле?
Кыргызстан жеринде,
Айдоолору ак алтын.
Атагы чоң Ала-Тоо
Ар жакка жайган канатын.

Эски Ноокат, Араван,
Бардыгы Ошко караган.
Эр, аялын көрөсүң,
Эгин, пахта талаадан.
Баш алып, козо түйүлгөн,
Тергенде батпай үйүлгөн.
Ачылганда пахтага
Толкундап жүрөк сүйүнгөн.
Эр, аял күжүрмөн
Эринип бекер жатпаган.
Жайкы чабык маалында
Кетмени болот чардаган.
Даярдап кетмен чабышса,

Жаштары турмак чалдары
Чаалыкпай чыккан жарышта.

Ардактап жакшы багышкан
Жибектин асыл курттарын.
Жемишине сактаган
Жаздан тартып тыттарын.
Утуру кыркып беришкен
Жалбырактап чыкканын.

Балдары жибек кийинген,
Келиндерден ашырып,
Кемпири була ийирген.
Жибек зооту жыл сайын
Кыргызга байлык кийирген.
Ар жылда Ардак тактага
Даңазасы чийилген.
Кийбегени жок экен,
Таза жибек кийимден.
Чоң-Алай, Гүлчө, Кичи-Алай
Жерден сонун бир далай.
Колхоз сайын салынган
Заңгыраган чоң сарай.

Жайлоосу салкын, чөлү ысык,
Жайыты тулаң бир кызык.
Жалындап иштеп атышкан
Бир район Куршаптан
Чарбалуусу өстүрүп,
Чалкайган төрдө мал баккан.
Асыл малдын керегин
Ашыгы менен камдаткан.
Эгинин семиз жерге эккен,

Эмгекке жүрөк дегдеткен.
Бир колхоздон төрт баатыр
Даңк алышкан эмгектен.
Талаасы пахта, тоосу эгин,
Түрлөнткөн айдоо жерлерин.

Эмгек үчүн тартынбай,
Ичинде жүрүп чындыгын
Көрүп, билип келгенмин.
Кызыл Жылдыз алтындан,
Тагынган Ленин орденин.
Район Совет, Мырзаке,
Ынтымак ырыс элинде.
Бирди сепсе, миңди алган
Береке бар жеринде.

Өмүрүн жарык нур каптап,
Өркөнү жылда кеңиген
Жалал-Абад, Ош жакта
Байлыгы жибек пахтадан,
Эмгек баатыр көп чыкты
Эриктин туусун сактаган.
Канатын жайып калкайтып,
Мүчөсүн алптай заңкайтып,
Берендерим көккө учкан,
Башы Санташ, Кашка-Суу,
Береке кыргыз жеринде.

Биринен бири калышпай
Билим кыргыз элинде.
Уул, кыздары баары окуп,
Илим кыргыз элинде.
Ирмесе малга май берген

Чүйгүндүк бар чөбүндө.
Бир атанын уулундай
Ынтымак бар элинде.

*1948*

## ТЕМИР ЖОЛ

Эки керме тартылгандай жанаша,
Элге сонун имерилип караса.
Көк түтүнүн көкөлөтө ыргытып,
Узак сапар жол тартышың тамаша.

Катар тоонун карды жарык тешилди,
Касабалар кара кумдай эшилди.
Коолор толуп, адыр, түздүн белеси,
Эрки күчтүү эл колунан кесилди.

Чабыттадың түндүк, түштүк жактарды,
Сени орнотуп, эл милдетин аткарды.
Сен зыпылдап жеткен жердин баарына,
Сыймыктанып таалай жана бак барды.

Эчен туюк капчыгайды көчүргөн,
Эчен түпсүз дайраларды кечирген.
Жаралгандан жабык жаткан жансыздар,
Муңу чыгып, муундары чечилген.

Жазданганың жаш балаты карагай,
Жагынганың – жаңы зооттун кара май.
Жөнөгөнүң жылып учкан жылдыздай,
Күлүктүгүң эркин көңүл санаадай.

Мен балбандын балбандыгын билгин, – деп,
Тоо кыргызы кумар жазып күлгүн, – деп,
Он күн сапар атчан жүрөр жолуңа,
Жер бастырбай жеткиремин бүгүн, – деп.

Көңүл толкуйт күндүк жерден чакырсаң,
Жер жаңырат ачууланып бакырсаң.
Адам уулу жүрөгүндө кубанат,
Асмандагы көк түтүндү сапырсаң.

Баскан изиң – батыш, чыгыш жолдордо,
Бар шайманы вокзал сайын оңдоорго.
Сен жеткирген жарак менен кулаттык,
Фашисттерди кан төгүштөр болгондо.

Жер дүңгүрөйт желип жорткон күчүнө,
Опол-тоодой жүк батырдың ичиңе.
Өлүмүнө жандуу жарак ташыдың,
Өз элиңе өчөгүшкөн кишиге.

Керектүүңдү өзүң тартып келесиң,
Памир тоодой байкаганга элесиң.
Завод, фабрик курулуштарга керегин
Камчы саптай кармай келип бересиң.

Орундаттык улуу милдет планды,
Боорун жарып Боомдун зоосу куланды.
Кубандырдың кулачыңды кең жайып,
Көк тиреген тоодо жаткан тууганды.

Кубандырат капчыгайды жарганың,
Улуу тоодой ошол элге жардамың.
Жүрөк толкуп көтөрүлдү көңүлүм
Куттуу болсун Балыкчыга барганың!

*1948*

## КЫЗЫГЫ АШЫК ӨМҮРДҮН

Арылтсак ичтен санааны,
Адамдын жарайт адамы.
Убадалуу анттуу сөз,
Эми унутулуп калабы?!

Карчыгам болсоң үндөгөн,
Кармасам боондон күндө мен.
Ойдогу тилек орундап,
Оронсом жашыл гүл менен.

Жалооруйт эңсеп жаш жаным,
Каеримден жазгамын?!
Имерилип көрүп кет,
Сен үчүн өңдүн азганын.

Кызыгы ашык өмүрдүн,
Кылчайып мага көрүндүң.
Караанын көзгө көрүнбөйт,
Же калганыбы көңүлдүн?!

Айылың конду алкымга,
Атырдай таза салкынга.
Жолуңду тиктеп көз талды,
Жоксуңбу кыргыз калкымда?!

Бар болсоң, келип кол алыш,
Барайын десем жол алыс,
Аярлайм издеп барыштан,
Ал аялдар үчүн ар-намыс.

Изи жок санаа жүгүрдү,
Ишенген жүрөк түңүлдү.
Күйбөсүн десең эстээрсиң,
Гүл теришкен күнүңдү...

*1949*

## ЭРКЕ ЖҮРӨК САГЫНГАН

*(Обондуу ыр)*

Мен көпөлөк кызыл-тазыл гүлдөгү,
Сен эмгектин баатыр уулу күндөгү.
Айтышкан сөз,сунушкан кол кечикти,
Асман нуру, айлуу жарык түндөгү.

Сен бир шумкар чабыттаган зоодогу,
Сен эмессиң бек байланган боодогу.
Келер болсоң кол булгайын көз ымдап,
Көркү жашыл гүл жайнаган тоодогу.

Мен бир булбул – жаз бүрдөгөн талдагы,
Сен баатыр уул – даңкың чыккан малдагы.
Көп кечикпей, келемин деп сөз айткан,
Кол кармашкан антың гана андагы.

Малың кандай – кең Суусамыр төрдөгү?
Мен аңкыган кызыл гүлүң чөлдөгү.
Куса болду кумарланып эки көз,
Жамалыңды жал-жал тиктеп көргөнү.

Эмгек баатыр, даңк алганда малыңдан,
«Алтын жылдыз», Ленин орден тагынган.

Окуумду окуп, Фрунзенин шаарында,
Эстен кетпей эрке жүрөк сагынган.

*1949*

## УКТАГАН ЖУМГАЛ ОЙГОНДУ

Чегиң Кызарт, Кочкор менен жанаша,
Бир жагында Борду, Төлөк, Чаар-Арча.
Жашыл төрлөр жапырт тулаң бетеге,
Жайытыңдын жаңы түрүн караса.

Соң-Көлүң бар – сонун жердин сереси,
Бетегелүү катар ашуу белеси.
Колхоз малы гүл аралап жайылса,
Каркыранын талаасындай элеси.

Сөөк, Каракол, кең Суусамыр бир жагың,
Кандай сонун жайкы күндө жыргалың.
Сууларыңдын баары тунук мөлтүрөп,
Түпкү мекен туулуп өскөн Жумгалым.

Кара-Кече, Дүңгүрөмөң кара алтын,
Катарланган тоолоруңдун баары алтын.
Жаткан экен асылдарды кучактап,
Жумгал сенин туура Кабак канатың.

Коюнуңдун бардыгы алтын кен экен,
Жарыктыкка жайнап чыкты берекең.
Жумгал, Кабак сенде туулуп өскөн эл
Уюткулуу, ырыскылуу эл экен.

Эркиндиктин таңын күтүп жаткансың,
Кенчисиң го койнуңдагы заттардын.

Ак кар, мөңгү атырылтып суу берип,
Ак буудайың кардын жарды каптардын.

Бир убакта жаздык эле: «Кабак – деп,
Кечиктирбей кендеринди табат, – деп.
Капчыгайдын катар зоосун уратып,
Ат ордуна ноопас минип барат – деп.

Кулатылат кучагыңдан аска – деп,
Кабак сенин касиетиң башка – деп.
Отузунчу жылда жазган чыгармам,
Токто Кабак, толкундайсың шашпа!» – деп.

Ошол ырым эсиңдеби, Кабагым,
Ошондогу ушул жазган каламым.
Коммунизм барагында турасың,
Ишенбесең китебимден карагын.

Кыраан барчын уялаган зоолоруң,
Бугу, марал, кийик өскөн тоолоруң.
Карагайдын калыңынан жол бербей,
Туура Кабак, туюк жатчу коолоруң.

Андай туюк тоскоолдорду уратып,
Аскаларды аңтарганбыз кулатып.
Жору турчу зоокаларды талкалап.
Жол салганбыз автобусту чубатып.

Кайың, арча, карагай, тал, терегиң,
Толуп жаткан токой байлык керегиң.
Ыргай, шилби, четин, арча, табылгы,
Баары байлык колхозчуга берериң.

Өлкөбүздүн өсүп жаткан элдери,
Баары сүйүп мекен кылган жерлери.
Болот кайнап, билим өсүп жаңырган,
Муну бизге партиянын бергени.

*1950*

## ТЯНЬ-ШАНЬ

Арпа, Ак-Сай, Суусамыр,
Соң-Көлдүн көркүн караса,
Кызыл-тазыл гүл жайнап,
Кызыктырган тамаша.
Аркары койдой жайылып,
Адырда өскөн жанаша.

Төбөсү көккө тирелип,
Зоолору бийик заңкайган.
Топурагы жибектей,
Тоолору жайыт чалкайган.
Аралап конуп чабандар,
Асыл тукум мал жайган.

Кой-эчкисин малчылар,
Күндө санап тактаган.
Уюнан музоо жоготпой,
Убадасын актаган.
Короосун таштап түнүндө,
Коңурук тартып жатпаган.

Көңүл сүйүп малчыны,
Көз кубанды алыстан.
Туягы болот тулпарсың

Жылкысы күлүк чалыштан
Алкынтып азоо аттарды
Аракет менен багышкан.

Саз аралап, суу бойлоп,
Оттошун көргүн жылкынын.
Чалыш айгыр, чалык бээ,
Окшошун көргүн жылкынын.
Бетегелүү белеске,
Топтошун көргүн жылкынын.

Жооп беремин элге, – деп,
Жорго калем курчудуң.
Түрлөрүн көрүп чарбанын,
Толкуду көөнүм, тынчыгын.
Аралап колхоз жылкысын,
Айтканы сонун ырчынын.

Колхоз, совхоз чарбанын
Байлыгы өсүп жаңырды.
Эмгектен чыгып даңктуулар
Ленин орден тагынды.
Жыйырма беш жылдык тоюна
Жыргалдуу элим камынды.

*1950*

## ТЕРМЕ ЫР

Жакшы болсоң жатык бол,
Шайыр сөздү ким укпайт.
Баатыр билек балбан кол,
Арбын иштеп аз уктайт.
Алабарман адамга

Акыл айтсаң асты укпайт.
Бактысы бар адамдын
Балдарынан чыр чыкпайт.
Оройлорго сөз айтсаң,
Оңурандап тырчыктайт.
Ойго, тоого урунуп,
Ошондон он ооз сыр чыкпайт.
Жакынынан жат болуп,
Андай, жамандын иши кырсыктайт.

Ар кимге жаман санабай,
Ачык болот эр киши.
Адамдын көөнүн калтырбайт,
Азамат, эрдин белгиси.
Керек деген буюмун
Адамдын келет бергиси.
Андай эрдин алдына,
Ар кимдин келет келгиси.
Акылы бар азамат,
Аздырбай айлын сакташат.
Ак нээттигин билген соң,
Адамдын баары макташат.
Билими бар жигиттер
Мүдүрүлбөй так басат.
Андан үлгү алгандар,
Ар дайым ишин такташат.
Жалакор болсоң жашыңдан
Өмүрүңдү дат басат.
Жаман болсо жүрүшүң,
Жар-жамаатың аксатат.
Жакыныңдан кас болсоң,
Сай-сөөгүңдү какшатат.
Өз айлыңдан куулсаң,
Анда, кайда барып баш батат?!

Өөдөсүнбө эр-жигит,
Өзүңдөн жашы улууга.
Жаны-дили сүйбөсө,
Жакындаба сулууга.
Жок жалаага туш кылат,
Жолдош болбо ууруга.
Ишимди иштеп берет – деп,
Ишенбе нээти бурууга!
Ичип-жеп, бир күн жок болсо,
Аны издеп жүрүп куруба.
Оң ишин антип бузулса,
Конмогуң кыйын тууруңа.
Ал шорундан айрылбай,
Кире албайсың муунуңа.
Чаман келбейт жанагы,
Жеп кеткенди кууруңа.
Атасындай болот – деп,
Асылат айлың уулуңа.
Эр-жигиттер калбагын,
Ушундай бөөдө жалаага.
Элиңе сиңген эмгегиң
Кетпесин бекер талаага.
Эр-жигиттер бул өңдүү,
Эссиздикти каалаба.
Чын ишиңди калп кылып,
Калбагын кайгы санаага.
Эл ичинде болор иш,
Эсте калат жана да.

Какшык сүйлөп тийишпе,
Ак сакалдуу карыга.
Адет болуп кетпесин,
Азаматтар баарыңа.

Кер какшык болсо какмалап,
Келеби адам жаныңа.
Ачуусу чукул аңкылдак,
Кез келбесин багыңа.
Изден тайбас чынчыл бол,
Ишиң көчөт агына.
Көз артпагын суктанып,
Бирөөнүн жакшы малына.
Калп, кара өзгөй сүйлөсөң,
Карашпайт эч ким алыңа.

Одоно сүйлөп корсулдап,
Орой болбо жашыңда,
Угулса көпкөн убагың
Уяты калат башыңда.
Ак жеринен бирөөгө,
Акым бар, – деп, асылба.
Эмгектен качып эр жигит.
Уурулукка малынба.
Ар кимге зыян тийгизип,
Аягыңдан чалынба.
Ал айыбың чын болсо,
Ага-иниң калбайт жаныңда.
Атасы башка бирөөгө
Актап ал, – деп, жалынба.
Адилет заңдап кесилип,
Набактыда зарылба.
Өз кылмышың болгон соң,
Өкүнүп элге таарынба.
Буларды ойлоп эр жигит,
Туура жолдон жаңылба.

Душманга кирсең эр жигит,
Туйгун куштан алгыр бол.

Таза болсо жүрөгүң,
Туш-тарабың даңгыр жол.
Эринбесең ар дайым,
Эр жигиттер, күчүң мол!
Батыра кирип иштесең,
Баатыр болот эки кол,
Эр-аялдар күжүрмөн,
Эмгегиңден баатыр бол.
Жакынсынып сөзүн талашып,
Жан тартпагын жаманга.
Бүтүрүп келбейт саламга.
Айтканыңа ишенээр
Акыл болбойт нааданда.
Жакын болот жамандар
Жалган ушак кабарга.
Эринип, мойну жар бербейт,
Эмгектен оокат табарга.

Оройлордун мүнөзү,
Качырып каман чалгандай.
Айткан сөзү уу болот,
Оролуп чаккан чалкандай.
Оңурандап бек сүйлөйт,
Эч адамдан жалтанбай.
Ишеними элге жок,
Ушак айтат ар кандай.
Жалгыз калат андайлар,
Жан адамды карманбай.
Бою терең мүчөлүү,
Боруму бар балбандай,
Жеңелери ат коёт,
«Жерге кир!» – деп сандалбай.
Жакшы адам бойду кызытат,
Кымыздан тарткан арактай.

Көпкө тиет пайдасы,
Көлөкөлүү дарактай.
Элин жакшы асырайт,
Эки жакка таратпай.
Бүтүрүп турат эл камын
Бирөөнүн көзүн каратпай.
Сөздөрүнүн курчтугу
Болот миздүү жарактай.
Элинин баары кызматка,
Эртелеп турат таң атпай.

Баатыры минип жоо кууса,
Аттары күлүк тулпардай.
Душманын түрө качырса,
Кууп жеткен куткарбай.
Айбаты бар эр жигит,
Абада шумкар учкандай.
Чабылтып жоосун качырса
Текөөрү болот шумкардай.
Кордук тартат корголоп,
Куулган душман тынч албай.
Көйрөң жигит мактанса,
Көптөн чыгат калпынан.
Угулуп дайны элдерге,
Уяты кууйт артынан.
Кутула албайт жакында,
Көнүп калган дартынан.
Ошондой жигит ажырайт,
Өз элинен, баркынан.
Тарчылыкта жолукса,
Таап жей албайт жарты нан.
Алыс качкын эр жигит,
Көйрөңдөрдүн салтынан.
Азамат болсоң эр жигит,

Апырылбай чын сүйлө.
Эл кыбасын кандырып,
Эбин таап, тыӊ сүйлө,
Эссиз жаштык барында,
Эмгегиӊе бой күүлө.
Тиктеп турат артыӊдан,
Тирүү койбос шум дүйнө.
Өлбөй, тирүү өмүрүн
Жашамакчы ким үйдө?!

Кайраттуу жигит шамдагай,
Эки колу шыпылдап.
Кабагы жайык, ак пейил,
Жоругу жакшы ыпылдап.
Эмгектин майын чыгарып,
Эрте туруп иш кылмак.
Күнүгө кечке иштесе,
Күүгүмдө келип бир тынмак.
Күндө арттырат эмгегин,
Күжүрмөн жигит күч чындап.

Сынчы жигит бир паста,
Сыр алдырат кылтылдап.
Бирок болот жумушка,
Коён жүрөк копулдак.
Түтүн чыккан үйдү аӊдып,
Соргок болот опулдап.
Мыкыр, жигит арамза,
Иш арбытпайт мылжыӊдап.
Каардуу бороон суукта,
Үшүкчөөл болот кылчылдап.
Жаман менен жакшыбы,
Ачык билет эл сындап.

Бактысы бар адамдар,
Булуту жок асмандай.
Атак-даңкы, дүбүртү,
Ай-ааламды баскандай.
Кеңдиги бар адамга,
Кебез тоо менен Кашкардай.
Чын сүйлөгөн сөздөрү
Жамгырлап жааган жаш кардай.
Бешенеси жапжарык,
Белестен аткан ак таңдай.
Жаман адам үңкүйүп,
Жарыгы жок түнгө тең.
Кайгысы катуу немедей,
Кабагын ачып күлбөгөн.
Үшкүрүп коюп урушуп,
Үйүнө салган дүрбөлөң.
Каяша айтып ар кимге,
Какшык сөз менен сүйлөгөн.
Өз милдети эмгектин,
Ажатын ачып билбеген.
Андай наадан ашатып,
Ата-энесин тилдеген.

Адилет эрдин сөздөрү,
Майышып сынбас болоттой.
Таң калтырып адамды,
Даңкы чыгат жомоктой.
Кубантат чындык кеп менен,
Калп айтып элди сооротпой.
Пайдасы тиет элине,
Малы-мүлкүн коротпой.
Жайдары эрдин жүрүшү,
Жаркылдап жамбы күмүштөй.

Жамаатында эл менен
Жамандыкка жүрүшпөй.
Алганына так болот,
Арызчыл топко киришпей.

Кээ бир жаман жигиттер,
Көпкөнүнөн дардаңдар,
Билим албай жашынан,
Өз башында арман бар.
Кас санаган ар кимге,
Кара көңүл, ичи тар.
Бузулган анда адат бар.
Андай суук сөз жигиттер,
Айылы менен аңдышаар.
Оңураңдап, тик сүйлөп,
Одоно сөздүү тили заар.
Ар кимдин көөнүн калтырып,
Айткан сөзү какшык, каар.

Душман келсе эр жигит,
Ажалга чабат жазганбай.
Кайратынан дыркырап,
Касташкан жоосу качкандай.
Ошондой эрлер жалтанбайт,
Ок жаадырган урушта.
Баатыр жүрөк, балбан кол,
Башынан көнгөн жумушка.
Түз качырат жазганбай,
Душманга найза сунушта.
Берилбейт андай жигиттер,
Бекерге карап турушка.
Жанын аяп сактанбайт,
Жамгырдай төккөн окторго
Өлүмдү албайт оюна

Өрт жалындуу оттордо.
Корккоктордун копулдап,
Коёнчо болбойт жүрөгү.
Эр жигитке кошулуп,
Эл алдында жүрөбү?
Өз башым аман болсо, – деп,
Өтүп кетет тилеги.
Эси жоктор, коркоктор,
Эл кадырын билеби?!
Катуу күрөш күндөрдө,
Кайта качат бирери.
Өлгөн өлүк катары,
Өчүп кетет ирени.
Андай коркок жигиттер,
Адамга пайда кылабы?
Болуп өткөн күрөштөр,
Элдин баарын сынады.
Жаш баатырлар талыкпай,
Жаңылык күчүн чыңады.
Анык болот өткүр, курч,
Майышабы сынабы?
Анык баатыр жигиттин
Арстан, шердей сүрү бар.
Акылы толук, сөзү чың,
Ай-ааламга дүңү бар.
Жоктон жасап, бар кылган,
Билимдин бийик түрү бар.
Адамды тарткан өзүнө
Магниттүү тили бар,
Мындай асыл эрлерди,
Эркин элим билип ал.
Алтымыш өнөр көп эмес,
Ардактап окуп, билим ал.

*1950*

# ОСМОНКУЛ

## ОСМОНКУЛ БӨЛӨБАЛА УУЛУ

*Кыргыз ырчылар чыгармачылыгында учкул ойлуу, акылга канык асыл сөздөрдөн ыр токуп адамзат генийинен гана жаралчу кундуу чыгармалары менен акындар поэзиясынын классикалык доорун түзгөн ондогон залкар таланттардын өткөндүгү маалым. Төкмөлүк өнөрүбүздө ырчылык менен «манасчылыкты» жупташтыра билген Балык, Сагымбай, Найманбайдай; негизинен ырчылык менен күүчүлүктү өнөрлөгөн Музооке, Айдаралы, Коргоол өңдүү (Айдаралыда мындан тыш куудулдук, пародисттик, Коргоолдо куудулдук, обончулук да болгон – А. О.); ошондой эле ырчылыкты, комузчулукту, айтуучулукту, аткаруучулукту, обончулукту бир башына топтогон Арстанбек, Токтогул, Калык, Алымкулдай жана жалаң төкмөлүк өнөрдү аздектеп (комузчулугу анча күчтүү эмес, ал эми Барпы комузу жок эле ырдаган), ошонусу менен артыкчаланып турган Жеңижок, Эшмамбет, Барпыдай нукура ак таңдай ырчыларды кездештиребиз.*

*Осмонкул кайсы тематикада, эмнени ырдабасын жогорку чеберчиликте, буйдалбастан төгүп жиберген артыкчылыгы, ырларынын салмактуулугу, санаттарынын учкулдуугу, төкмөлүгүнүн күлүктүгү, оюңдагыны таап ырдаган алымдуулугу менен дал Жеңижок, Эшмамбет, Барпыдай ак таңдай*

*төкмө- лөрдүн катарынан орун алган ырчы. Албетте, ошондо да ар ырчынын өзүнө жекече таандык өзгөчөлүк-төрү болбой койбойт.*

*Осмонкул Бөлөбала уулу 1888-жылы Кант районунун Чоң-Далы айылында туулуп, 1967-жылы азыркы Бишкек шаарында көз жумган.*

*Осмонкулдун мынчалык даңшарлуу төкмө болуп калышын шарттаган бир катар себептер бар. Апасы казак кызы – Айша балага түрдүү жомок, ыр, өлөңдөрдөн айтып берип, колуна домбура карматып ырдоого үйрөтүшү анын ириде шайырдык өнөргө ыктоосуна түздөн-түз себепчи болгон. Өзү жашаган чөйрөнүн да ага кыйла таасири тийген. Осмонкул көз жарган Айкор айылында Сарыкунан, Акчабдар, Чачма, Төкмө, Көөкарага окшогон ырчылар, комузчулар, бүткүл Сары-Өзөнгө белгилүү чечен, жазма акын Сармолдо, оң-солго таанымал айтылуу төкмө Жаманкулдун чыккандыгын[1] жазат К. Маликов. Башкасын айтпаганда да Жаманкул, Калмырза өңдүү талантту ырчыларга жашынан шыктануусу ага төкмөлүктүн жол-жобосун үйрөткөн. Ал ырчылыктын көрөңгөсүн, б.а., жамакты кандайча курашттыруунун алгачкы сабактарын ушулардан алган, буга кошумча Осмонкулдун өзү теңдүү жердештери Шаршендин бөтөнчөлөнгөн куудулдугуна, анча-мынча күлкүлүү ырларды кураштыра койгон өтүмдүүлүгүнө, Адамкалыйдын көргөндөрдү таң калтыра, куду бир актылуу пьесаларга окшотуп койгон куурчак оюнуна, гармонун тартып ар башка тилде ырдай билген жугумдуу өнөрүнө күбө болушу келечекте төкмөнүн*

[1] *Осмонкул.* – Ф., 1974, 7-б.

*жан дүйнөсүнүн козголушуна, буларга окшоп ичте бугуп жаткан бар мүлкүн элге чыгарууга ашыктырган.*

*Ал эми атасынын агасы Сүйүнбайдын дин мектебине окутуп кат таанытуусу Осмонкулдун казак, өзбек, татар тилдеринде чыккан китептерди окуп, аларга да таасирленип, керектүү жерлерин жаттап (ал казактын «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу», «Кобланды баатыр» өңдүү эпосторун жатка билген. Мындан сырткары Абдулла Тукайдын, Алишер Навоинин ырлары менен таанып болгон), чыгармачылык көрөңгөсүнүн байышына өбөлгө түзөт.*

*Бул анын кыз оюндардын көркү болуп ырдап калган учуруна чейинки, б.а., чыгармачылыгынын баштапкы этабын камтыйт. «Башта таназар албай эки жакка кете берчү элем. Эми убактымдын көбүн үйдө өткөрчү болдум. Китеп окуп, ырлар жазып, анан жаттай баштайм. Ырларымдын баары эле сүйүү менен күйүү. Кийинчерээк кошокторду да жазчу болдум»[1]. Буга караганда анын жазма акын болуп калышы деле толук ыктымал экен. Бирок көкүрөгүндө оргуштаган төкмөлүктүн зор мүмкүнчү-лүгү жаткандыгын өзү жазбай түйган. Канткен менен даңазалуу Калык ырчыга жолугушу Осмонкулду ырчылык шыдыр нукка салган, анын чыгармачылык жолундагы чукул бурулуш этабы болуп калгандыгы тангыс факты. Ушул күндөн баштап ал абасы Сүйүнбайдан баштакыдай корунбай (Сүйүнбай жаш ырчыны таптакыр ырдатпай, ырдоого тыюу сал-*

---

[1] *Осмонкул.* Менин өмүрүм /Эскерүүлөр. – Ф., 1968, 30-б. Кийинки негизги маалыматтар ушул китептен алынат – А.О.

*гандыгы маалым), Калыктын аркасы менен эл алдында ачык ырдоого мүмкүнчүлүк алып, таза өнөр, чоң ырчылыкка жолу ачылат. Калыкка жолуккан учурда ал 30 жашта эле. Бул анын өмүрүндөгү ири тарыхый окуя болгон. Муну өзү да танбастан мемуарына жазып, ырларында көп жолу эскерет.*

*Буга чейин белгилүү даражада жамагы төшөлүп келаткан Осмонкулдун мындан аркы чыгармачылыгына Калыктын устаттык көмөгү тийип, кадимкидей арымдуу кеткен экен. Мурункудай ырды жазып жаттап, домбура менен аткарбастан, Калыктан комуз үйрөнүп, жамгырдай төгүп ырдоонун негизги орчундуу ыкмаларын үлгүлөгөн. «Какем экөөбүз Чүйдө кыз оюндарда бир айга жакын болдук. Ушул убакыттын ичинде «Жаныш, Байышты», «Курманбекти», «Кедейканды» үйрөнүп алдым. Какем кетээрине эки күн калганда жарым түнгө чейин сүйлөшүп олтурдук. Мага акыл, кеңешин айтты: «Талантты күлүктөй таптабаса, жемдеп бакпаса дат баскан бычактай мокоп, эч нерсеге өтпөй калат. Ошондуктан убагында курчутуп туруш керек. Элдин муңун муңдашканга, кумарын жазганга, оюндагысын көркөм сөз менен айтканга биздей ырчы керек. Көзүңдү көрүп мактагандык эмес, ылайыктуу ырдайт экенсиң...»[1] Устатынын шакиртине айткан кеңешинде элдик ырчынын негизги милдети, аткарчу позициясы кайсы экендиги, репертуары кандай болоорлугу, кан менен кошо келген талантты мокотуп албай кандайча курчутуп, ар дайым элдин талабына жараша өнөр көрсөтө билүү керектиги өңдүү кыйла омоктуу мүдөө-талаптар кам-*

---

[1] *Осмонкул.* Менин өмүрүм /Эскерүүлөр. – Ф., 1968, 69-б.

*тылган. Устаттыктын улуулугу ушунда жатат. Ошондогу кыйынчылыкка белчесинен баткан элдин муңуна муңдаш, кубанчына ортоктош болуп, элге ар кыл жаңылыктарды, жагымдуу окуяларды, тарыхый маалыматтарды, баалуу кеп-кеңештерге чейин айтып караламан калктын маанайын көтөрүп, көптөгөн информацияларды жеткирип, бир учурда алардын рухий маданиятын байытуу өңдүү орчундуу милдеттерди ал кезде Калык, Осмонкулдай эл шайырлары аркалагандыгы чындык.*

*«Ачылып толук сабатым, артыла берди талантым» – деп кийин өзү ырдагандай, сабаты да, төкмөлүккө да жолу ачылып, күн өткөн сайын анын жоргосу чыгып чыгармачылык арымы кулачын жая берет.*

*Ошентип, Осмонкулдун өз жолун таап, такшалган адис ырчылардын катарына кирип калган мезгили 1920-жылдардын башына туура келет. Муну ырчынын 1926-жылы Бакуга барып түркологдордун съездине катышып, баргандан келгенге чейинки көргөндөрүн фотосүрөттөрдөй так чагылдырган «Бакуга сапар» аттуу ыры, ошол жылкы Калык экөөнүн белгилүү айтышы жана устатынын ага берген баасы далилдеп берет. «Бул менин турмушумдагы эсте каларлык эң чоң айтыштардын бири эле. Айтыштан кийин Какем: – Үч-төрт жылдын ичинде кадимкидей чоң ырчы болуп калганыңа кубанып турам. Рахмат, ишенчимди актадың. Мындан ары чоң ийгиликтерге жетишиңе мен тилектешмин, – деп колумду кысты».*

*Ырчынын 1931-жылы театрда, 1936-жылдан тарта Мураталы, Карамолдо, Калык, Молдобасан, Саякбай, Адамкалый, Атай, Алымкул, Актан,*

*Муса, Мыскал, Шаршен ж. б. турган көп кырлуу залкар таланттар менен филармонияда чогуу иштеп калышы, көктөн тилегени жерден табылгандай эле бир өмүрдөгү тагдырдын олжолуу жазмышы эле. Анткени ушундай көйкашка таланттардын ордосунда жүрүүнү абдан самап, өзүнүн да шакардай кайнаган төкмөлүгүн бул өңдүү шайырлар менен бөлүшсөм деген көксөөсү анда бала күнүнөн тарта боло турган. Филармонияда иштөө ого бетер чоң жоопкерчиликти тагып, дайыма чыгармачылык дем берип, өзгөчө эргүү жараткан. Осмонкулдун кыргыз элине кара аттын кашкасындай таанымал «эл эркеси» аталган Куйручукту, чоң куудул Бекназарды, алп «манасы» Сагымбайды, кадимки Тоголок Молдону жана Найманбай, Эшмамбет, Барпыдай ак таңдай, ири төкмөлөрдү өз көзү менен көрүп, жакындан билип калышы келечекки чыгармачылыгына мүлдө сабак болгон.*

*Чындыгында эле, баштакыдай бай-манаптарды аргасыз мактап ырдап, кайда жүрсө аларга көз каранды болбой, элге чечилип төгүп, талантынын аркасы менен туруктуу үй-жай күтүп, сый көрүп, ырлары газета-журналдарга жарыяланып, китеп болуп чыгып, өнөрлөрү телерадио аркылуу берилип, чыгармачылыгы толугу менен калкка жайылып, Осмонкул өңдүү эл шайырларына Октябрь революциясынан кийинки жаңы турмуштун тийгизген көмөгү зор болгон. Аны өзү деле танбайт.*

*Бир жагынан, башта мынчалык сый-урматка бөлөнүп көрбөгөн элдик өнөрпоздор партиянын ар кыл жарлыктарын аткарып, идеологиясын кадимкидей эле ээрчип кетишкен экен. Анан калса аларга коюлган талап да ошондой болгон. Ошол себептүү Ос-*

*монкул да «Жакшы колхоз», «Динчилдер», «Жаңы турмуш», «Кызыл кырман», «Улуу Октябрь ай келди» өңдүү учурдун талабына дал келген үндөө, чакырык мүнөзүндөгү саясий агитациялык жеңил-желпи ондогон ырларды жарыялаган. Төкмөлүк өнөргө автоматикалык түрдө билинбей өткөн мындай жасалма ыкма Осмонкулдай чоң ырчыларды психикалык жактан мокотуп, кылтылдатып, нукура, таза ырчылык жолдон адаштырып, элдик нарктуу салтсанаа, турмуш чындыгын, тарыхты, эл шайырларынын эң кызыктуу, ары опурталдуу өнөр таржымалдарын, дегеле өзүлөрү берилип, кызыккан темаларды козготтурбай, көп учурда тематикалык чектелүүчүлүккө такап, кыйла кедергизин тийгизген. Осмонкул өзүнүн тек-жайы, эл ичиндеги бар билгендери тууралсында ар дайым сактанып сүйлөөрүн уулу Белек көп эскерет. Анычында, ырды нөшөрлөтө төккөн ак таңдай төкмөлүгү менен кыргыз, казакка бирдей кадырлуу Осмонкулга да кандуу репрессиянын учкуну тийип, «бай-манапты мактап ырдаган» деген айып тагылып, он жылга кесилип Сибирге айдалып, баш-аягы эки жарым жылдай түрмөнүн запкысын көрүп, ошондон улам ал аз жерден төкмөлүгүн такыр токтотуп коё жаздаган экен. Өзү аны берегиче маалымдайт: «1940-жылы январь айында түрмөдөн бошоп Фрунзеге келдим. Поездден түшүп күйөө балам Касымалы Эшимбековдукуна бардым. Тууган-уругумдун жайын уктум. Арадан чай кайнам убакыт өтпөй эле Шаршен менен Карамолдо кирип келди. Шаршен бакырып басып жыгылды. «Ай, Шаке, далдаңдабай мындай болчу, тууган сеники болсо да. Биз да көрүшөлү, муштумдай немени тумчуктура турган болдуң» – деп Молдокем мени*

*кучактап, алкымымдан жыттап-жыттап алып, ыйлап жиберди:*

*– Ырдагандан айныбапсың. Эки жарым жылдай кыйноо тартып, баштакыдай болбой калды го дедим эле. Баарыбызды жашыттың. Бизге кайра келгин. Сени эл күтүп жатат. Барган жер эле сурашат – деди Молдокем. (Артист болбошко өзүмө өзүм ант берип койдум эле.) Улам-улам чакырта беришкендиктен, февралдын аяк ченинде филармонияга кайра келдим»[1].*

*Ырчынын күчтүүлүгү кайсы тематикада болбосун эч тайгылбай таамай төгүп кеткендигинде. Бул төкмөлүктөгү ириде көзгө көрүнгөн артыкчылык сапат. Мындай сапат Осмонкулга айрыкча мүнөздүү.*

*Мына биздин кенен Чүй,*
*Көз жетпеген терең Чүй.*
*Жериме келип көргөндөр,*
*Жерим болсо деген Чүй.*
*Баркын билген кишиге*
*Бар оокаты белен Чүй.*

*(«Чүйдүн көрүнүшү»)*

*Ал «аа» деп оозун ачып жамагын баштаганда эле берегидей саптар берметтей тизмектелген. Осмонкулда көргөнүн көргөндөй төп сүрөттөө күчтүү. Муну Бакуга сапарында көргөн Кара кум чөлүнүн көрүнүшүн, Борбордук Азиядагы тажик, түркмөн, өзбек, казак элдеринин улуттук өзгөчөлүктөрүн жана Кавказ жергесинин эстен чыккыс таасирлерин, андагы азербайжандыктардын салт-санаасын, бир көргөн кишиге калтырган жагымын ырга салып чебер тизмектеген ыр баяны таасын далилдейт.*

---

[1] *Осмонкул.* Менин өмүрүм. – Ф., 1968, 222-б.

*Мындай көрүнүштөрдүн баары ыр менен тартылган эле сүрөттөр. Осмонкулдун «Бакуга сапары» чоң жазуучулардын, же чебер журналисттердин эң сонун публицистикалык көлөмдүү жол очерктериндей эле көлөмдүү, канча бир жакшы жөрөлгөлөрдү, көрүнүштөрдү, жаңылыктарды, эс тутумдарды чап кармап, туура сүрөттөгөн ыр түрүндөгү жол очерк. Ошондой эле мында поездди алгач көргөн киши үчүн таң калыштуу көрүнүшү, бир станциядан бир станцияга тез жеткирчү ылдамдыгы Ыбырай Тумановдун «Паровоз» атуу күүсүндөй эле (ал комуздун бар мүмкүнчүлүгүн ашкан чеберчиликте пайдаланып, абдан элестүү берген, бул өзүнчө уникалдуу күү – А. О.) жеткиликтүү тизмектелген.*

*Осмонкулдун ырчылыгынын күчтүүлүгү учурдагы күтүүсүз жагдайларды жамагына жик билгизбей, шыдыр жалгаштыра кетүүсүнөн да билинет. Бир сапар алыскы райондордун биринде оюн коюп жүрүшүп, Осмонкул эл менен учурашып жаткан тапта шамал болуп чырак өчүп калат, төкмө бул көрүнүштү да ырына кошо кетип:*

*Үч айылда бир чырак,*
*Үйлөп салды өчүрүп,*
*Үстүдөн шамал ыркырап.*
*Ошону күтүп тургансып,*
*Олтурушат кыз-келин,*
*Мында, бирин бири чымчылап —*

*дегенде: «Опей, мына бул чал бизди да жөн койбой, ырына кошо кетти», – деп шыбыраша түшөт, алдыда олтурган өңчөй жаштар. Анда Осокең, аларга да минтип тамаша ыргытып жатат дейт:*

*Оозу шок кандай баласың,*
*«Ой, мына бул чалды»... – деп,*

*Осоңду сынга аласың.*
*Сен дагы кемшейген кемпир болосуң,*
*Ошондо, кемсомол кайдан карасын.*

*Ушул жерден, төкмөнүн өзүнө тааныш эмес канча бир аталыштарды, информацияларды, фактыларды бир угуп чап кармап калган эске тутуу мүмкүнчүлүгүнүн адамдан башкача артыкчылыкка ээ болгондугуна тан бербей коё албайсың. Анын мындай өзгөчөлүгүнө ошондогу атактуу төкмөлөр Калык, Алымкул, Саякбай ж.б. эл шайырларынын да таң калгандыгы чындык. «Осмонкулдун тубаса акыл-сезими өзгөчө күчтүү болчу. Ал алыскы жолду басып келсе да колхоз-совхоздордогу мыкты иштегендерди, о. э. артка калгандардын аттарын, аткарган пландарын алдын-ала сурап алар эле. Кечки концертте эл менен саламдашкан ырында колхоздогу мыкты иштеген бригадаларды, звенолорду, малчыларды, тракфористтерди, о.э. иши оңунан чыкпаган бригада, звенолордун аттарын атап ырдап кирчү. Ал кээ бир фактыларды, алар менен бирге иштешкендерди да таасын айткандыгы менен концертте отургандардын оюн утуп алчу. Ырынын ыргактуу куюлушкандыгы жагынан Осмонкулга өз мезгилинде бир да акын тең келе албаган»[1].*

*Осмонкул башка ырчылардан айырмаланып актер катары да театрда ар кыл ролдорду аткарган. Алсак, Ж. Турусбековдун «Ажал ордунасында» Зулайканын атасынын, Ж. Бөкөнбаевдин «Алтын кызында» Бектурдун, Гоголдун «Текшерүүчүсүндө» Абдулин көпөстүн ролдорун кыйла жеткиликтүү ойногондугун, ролдорду да бир окуганда эле жаттап*

---

[1] *Күмүшалиев К.* Залкар таланттар. – Ф., 1973, 167-б.

*калгандыгын[1] билебиз, б.а., ал улуттук театрдын калыптанышына да тиешелүү салымын кошкон.*

*Көрүнүшүң бир укмуш,*
*Көргөндөр кетпей үйрүлгөн.*
*Кейпиңди буза калганда,*
*Көзүңдүн жээги түйрүлгөн.*
*Мурдуңдун учу кыймылдап,*
*Мурутуң жиптей ийрилген.*
*Мурунтан эле табигат,*
*Мол кылса керек күлкүгө,*
*Мүчөңдүн баарын бир-бирден.*

*Бул эл куудулу Бекназардын алп төкмө Осмонкул тарабынан кайталангыстай чебер тартылган портрети. Угуп, же көрүп турганын ашык-кеми жок сүрөттөп, шыдыр төгүп жиберүү Осмонкулдагы негизги оригиналдуу артыкчылык. Ал чебер портретчи. Анын мындай өзгөчөлүгүн жер көрүнүшүн, адамдардын портреттерин, болбосо жан-жаныбарларды сүрөттөөсүнөн деле толук көрө алабыз.*

*Болбосо, уйдун башка бодо малдардан бар артыкчылыгын ырчы төрт сапка гана чебер сыйдырып коёт.*

*Желининде чака-чака сүтү бар,*
*Өгүзүндө атан төөнүн күчү бар.*
*Сааса сүтүн, карын-карын май берет,*
*Башка малдан берекелүү ушу мал.*

*Осмонкулда айтуучулук өнөр да зор болгон. Ал жаш чагында казак элинин «Кыз Жибек», «Козу Көрпөш, Баян сулуу» өңдүү эпосторун жаттап*

---

[1] Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф., 1988, 183-б.

*алып айтып жүргөн, кийин Калыктан «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейканды» үйрөнүп, кези келген жерлерде келтире айткандыгы белгилүү. «Осокем «Курманбекти» таңды-таң аткыча айтып да түгөтө албачу. Ал элдик баатырды өлтүрүп, кайра калктын өтүнүчү менен тирүү калтырып, уккандардын муун-жүүнүн бошотуп, бирде күлдүрүп, көңүлдөрүн шат кылып чоң чеберчиликте аткарчу эле» – деп эскерет Ашыралы ырчы. Албетте, устатынан үйрөнгөн күндө да ар айтуучунун ошол эпоско кошкон өздүк салымдары болбой койбойт. ...Атаганат, эгерде Осмонкул деле чоң төкмөлүгүнө салып өз алымча, кошумчалары менен ошол айтып жүргөндөрүн жаздырып кеткенде бул эпостордун сөзсүз Калыктыкынан кем турбаган классикалык варианттары жаралып калат эле. Бирок ал устаты Калыкты чексиз урматтаган үчүн мындай ишке барууну осол, уят иш катары көргөн. Ошентсе да анын айтуучулук ири мүмкүнчүлүгү «Ашымжан», «Баатырдын баяны», «Баатырбек», «Гүлшайыр», өңдүү поэма, көлөмдүү баяндарынан, «Аргасыз- дан болгон балчыдай» жомогунан эле ачык көрүнүп турат. Анан калса көп жылдар бою ээрчише ырдап жүрүп Осмонкул Калыктан эпос айтууга ылайыктуу, кубаттуу сөздөрдөн ыр курап, гипербола менен литотанын ордун таап ыктуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн үлгүлөгөн. Бирок ал ушундай ири мүмкүнчүлүгү туруп көлөмдүү эпикалык чыгармаларды жаратууга анча көңүл бурбагандыгы жогоруда аталган бирин-экин чыгармаларынан улам ачык байкалат. Булардын ичинен Осмонкулдун эң көрүнүктүү делген поэмасы белгилүү эл шайыры, ири темир комузчу, кыргыздын куурчак оюнунун баш-*

*тоочусу Адамкалый Байбатыровдун өмүр жолунан алынып жазылган – «Ашымжан» поэмасы. Ырчынын максаты Ашымдын Октябрь революциясына чейинки оор тагдыры жана соңку ишмердиги аркылуу жарды-жалчылыктан Кызыл Армиянын катарына өтүп, эл эркиндиги үчүн күрөшкөн лидердикке чейинки жолду басып өткөн жаңы коомдогу жаңы адамдын өмүр жолун ишенимдүү чагылдыруу эле. Ошону менен бирге бул поэмада кыргыз менен орус элинин ширелишип бараткан достугу, жакшылыкты тең бөлүшүп, кыйынчылыкта бири-бирине аркабел, жөлөк боло алган ынтымактуу адамдардын, кыз-жигиттердин оош-кыйыштуу тагдырлары, жасаган эрдиктери баяндалат.*

*Дал ушул поэмасында Осмонкулдун айтуучулук жөндөмү ачык көрүнөт.*

*Бул «Ашымжан» поэмасындагы Кожокандын образы. Ашымжандын Кызыл Армиянын катарына кирген учуру:*

*Кылыч алып кыйкырып,*
*Кыя тартып чабышып.*
*Кырып жүрөт душманды,*
*Кый сүбөсүн жарышып.*
*Жүлүнгө сайып, найзалап*
*Жүрөктүн канын агызып.*

*Көлөмдүү эпикалык чыгармаларга гана тиешелүү буга окшогон тизмектерди Осмонкулдун поэма, жомок, көлөмдүү баяндарынан, ар кыл ырларынан да арбын учуратабыз.*

*Осмонкулга устаты Калыкты ар нерсени алып калып сүрөттөөлөрү, жайынча көрүнүштү жандандырып укмуштуу, кереметтүү нерселерге айланды-*

*рып жиберчү айтуучулук өзгөчөлүгү сезилерлик даражада абдан жугушкан.*

*Осмонкулдун ири төкмөлөрдөн экендигин айтыштары да айкындайт. Айтыш ырчылардын ар кыл күтүүсүз жагдайларда ык, жол, сөз тапкычтыгын, кыйындыгын аныктайт. Айтышта ырчынын коптуу какшыкка, ыктуу чымчышууга, азилдешип тамаша ыргытышууга даяр турушу, ушул жагынан чеберчиликке ээ болушу чоң мааниге ээ. Осмонкулда берегидей сапаттар болсо да андан «Эсенаман менен Жеңижоктун», болбосо «Эшмамбет менен Калыктын» айтышындай нукура классикалык айтыштар калбады. Буга Совет мезгилиндеги айтыштардын жайынча, алдын-ала акылдашып жасалма мүнөзгө өтүп кеткендиги себепчи болду. Совет доорундагы айтыштарда төкмөлүк бар күчүн жумшап айтыштын ар кыл ыкмаларына өтүп, түркүмдөнүп, тил чеберчилигин көрсөтүү, катуулашып жаакташуу, кордошуу, дегеле бирин бири жеңип чыгуу калып, б.а., айтыштын абалтадан келаткан салттуу ыкмасы жөнөкөйлөшүп, негизинен областтар, же чарбалар аралык оң-терс көрүнүштөрдү, өлкөдө, республикада болуп жаткан жаңылыктарды, жетишкендиктерди айтып ырдоого багытталган эле. Бул убактагы айтыштар бар болгону сындоодон, мактоодон, жарлык айтуудан турган. Экинчиден, Осмонкул Калыкты устаты катары абдан урматтаган үчүн экөө эч убакта катуу кетишпеген. Осмонкулдун башка ырчылар менен айтышкан айрым айтыштарын эске албаганда, дээрлик айтыштары Калык менен болгон. Айтыш эч качан келишүүчүлүккө жол бербей, жаакташуунун,*

*тил чеберчилигинин ар кыл амал, ыкмаларын бийик деңгээлде көрсөтө билгенде гана чыныгы айтыш катары өз максатына жетет. Ал эми Осмонкул менен Калыктын айтыштары азыраак каяша, какшык, ыктуу чымчышуулар кездешкени менен чыныгы өнөр артыкчылыктары таасындалган күчтүү айтыштардын эмес, жайынча айтышкан жакшы айтыштардын катарына кирет. Осмонкул Калыктын көзү өткөндөн кийин «улууларды сыйлай жүрүү керек» деп жаштарга насаат айта ырдаган бир ырында өзү да Калыктын батасын алып, өсүп, эл алдында чоң сыноодон өткөндүгүн, ошол себептүү аны дайыма туу тутуп, өйдө карабаган, чын сырын айтып келип:*

*Асылкеч достой сыйлашып,*
*Акылдашып бир басып,*
*Агамдай сыйлап жол берип,*
*Андан мурда кол берип,*
*Ага тең акын болсом да,*
*Алдынан кыя өтпөдүм.*
*Айтышсам сени жеңем – деп,*
*Абийирин элге төкпөдүм – деген.*

*Бул жерде Осмонкулдун устатына багышталган чексиз урматы, өзүнүн чоң маданияттуу, жанда жок сыйчыл адам болгондугу көрүнүп турат.*

*Осмонкулдун устатынын алдынан кыя өтпөгөндүгү 1926-жылкы айтылуу айтышынан эле маалым болгон. Ошол айтышта:*

*Аз жылы көрбөй калганга,*
*Ардактабай калдыңбы,*
*Акын Калык пириңди?*
*Көңүлүңө карабай,*

*Кас душмандай аябай,*
*Карматсамбы жинимди! —*

*деп катуулап келаткан Калыктын беттөөсүн: «Каршылашкан ырчысын, Какем, каптап кетет жалындай» – деп тамашага буруп, бир чети Калыктын айтыш өнөрүндөгү балбандыгын айтып, ары кыял-жоругун элестүү чагылдыра, айтышты жаркын маанай менен бүтүрөт. Бул айтышка өзү катышып, толук таржымалын билген К. Маликов: «Угуп олтурган көпчүлүктүн колдоосу менен кызуулашып, сөз узарып бара жатканда сөздү убагында токтотуу үчүн жана дале болсо Калыкты сыйлай тургандыгын билдирип, ардактоо көрсөтүп, ошону менен бирге олтурган көпчүлүк менен күлкү аралаштыра коштошуу үчүн:*

*Калык – буура, мен – тайлак,*
*Качып турам жалтайлап.*
*Каарына чын тийсем,*
*Какем, жутуп коёт бир чайнап –*

*деп, сахнадан камчысын сүйрөп чыга качканы чын. Ошенткен Осмонкул эч кандай чайнашпай эле өмүр бою Какем менен кызматташ, тилектеш болуп жүрдү. Какем 1953-жылы дүйнөдөн кайтканда Осмонкул:*

*Ардактуу Калык акыным,*
*Аталаштан жакыным.*
*Кыялың түшүп эсиме*
*Кыйналып абдан жашыдым» –*

*деп кошкондугун эскерет.*

*Ырды ак жаандай төгө билген, ар нерсенин ак-карасын таасын көрө билген, таланты зор, ак таңдай ырчылык деңгээлге жеткен төкмөлөрдүн гана ар санатты эч тайгылбай ырдаарлыгы белгилүү.*

*Кыргыз ырчылар поэзиясында Осмонкул да ошондой ири нускоочу ырчылардын катарына кирет.*

*Анын санат, терме, үлгү ырлары баарыдан мурда турмуштук ар кыл көрүнүш, жагдайлардан өз алдынча корутунду чыгарып, терең талдай билген акылкөйлүгү, ойчулдугу, ыр тизмектеринин табигый учкулдугу, жорголугу менен өздүк мааниге ээ. Буга мисал катары өмүр-жаш багытындагы ырлардын эң мыкты үлгүлөрүнө кирген «Карылык» аттуу ырын алсак болот.*

*Осмонкул жаңылбай төккөн чоң төкмө болгондуктан турмуш туундуларынан келип чыккан терең маанилүү санаттарга кайрылбай коё албайт эле. Чындыгында эле төкмөнүн ыр жыйнактарындагы ырларынын эң салмактуулары – үлгү, санат, «карылык», өмүр-жаш ырлары. Анын нускоо ырлары ири масштабдагы нускоочу ырчылардын санаттарынын катарында турган классикалык чыгармалар.*

*Осмонкул алгачкы тырмак алды чыгармаларын өзү жазып, кайра жаттап алып ырдап жүргөн. Кийин Калыкка жолуккандан соң нукура төкмөлүккө өтүп, экинчиден ыкшоолонуп, калемди колуна кыйла жылдар бою албаптыр. Билгениңдин баарын жаз, – деп Калык канча жолу айтып, Аалы да шыктандырып, ал эми Кубанычбек ар дайым катуу талап кылып, уулу Белек өтүнө берген соң өмүрүнүн акырында барып «Менин өмүрүм» аттуу мемуарын, бир катар ырларын жазып бергендигин билебиз. Ал эми Осмонкулдун жыйнактарындагы арбын ырларды, эскерүүлөрдү уулу Белек жазып берген. Кийин өзүнүн канча бир баалуу чыгармаларынын ың-жыңсыз желге*

*учуп кеткенине (Кубанычбекке арнаган ырында) минтип катуу кайгырган экен:*

*Бек олтуруп жазбапмын,*
*Берметтей сөздү таппапмын.*
*Далыга чапса мактанып,*
*Дардаңдап күн-түн какшапмын.*
*Сендей, ининин тилин албапмын,*
*Көңүлгө сактап калбапмын.*
*Жазуу жакка умтулбай,*
*Жадабай элге сайрапмын.*

*Осмонкулдун ыр жыйнактарынан кадимки профессионал жазма акындардын ырларындай троптун түрлөрүн колдонуп жазган лирикалык ырларды кездештиребиз.*

*Бул ырларда ырчынын кыйла изденип тапкан табылгалары, жаңычыл ык, стиль, формалары ачык көрүнүп турат. Ал бирде эки, бирде үч саптан турган эң сонун тизмектерди жаратып эксперимент жасап көрөт. Осмонкулдун бир учурда элдик салттуулукту пайдаланып, жазма акындык ыкманы да колдонуп чыгарган ырлары бар.*

*Демек, Осмонкул чоң төкмөлүк менен катар жазма акындык ыкманы кыйла өздөштүргөн ырчы десек ашыкча эмес. Анын үстүнө ырчы өзү, дегеле көөнөрбөс ыр, обон, күүлөрдүн, же жазылып калган мыкты чыгармалардын эч качан өлбөсүнө көзү жеткен үчүн:*

*Акын деген алтын баалуу ыр жазат,*
*Акыл менен акыйкаттап чын жазат.*
*Акын өлбөйт, акындардын ырларын,*
*Эрмек кылып эли сүйүп ырдашат.*
*Көркөм чыккан китептерин окуса,*

*Көпчүлүк эл түрүүсүндөй тыңдашат.*
*Ырчылардын сөзүнө эл куштар да,*
*Ар ким ашык таттуу кебин укканга.*
*Көчөдөгү бараткан эл токтошот,*
*Атай, Муса обондору чыкканда.*
*Өзү чертип отургандай көрөмүн,*
*Токтогулдун «Чоң кербезин» укканда – дейт.*

*Осмонкул өзүнүн чоң ырчылыгына, тубаса талантына ишенген, калыс сүйлөп, төп жүргөн, өзүнө өзү сын көз менен карай билген айжаркын адам болгон үчүн «Сынчы уулума ачык кат» деген ырында жетимишке чыкканы калдым, өлгөндөн кийин айткан сыныңар кеч болуп калат, чыгармаларымды сындасаңар көзүм барда сындагыла, көрүмө тынч жатайын:*

*«Мени аяп бекер кайгы жебегин,*
*Супсак ырды даамдуу ыр дебегин.*
*Жети жолу өлчөп туруп, бир кессең,*
*Так ошондо сыныңарга көнөмүн.*
*Адилеттүү найзаң сайса жарамды,*
*Айыктырам кайратыма келемин» —*

*деген. Ал баарыдан мурда чыгармаларынын өмүрүнүн узун болушун каалаган:*

*Өз милдетин – эл ишенчин актаса,*
*Өзүм өлсөм ырым жашай баштаса,*
*Өмүрү узун жаш арчадай өскөнүм.*

*Бул, чоң төкмөнүн таза дил-пейилинен чыккан сыры, акындык кредосу. Төкмөлөрдүн ичинен сынчы эли менен ачык сырдашып, прогрессивдүү таасирлерди аң-сезимдүү кабыл алып, чыгармачылыкка коюлган талаптарды туура түшүнө билип, өзүнө өзү сын көз менен караган да жалгыз ушул Осмонкул. Чыгармачылыкка түшүнүктүүлүк менен жаса-*

*ган жаңыча мамиле деген ошол. «Чымчыкты сойсо да касапчы сойсун» дегендей ырчыларга ырчылардын өзүлөрүнөн өткөрө баа берүү кыйын.*

*Күкүк эле Осмонкул,*
*Күн-түнү талбай таңшыган.*
*Абайласам ырлары,*
*Ак булут экен калкыган.*
*Акынсып ар ким ырдады,*
*Ал эми Осмонкулдун ырлары,*
*Айдаган койдой чубуруп,*
*Ашыгып турчу артынан.*
*. . . . . . . . . . . . . . . . . .*
*Осмонкул деген ким эле?*
*Оодарылбас, чайпалбас,*
*Океан болчу тимеле... —*

*дейт Ысмайыл ырчы. Бул Осмонкулга карата эч апыртуусуз, болгондо да анын төкмөлүк артыкчылыгын абдан элестүү, так кесе сүрөттөгөн туура сын. Муну Осмонкулга карата кыргыз элинин берген баасы деп түшүнүү керек.*

*Алп төкмөнүн эмгеги туура баалангандыктан ага «Кыргызстандын Эл артисти» деген жогорку наам берилип, Ленин ордени менен эки жолу, о. э. «Эмгек Кызыл Туу» ордендери жана медалдары менен сыйланган.*

*Жыйынтыктаганда, Осмонкул Бөлөбала уулу кайсыл тематикада болсун чоң чеберчиликте ак жаандай төккөн төкмөлүктөгү күлүктүгү менен айырмаланган, айтыш өнөрүндөгү чеберчилиги, ири сүрөткерлиги, чоң нускоочулугу менен элибиздеги саналуу алп ырчылардын катарына кирет.*

*АБДЫСАЛАМ ОБОЗКАНОВ*

## АТ-БАШЫ

Ат-Башыда Каман суунун талаасы,
Адыр-адыр аска тоонун арасы.
Тезге салып түзөп койгон шырыктай,
Тегиз чыккан карагайын карачы.

Ала-Тоонун ак жибектен куру бар,
Жылгасында жылтыраган куму бар.
Кайың, четин, долононун башында,
Тизген өңдүү кызыл мончок, шуру бар.

Аңкыштаган суур менен улары,
Жылаажындай шылдырашкан булагы.
Жалт-жулт этип түрдөп койгон килемдей,
Белестеги бетегенин ыраңы.

Бурч-бурчунда кекиликтер сайрашкан,
Борондуунун мал чарбасы жайлашкан.
Кара кыяк калың чыккан башатка,
Желе тартып тизип кулун байлашкан.

Жумаш жүрөт тал укурук сүйрөтүп,
Азоолорду чалма салып үйрөтүп.
Кой, жылкыбыз жылдан жылга өстү – деп,
Тилебала, Жумаш экөө сүйлөшүп.

Түрдүү чөптөр башында гүл сайынган,
Төтөсүнө кой-эчкилер жайылган.

Тебетайын түрүп кийип, ышкырып
Тилебала койдун четин кайырган.

Коктусунда кой-эчкилер маарашкан,
Козу-улагы так түйүлүп жарышкан.
Кокусунан жоголдубу козу – деп,
Күлкүсүнө күлө басып санашкан.

Жумашка окшош жылкы баккын, коротпо,
Тилекемдей койду асыра жоготпо.
Мал чарбаны ушулардай көбөйтсөк,
Колхозундун чын ырысы болот ко.

## ЖАҢЫ ТӨЛ

Байчечекей гүл сайынып жыбырап,
Бар жаныбар чээнден чыгып кыбырап,
Жер бетине жашыл баркыт жайылып,
Көктөн жамгыр тамчылаган дыбырап.

Көлдө бака күүсүн тартып унчугат,
Көктө торгой үн салышып чуркурап.
Улуу тоодон сызып атыр жел жүрүп,
Көктүн жыты мурун жарат буркурап.

Аңгычакты бүркөө кабак ачылды,
Дыбыраган көктүн жашы басылды.
Кызыл-жашыл нечен түрдүү кубулуп,
Жалт-жулт этип нуру тегиз чачылды.

Кой жайылган шор башаттын түзүндө,
Жабыратып төл киргизчү кезинде.
Карышкыр алчу көк даңгытын ээрчитип,
Түлөкабыл турат койдун четинде.

Балтыр козу жазданып көк шиберди,
Боз кашка кой жаңы тууган мезгили.
Чуркап келип: «Аман-эсен болсо, – деп,
Түлөкабыл эрте камын тиледи.

Чуркап келген жаны калбай күйүгүп,
Кубангандан ашып-шашып түйүлүп.
Кулжа сүрөт ак козуну көргөндө
Кудуңдады Түлөкабыл сүйүнүп.

«Жаныбар» – деп шыйрактарын шыпырды,
Жанындагы Молдостамды чакырды.
— Майда тармал түбү тыбыт жибек жүн,
Көрдүңөрбү биздин асыл тукумду.

Боз кашка кой мекиренип жалады,
Эне чиркин кандай сүйөт баланы.
Өйдө болуп боюн күүлөп силкинип,
Үн чыгарып энесине карады.

## КОЛХОЗ

Жакшы колхоз мал кадырын билишет,
Жалтылдатып малды семиз минишет.
Беде, чөбүн арбын кылып камдашып,
Аттарына арпа, сулу илишет.
Өгүз, атын семиз кылып багышып,
Эртелешип жумушуна киришет.

Башка менен мал багууга мелдешет,
Социалисттик мелдешке чык, кел дешет.

Эгин, чөбүн эртелетип бүтүрүп,
Эмгекчинин эпкиндүүсүн көрсөтөт.
Арыктатып жоор кылып көп минбей,
Аман-эсен жаз болгондо төлдөтөт.

Аты семиз акырында жулкунат,
Арабасын ала качып булкунат.
Көйкөлүшкөн канатындай тотунун,
Куйрук-жалы кундуз өңдүү кулпунат.
Тору кула, сары кула жээрде,
Тукабадай жүнү таза жылтырап.

Коом малы күндөн-күнгө күчөгөн,
Кыйшыктарын тезге салып түзөгөн.
Кымбат сарай, кампаларын салышып,
Кыйыштырып кемчилдерин бүтөгөн.
Мурун жүз кой, отуз жылкы бар болсо,
Миңдеп өсүп, чарба малы түтөгөн.

Ак ниеттер атты жакшы бакпайбы,
Арам санаа душмандардай бакпайлы.
Ат жаныбар колхозчуга чөп керек,
Арыктатпай ат кадырын сактайлы.
Семиз кылып жакшы баксак секиртип,
Кошкуруктап арабаны тартпайбы.

Колхозчулар баркына жет аттардын,
Тилин алба кара санаа жаттардын.
Атыңарды семиз кылып булкунтуп,
Алдыңдагы планыңды аткаргын.

## ШАРШЕНГЕ

Жаш чагымда бир баскан,
Жай айтышып сырдашкан,
Каргадай чактан бир өсүп,
Капамды жазып муңдашкан,
Эсил Шакем мүнөзүң
Эскерип айтам бир баштан.
Эл чогулуп келгенде,
Элирип бирге ырдашкан.
Аңгемесин уксам – деп,
Аял-эркек курдашкан,
Ажал-өлүм кез келип,
Акырет кеттиң турбастан.
Айрылып калдым арманда,
Асыл Шаршен кымбаттан.
Таасын чыккан жорго элең
Тамашаң менен таң аткан.
Таттырып ширин кебинен
Тамшантып элди караткан.
Таңшып ырдап олтурса,
Таңыркап ар ким карашкан.
Сүйлөп берсе элине
Сүйкүмдүү кеби жарашкан.
Көпчүлүктү кубантып,
Күлдүрүп кумар тараткан.
Күлүк элең кыргызда
Күлкүң менен күн чыккан.
Көпчүлүктүн алдында
Күкүктөй тилин курчуткан.

Күлүп боорун тырманып,
Көңүлдөн капа муң чыккан.
Кутулар адам жок экен
Куураган өлүм кырсыктан.
Кайран Шакем мүнөзү,
Капталда калтар түлкү эле.
Кадырын билип катканга
Казынага жыйган мүлк эле.
Олтурган-турган жерлери
Оюн менен күлкү эле.
Өзүн эмес жоругун
Ойлогон киши күлчү эле.
Ордолуу кыргыз чогулса,
Оюн салып жүрчү эле.
Кыргызстан биз эмес,
Кыйла журт атын билчү эле.
Кымбаттуу Шаршен булбулум
Кызыл тил элең сайраган.
Кыйкырып ырдап олтурса,
Кызыктуу кеби кайнаган.
Кыйыштырып сөз сүйлөп,
Кыйланын көөнүн жайлаган.
Кыяктай үнүн коаздоп,
Кызыл тилин кайраган.
Кыюусуз өлүм кез келип,
Кымбаттуу тилин байлаган.
Кыргыздан кеткен кайраным
Кылчайып келбейт кайрадан.
Ысыктыгы кебиңдин
Табылгынын чогу эле.

Өткүрдүгү кебиңдин
Душманга аткан ок эле.
Мүлдө кыргыз жеринде
Күлдүргүч сендей жок эле.
Ойнобой туруп күлдүргөн
Оюнга сөзүң оң эле.
Түшүнүп чечкен адамга
Түгөнбөс кебиң мол эле.
Куудулдардын көбүнөн
Куйручук кыйын дечү эле.
Дагы Шакем, ойлосом,
Күлкүгө туулган киши эле.
Эсил Шаршен булбулум
Элден чыккан жорго эле.
Олтурган жери тамаша,
Эл чогулган ордо эле.
Баалуу кеби жаккандан
Башына бакты конду эле.
Эмгегинен таанылып,
Эл артисти болду эле.
Көпчүлүктүн алдында,
Күлдүрө сүйлөп чыкты эле.
Жалаң кыргыз биз эмес.
Жалпы тууган укчу эле.
Кымбаттуу, кайран Шакем жок,
Кырк жети жашка чыкты эле.

## МУРАТАЛЫГА

Ала-Тоо аттуу жеринден,
Атпайы кең Чүй, Кеминден,
Өнөрпоз болуп туулдуң,

Ордолуу кыргыз элинден.
Бала чакта өнөргө,
Балапан куштай теминген.
Баалуу күүсүн укканга,
«Бали, рахмат», дегизген.
Күүндү уккан адамдын,
Көңүлү тоюп семирген.
Өзүңдүн атаң Күрөңкөй,
Өзгөчө кыйын комузчу.
Он беш жашка чыкканда,
Үйрөндүң кыяк, комузду.
Үйрөнүүгө күүндү,
Көп киши ашык болушчу.
Карамолдо, Чалакыз,
Өзүңдөн уста болушту.

Сары жыгач түтүк жасатып,
Сайраттың кыяк, чоорду.
Салтанат менен өткөрдүң,
Салттуу жыргал доорду.
Жүйөсүн тапкан адамга,
Жүз түрлүү өнөр оорбу?

«Кыягым үндүү болсун» – деп,
Кургатып шири каптадың.
Тутам кылып талдатып,
Туу куйрук болду такканың.
Ойноо бала чагыңдан,
Өнөр болду бакканың.
Кымбаттуу сизге рахмат,
Кыргыздын эски күүлөрүн,
Кылымдар бою сактадың.

Кадырлап элим той кылган,
Карыя сизди мактадым.
Ордолуу кыргыз элине,
Өнөрүң бүгүн көрүндү.
Күлкүлүү, шаттуу күүлөрүң,
Көтөрөт укса көңүлдү.
Ойноп-күлүп өткөрдүң,
Сексен беш жылдык өмүрдү.
Ак калпак кыргыз эл билди,
Аксакал сенин жөнүңдү.

Кыргыз эли кадырлап,
Кымбаттуу күүң жыйнады.
Арманы жок ар кимдин,
Айтылып калса жыйнагы,
Көркөмдүү кооз күүлөрүң,
Көңүлдөнтөт кыйланы.
Барктуу кары Мукемди,
Баа берип элиң сыйлады.
Күүң жакшы болсо – деп,
Көп өнөрпоз ой кылды.
Ак калпак кыргыз чогулуп,
Атыңды кайта койдурду.
Таалайлуу сизде арман жок,
Даңк көтөрүп той кылды.
Өзүңүзгө чоң сыймык,
Өнөрдүн элге калышы.
Өнөрпоздорго чоң сабак,
Өзүңдөн үлгү алышы.
Ушунча сизди барктаган
Улуу элдин калысы.

## КЫРГЫЗСТАН

Ала-Тоонун төбөсү,
Асманга жетип заңкайып,
Аскалары көк тиреп,
Алда кайдан аркайып.
Күн тийгенде жаркырап,
Күмүштөй аппак шаңкайып,
Колот-колот төрлөрү
Курсагын салып чалкайып.
Асман тиреп Ала-Тоо,
Ак болот калкан жамынган.
Көк болоттон башына
Соот кийип камынган.
Толгон токой арасы
Аркар, кийик жайылган.
Калтар, суусар, сүлөөсүн,
Каалаганың табылган.
Алма, жаңгак, алча, өрүк,
Өзүнчө өсүп багылган.
Сулуу кыздай сыланып,
Шуру, бермет тагынган,
Ак ыйык, барчын таш түлөк,
Аркарды көздөй чамынган.
Ала-Тоонун боорунда,
Адыр-адыр аралы.
Кайың, четин, карагай,
Капталында бадалы.
Бадалында маараган,
Эчки, теке, куланы,
Мүйүзү чоң каркайган,
Бугу менен маралы.

Дукабадай кулпунган,
Жайдын күнү ыраңы.
Моюн алышып секирген,
Эчкинин чаар улагы.
Суусарлары сеңселип,
Суу жээктеп бойлошкон.
Калтарлары жаркылдап,
Карды кечип сойлошкон.
Илбирс менен сүлөөсүн,
Кубалашып ойношкон.
Түлкүлөрү шыпылдап,
Чычкан издеп жойлошкон.
Чыгыш жагы Каркыра,
Ашып өтчү белим бар,
Актөр, Кумбел, Айдаркан
Алтын, күмүш кеним бар.
Кызыл-Кыя, Сүлүктү,
Кымбат баалуу көмүр бар.
Майлы-Сайдын ичинде,
Баасы артык нефти кеним бар.
Кара дайра, Чатыр-Көл,
Балыктары козудай,
Бактылуу Ысык-Көлүм бар.
Бак-таалайга бөлөнгөн,
Ала-Тоого жөлөнгөн,
Баатыр кыргыз элим бар.
Ала-Тоо деген жерим бар,
Ар түрлүүнүн баары бар.
Боорунан балы куюлган,
Алтын, күмүш жыйылган
Эмне десең табылар,
Арпа, буудай, ак сулу,

Азык кылчу даны бар.
Кыя чалып сугарган,
Кызылчадан чыгарган
Аппак шекер балы бар.
Ак берметтей баш алган
Ак күрүчтөй шалы бар,
Коон, дарбыз, картошка,
Апийими дагы бар.
Кең сары өзөн боюнда,
Өсүмдүктүн баары бар.
Ушундай жерди жердеген,
Биздин элдин багы бар,
Түштүгүмдү карасаң
Косегинен чыгарган,
Кап-кап болуп чубалган,
Караган киши кубанган,
Ак була жибек пахта бар.
Зоот сайын үйүлгөн,
Тонналап тартып кийирген,
Булуттай аппак пахталар.
Биздин кыргыз элибиз,
Ушулар менен мактанар.
Баш, аягы керилген
Бооз бээдей чалкайып,
Жабуусу бүтүн эгинден,
Түптүз болуп чалкайып,
Кенен Чүйдүн талаасы.
Булактары шаркырап,
Күмүштөй аппак жаркырап.
Бал куюлган салаасы.
Ат менен жүргөн кишиге,
Алты күндүк арасы.

Душманга теңдик бербеген,
Түбүнөн бери жердеген,
Чоң атам баатыр Манасы.
Ош, Жалал-Абад, Каракол,
Нарын, Жумгал, Таласы.
Кыргыз жердеп жүрсүн – деп,
Кылымга өсүп-өнсүн – деп,
Октябрдын жеңиши
Ээлеткенин карачы.
Ошондой жерге туулган,
Кымбаттуу кыргыз баласы.
Баш жагы Кара-Кужурдан,
Кочкордон бери кыдырган.
Күчүнө келип киргенде,
Күч бербей токой жулунган.
Капчыгай ылдый күрпүлдөп,
Кайраттанып акканда,
Каарынан жүрөк түрсүлдөп,
Көк-Ойрок кошо кошулуп,
Кечүүдөн киши чочунуп,
Кең Чүйдүн кандай дайрасы.
Көгөрүп жатса мелмилдеп,
Кеткендей жандын айласы.
Казак менен кыргызга,
Канчалык тийген пайдасы.
Мунарланган Ала-Тоо,
Боорунан чыгат ошолор,
От жакпай оргуп кайнаган.
Эчен киши сонундап,
Эс алууга жайлаган.
Арашан нечен ысык суу,
Жеринен кайнап буу чыккан,

Көңүл ачып ойноого,
Көп кишилер кызыкчу.
Жети-Өгүз менен Кой-Сары,
Жерим көп менин кызыктуу.
Ала-Тоонун боорунда,
Айтылып жаткан ошолор.
Ар кайсы тоодон кулаган,
Аркардай эргип чураган,
Аяк жагын карасаң,
Бир дайрага улаган.
Ош, Кара-Суу, Суусамыр,
Өзөн сайын суусу бар.
Тоо сайын өрүк, алча бар.
Тоо кайыбы канча бар,
Жайында ысык өтпөгөн,
Суукка үшүп кетпеген,
Жай-кышы өңү өчпөгөн,
Карагай, жаңгак, арча бар.
Арасында жер-жемиш,
Айтылбай жатыр канчалар.
Аюу, бөрү, кабылан,
Арасында даң салар.

Ылдый карап басканда,
Бышты өгүздөй зоңкойгон,
Кайратына келгенде,
Карагайды омкоргон.
Ачуусу келип күрсүйүп,
Казандай ташты томкоргон.
Капталдан карды жиреткен.
Кезигип калса кучактап,
Киши менен күрөшкөн,

Агала баш аюу бар.
Кыштын күнү жатканга,
Кырында үңкүр жайы бар.
Бетеге жеп семирген,
Жаңгактын майын кемирген,
Кеминде беш пуд майы бар.
Карагай менен алышып,
Каршы-терши барышып,
Кармашып жүрөт аюулар.

Боорго чыгып даңкайган,
Тайлак төөдөй тартайган.
Бутагындай арчанын,
Мүйүздөрү каркайган,
Айры мүйүз бугу бар.
Адырга чыгып жайлаган,
Аралаш марал, бугулар,
Кыядан түшкөн жылкыдай,
Кырлардан ылдый чубурар,
Айкырышып үн салып,
Аюудай үнү угулар.
Кулундай ойноп жүрүшкөн,
Кулан, жейрен ушу бар.

Калтарды кардан сулаткан,
Кардын жарып бөктөрүп,
Карышкырды кулаткан,
Илбирс, эчки, текенин,
Ичегисин чубаткан.
Ителги, бүркүт кушу бар.
Ала-Тоо кендүү жеримде,
Ак калпак кыргыз элимде.

Айтылбай бирөө калбасын,
Башкасын айттым колхоздон,
Эми айтайын чарбасын.
Сүрөттөп тегиз өтөйүн,
Төрт түлүк чарба мал башын.
Орду менен ырдасам,
Уккандар жакшы аңдасын.
Жүктөп коюп оо десе,
Жыла басып чанадай,
Эки өгүздүн күчү бар,
Чөйчөктөй кара көзү бар,
Чөк деп койсо тил билген.
Бөлөк малдан эси бар,
Кыска кулак, кара көз,
Ийри моюн, айры өркөч.
Чуркаса атка жеткирбейт,
Көсөө куйрук, тайган төш
Ачкамын деп арыбас,
Араба тартса чаалыбас,
Жүрө берет жетекке,
Жүккө бели талыбас,
Катар басып жайылган,
Колхоздордун төөсү бар.
Жылтырканга откозгон,
Жыла басып топтошкон,
Четине чыгып көз салып
Чөк деп алдын токтоткон,
Кайтарып жүргөн ээси бар.

Куландай басып ойношкон,
Өзөндүү сууну бойлошкон.
Кубалашып кулун, тай,

Укурук көрсө мойношкон.
Кол көтөрсө жалт берип,
Кошкурушуп секирген,
Куйрук-жалы чубалып
Жерге тийип көшүлгөн.
Ою менен семирген,
Оюн салып элирген,
Кара тору, жээрде
Түрлүү кооз көрүнгөн.
Коё берсе дыркырап,
Жаа тарткандай бөлүнгөн,
Айгыр, бээси аралаш,
Кулун, тайы тайкы жал,
Каман соору, марал баш,
Кундуздай жүнү жылтылдап.
Коёндой ыргып кылтылдап,
Басып кетсе жоргосу,
Баш чайкатпай шылкылдап,
Кош мамыкка жаткансып,
Кунан, тайың былкылдап,
Жазында жака жайлаган,
Жанаша кулун байлаган.
Жайында ысык өтөт – деп,
Салкын тоого айдаган.
Жашаңдуу чөптөн чайнаган,
Айгыры зоот жулкунган,
Кулун, тайы аргымак,
Кооз жүнү кулпунган.
Тоолук колхоз жылкысы,
Топ-топ болуп дүркүрөп,
Тоодон ылдый чубаган,
Бура тартып караса,

Бугудай моюн бураган.
Алты күндө жол жүрсө,
Арыбастан чыдаган.
Абдан күлүк болот – деп,
Аксакалдар сынаган.
Темингенде айт берип,
Текедей ыргып чураган.
Көк бөрүгө минсем – деп,
Көпкөн балдар сураган,
Аттары сонун жүгүргөн,
Андан алыс түйүлгөн,
Алдыга келип чабышта,
Көргөн адам сүйүнгөн.
Жараганда кошкуруп,
Жаадай бели ийилген.
Салтанаттуу колхоздун
Сандап өскөн жылкысы.
Укуругун сүйрөткөн,
Азоолорун үйрөткөн.
Кыштын күнү ыктырма,
Жылуу жерге түнөткөн.
Жаздын күнү тай-кулун,
Даакыларын түлөткөн,
Аман багып көбөйткөн
Ак ниеттүү жылкычы,
Колхоздордон көрөмүн,
Карала зоот уйларды.
Касиеттеп сактайбыз,
Казына болот уй малды.
Өгүздөрдү карасаң
Атан төөдөй күчү көп.
Инектерин карасаң,

Чака-чака сүтү көп.
Эки өгүздөн түгөйлөп,
Арабага чегишет.
Соко айдаса эң сонун,
Мүйүздөрү каркайып,
Мындан бетер келишет.
Кечке жакын короого,
Өзү келет айдатпай,
Таң атканча чөп жебей,
Жата берет байлатпай.
Көл боюна чогулуп,
Көлөкөлөйт сайгакта.
Жарылганча семирет
Жайында төргө жайлатса.
Инегинен ичкенге,
Сүт-каймагы мол чыгар.
Союп жесең семиртип,
Далысынан ком чыгар.
Бар жумушка жараган,
Майын атка баалаган.
Өгүзүнүн күчү көп,
Атан төөдөй балбаны.
Сонун тартат кошкондо,
Соко менен арабаны.
Арабада жүгүнүп,
Алтымыш пуд салмагы.
Семиз багып туудуруп,
Өстүр мындай чарбаны.
Колхоздорго күч берген,
Каймак, быштак, сүт берген,
Калып калган жумушту,

Кайрат менен бүткөргөн,
Касиеттүү уй чыгар.
Сарайга жылуу жаткырып,
Саман-чөбүн чак кылып.
Арбын камдап тоютту,
Арыктатпай бактырып,
Сан-сапатын арттырып,
Жакшы баккын, уйчулар.
Короодон чыга жайылган,
Койчулар чой деп кайырган.
Кокту бойлоп бараткан,
Козу, улагын артынан,
Кошо ээрчитип маараткан.
Ээрчип басса энесин,
Эгиз тууган козулар,
Эң бир сонун жарашкан.
Жүнү жибек сеңселген,
Кучак куйрук кочкору,
Жүгүрө албай теңселген.
Тал-тал болгон жибектей,
Татынакай жүнү бар.
Кошулушуп маараса
Коңгуроодой үнү бар.
Кара-кызыл, ак була,
Жүнүнүн нечен түрү бар.
Майда да болсо жарыктык,
Баары жарайт керекке,
Соолук кою эгиздеп,
Эчки тууйт сегиздеп,
Бат көбөйөт фермасы,
Куйруктары казандай,

Кубаласа басалбай,
Тууп алып козуну,
Тургузуп алып телчитип,
Басып жүрсө бир кызык.
Балапандай ээрчишип,
Жайында тоого өрдөткөн,
Жазында жакшы төлдөткөн,
Майда да болсо кой-эчки,
Башка малдай баркы бар.
Колхоз сайын булардай,
Малдын баары бар чыгар.
Ошолордун баарысын,
Өстүрүп жакшы багышкан,
Уйчу, койчу, жылкычы,
Жакшы баксын малчылар.
Ала-Тоону жердеген,
Ак калпак кыргыз эли бар.
Малдын баарын өстүргөн,
Пландан аша бүткөргөн,
Максатына жеткирген,
Ала-Тоо деген жери бар,
Бетеге белден бураган,
Кулун, тайы чуулаган.
Козу, музоо, тайлактар,
Каркырадай чубаган.
Арпа, Соң-Көл, Көк-Ойрок,
Мал жайлачу төрү бар.
Атактуу менин жеримде,
Ак калпак кыргыз элимде,
Ушулардын көбү бар.
Кымбаттуу шаар Фрунзе,

Кыргыз элдин борбору,
Күзгүдөй таза жалтырап,
Көчөнүн сулуу жолдору.
Төрт кабаттан үй салып,
Түгөл баары орноду.
Аркы-терки салдырган,
Автомобиль, машина,
Асемдүү сонун жоргону,
Катар салган кирпичтен,
Казарманын коргону,
Театрдын көчөсүн,
Темир менен түрлөдү.
Ордолуу кыргыз элимдин,
Ошондой гүлдөп толгону.
Алда нече зооту бар,
Алда кайдан жаркылдап,
Түн ичинде электр
Күндүзгүдөй жалтылдап,
Күндүк жерге угулат,
Гудоктун үнү заңкылдап.
Асманга чыгат түтүнү,
Ак булуттай калкылдап,
Кант зооттордун түтүнү
Көккө чыгат созулуп,
Кулагыңды тундурат,
Үн алышып кошулуп.
Ош, Жалал-Абад, Алай бар,
Соң-Көл, Нарын далай бар,
Талас менен Фрунзе,
Балыкчы, Токмок, Чоң-Кемин
Айтыла элек далайлар.

Ала-Тоону жердеген,
Ак калпак элде далай бар.
Байлыгы менен кыргыз эл
Алдыңкыга жакындар.
Союзга барып катталган,
Шаңдуу кыргыз атым бар,
Душмандын торун тытышкан,
Дүйнөлүк мөрөй утушкан.
Алышканды жыгышкан,
Дүйнөгө аты чыгышкан,
Үсөнбек, Дайыр, Ташмамат,
Анбарбектей баатыр бар.
Куушуруп немец келгенде,
Сокку берип душманга,
Курман болгон көп үчүн,
Чолпонбай менен Дүйшөнкул,
А дагы биздин баатырлар.
Жаагын жаңшап ырдаган,
Жалгыз кыргыз тыңдаган,
Элирип сайрап олтурса,
Эл чогулуп курдаган,
Атагы чыккан кыргызга,
Сүйлөсө шекер бал тамган,
Алымкул, Калык акын бар.
Ошолордун баарысы,
Ордолуу биздин кыргызда.
Эркин жайлоо атыр жел,
Элим күнөс чыгышта,
Ала-Тоонун боорунда,
Күжүрмөн кыргыз элибиз,
Ушул кез жыргал турмушта.

## КЫЗЫЛ ГҮЛ

*(Обондуу ыр)*

Сен кызыл гүл жайнаган,
Мен булбул бакта сайраган.
Мен бир паанар, сен панар,
Жарыгың тийсе жайланам.
Кылчайып булбул конууга,
Кызыгам кызыл гүлүңө.
Бурулуп кулак сала жүр,
Булбулдун муңдуу үнүнө.
Көз салам гүлгө күнүгө,
Көөнүмдү ачып күлүүгө.
Көңүлүм калат ачылып,
Гүлүңдүн жатсам түбүнө.
Күлүп өт гүлүң бар чакта,
Күйүттү бойго таркатпа.
Буралып бакта сайраган,
Булбулдун үнүн чарчатпа.
Ачылган гүлгө жетемби,
Ашыктыгым бекерби?
Арзыган гүлгө жеталбай,
Арманда өтүп кетемби?
Жаштыгың жайдын гүлүндөй,
Жамалың шайы түрүндөй.
Шаңк-шуңк этип күлгөнүң,
Шактагы булбул үнүндөй.
Сен бир гүлсүң бактагы,
Мен булбулмун шактагы.
Муңун айтып булбул куш,
Муңайып гүлдү мактады.
Жел тийсе гүлүң козголот,

Жытыңа булбул дос болот.
Күлүп өт гүлүң бар чакта,
Күз түшсө сонун гүл солот,
Өспөйбү гүлүң жашарып,
Жашыл шай кийип жасанып.
Кеткен соң кызыл гүл учуп,
Келмеги кыйын жасалып.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Каткалаң муздан кутулуп,
Каткырып күлүп жаз келди.
Канатын күүлөп талпынып,
Каркылдап өрдөк, каз келди.
Тоо жели түртүп термелтип,
Торгойдун тили так келди.
Эркек-аял, кары-жаш,
Эмгекке кирер чак келди.
Ак куладай элиртип,
Аттарды семиз байлагын.
Трактор, соко, маланын
Тиштерин чыңдап кайрагын.
Кызылча, пахта, ак буудай,
Кызуу менен айдагын.
Гүлдөтөлү колхоздун
Күндөн-күнгө аймагын.

Чаалыкпай багып, чабандар,
Чарбаңды аман төлдөткүн.
Малыңды аман асырап,
Эмгегиңди көрсөткүн.
Барлыгың чыгып жарышка

Байгелешип мелдешкин.
Козу-улагын жайнатып,
Көк шиберге төлдөткүн.

Уңгусу карыш чоң кетмен,
Кол учунда ойносун.
Кызылча жерин күл кылып,
Кыртыш чымын койбосун.
Керилип жатып албастан,
Келечегин ойлосун.

Жаркыраган жаз келди,
Жабыла колхоз, камдангын.
Кары дебей, жаш дебей...
Кайраттанып чамдангын.
Бардыгын бүтүп ишиңдин,
Байгеге чыгып шаңдангын.

Аткаргыла, баарыңар,
Большевиктик ураанын.
Камдагыла колхоздун,
Барлык шайман-куралын.
Күндөн-күнгө чамынып,
Күч-кайратың чыңдагын,
Беш жылдыкты төрт жылда
Толтуралы планын.

## ГҮЛДӨГӨН СОНУН ЖЕР ТУРА

Өрдөк-чүрөк күрп алган,
Оргуштап түрдүү күү чалган,
Атыр жел менен созулуп

Ак куулар кооз үн салган,
Күн тийгендей мемиреп,
Күмүштөй бети нур чалган,
Күн жааса азоо жылкыдай,
Ойной турган көл тура.

Кайырмакты алышып,
Кайрылыш жерге салышып.
Ойкуштатып чабактан,
Октолоп байлап алышып,
Кайыкты минип кайкалап,
Көз жеткис жерге барышып,
Балыкчылар топтошуп,
Бойлой турган көл тура.
Чолпон-Ата, Тамганы,
Жети-Өгүз курорт ар жагы,
Кумга оонаса кубанткан,
Кой-Сарынын жардамы.
Эс алууга барышат
Эмгекчи элдин балдары,
Чолпон-Ата, Кой-Сары
Ойной турган көл тура.

Күнгөйгө малын өрдөтүп,
Көк шиберге көлбөтүп.
Эрки менен төр жайлап,
Эгизден коюн төлдөтүп,
Аркар аяк, жибек жал,
Аргымакты көргөзүп,
Ушундай болсо жерим – деп
Ойлой турган жер тура.

Ат, өгүзүн байлаткан,
Трактор тишин кайрашкан,
Буркурап буудай, арпасы,
Берметтей данын жайнаткан,
Эркек, аял күжүрмөн,
Элдери шайыр кайратман,
Эгинге бай, малга жай,
Эмгекке сонун жер тура.

Катарлап кыштак салынган,
Карагай менен жабылган,
Караңгыда жаркырап,
Электр шамы жагылган,
Күнгөй, тескей жердеген,
Гүлдөгөн сонун эл тура.

## КЫРГЫЗ БАЙЛЫГЫ

Ала-Тоолуу, агын суулуу жерде өскөн,
Атыр жыттуу салкын аба төрдө өскөн.
Салтанаттуу баатыр кыргыз элденбиз,
Сагасына сандатып мал төлдөткөн.

Жазгым келди жер, суумдун байлыгын,
Ала-Тоонун жери малга жайлыгын.
Алтын, күмүш, эгин, пахта, кызылча,
Төрт түлүктүү мал чарбасы шайлыгын.

Зоосу бийик асман тиреп заңкайган,
Бугулардын мүйүзүндөй аркайган.
Көз жетпеген мейкин талаа, Сары өзөн,
Боору жайык, карды салык чалкайган.

Адыр-адыр сап-сап болгон сагасы,
Алтын, күмүш кенге толгон арасы.
Баары-жоктун бардыгы өскөн айдаса,
Гүлдүү чөптүү байлык кени – талаасы.

Казып алса Ала-Тоонун баары алтын,
Тумчугушуп туйлайт нечен кара алтын.
Качан мага кезек келер экен – деп,
Камынгандай күтүп жатат сары алтын.

Ак-Түз, Кум-Бел, Кызыл-Кыя, Кадамжай.
Ардакталат нефти кени Майлы-Сай.
Чокусуна чоюн чочмор тие элек,
Мындай кендин көбү жатат ачылбай.

Сымап, күкүрт, калай, сурьма, коргошун,
Бул болгон соң дагы эмнелер болбосун.
Жез, акиташ, туз менен бар күлбото,
Жер байлыгын ушулардан болжосун.

Айран, кымыз, бал жуураты төгүлгөн,
Жайлообуз көп Суусамырдай керилген.
Тандап оттоп бетегенин гүлүнөн,
Төрт түлүк мал эркинче оттоп семирген.

Атайылап бирөө тигип койгондой,
Өзөн сайын алма, өрүк, алча бар.
Чычырканак, шилби, четин, долоно,
Өңү өчпөс, өмүрү узун арча бар.

Мисте, жаңгак колоттордо ийилген,
Жел жүргөндө мөндүргө окшоп күбүлгөн.

Арасында аңдар жүрөт кужулдап,
Жаңгактардын жемиштерин кемирген.

Башы менен терең карды жирешкен,
Балбандарча кучакташып күрөшкөн.
Аюу жүрөт бышты өгүздөй күрсүйүп,
Тоонун боорун үңкүр кылып түнөшкөн.

Калтар, түлкү капталында жойлогон,
Суктандырып суусар сууну бойлогон.
Бермет жүнүн карга силкип кулпунтуп,
Сүлөөсүндөр кубалашып ойногон.

Буту-колу төөнүкүндөй тартайган,
Мүйүздөрү бутактанып аркайган.
Карагайдын түнт жерлерин аралап,
Бугу турат, боюн күүлөп даңкайган.

Куму эшилген борчук-борчук кыр да бар,
Мезгилинде көчкү жүргөн жылга бар.
Мүйүздөрүн алты кайрып орогон,
Тайган жетпес, күлүк теке, кулжа бар.

Куркулдашкан кузгун менен жору бар,
Куштун мындай тырмагы жок кору бар.
Качырганда карышкырды бүктөгөн,
Боз куштардын болот текөөр зору бар.

Аскалардан барчын шаңшып унчугат,
Силкингенде куйруктары кулпунат.
Тик сайылат калтар, суусар көргөндө,
Тек туралбай азоо аттай жулкунат.

Чагылгандай тез темине жеткенде,
Коён, түлкү, быт-чыт болот тепкенде.
Чалгын канат, ийри тумшук, уу тырмак,
Илбээсиндин башын жарат серпкенде.

Бир айтканын кайталабас кайрадан,
Булбулдар көп миң түрлөнтүп сайраган.
Тоо куштары үн салышып сайраса,
Жүрөк жылып, күүгө толот айланаң.

Эки өркөчү алты жашар баладай,
Шалпык эрин, таманы чоң талпагай.
Төөдөй балбан эч бир болбойт малдардан,
Оор жүктү тарта берген чарчабай.

Кулун-тайы оюн салып чубурган,
Кошкурушуп айгырлары жулунган.
Аркар моюн, асыл тукум жаныбар,
Жүнү тайкы, тукабадай кубулган.

Минип алсаң башын чулгуп элирген,
Аркан бою андан алыс секирген.
Каман азуу, буура көкүл, куш чоку,
Жорголор бар, машинадай көшүлгөн.

Бал кымызын сабаларга ачыткан,
Ичсең ичти чай кайнамда кызыткан.
Карта, чучук, жалын жеген ар адам,
Кайра дагы бир жесем деп кызыккан.

Бото көздүү, кыйган камыш кулагы,
Кучак куйрук, сомдолгондой туягы.

Кулан жалдуу, тайган тиштүү, капкан бел
Кызыктырат минген жанды кыялы.

Желининде чака-чака сүтү бар,
Өгүзүндө атан төөнүн күчү бар.
Сааса сүтүн карын-карын май берет,
Башка малдан берекелүү ушул мал.

Ар жеринде оргуп агат ысык суу,
От жагылбай кайнап чыгат бышык суу.
Курорттор бар Чолпон-Ата, Кой-Сары,
Уккан адам бир көрсөм деп кызыкчу.

Көл бойлото апийим бар жайнаган,
Гүлү кооз кыздар сайган саймадан.
Шагы ийилген мөмөсүндөй алманын,
Сагагынан дан чыгарып байлаган.

Ким суктанып Чүй талаасын кыдырса,
Мооку канат жайнап чыккан эгинге,
Шоодурашкан эгин, пахта, кызылча,
Эл эмгегин баян кылат көңүлгө.

Приемник бар ар бирөөнүн үйүндө,
Сайрап берет ар бир элдин тилинде.
Шаңдуу элдин эркин жыргал турмушу,
Эмгек менен өсүп барат күнүгө.

Тыбыт жүнү бүйрөлөнүп сеңселген,
Кой-эчкилер жылда тууйт эгизден.
Сатсаң баалуу, кийсең жылуу тон болот
Майы күчтүү, эти таттуу мейизден.

Адамга үйүр да бир мал бар көнүккөн
Мурду менен чөп тамырын челишкен.
Жакшы багып асыраса жылына,
Төлдөй берет он алтыдан, сегизден.

Көсөө куйрук, эчки туяк, шиш тумшук
Жапайы өскөн камандарга окшогон.
Майы дары, эти кымбат сатканга,
Өстүргөнбүз таза кандуу чочкодон.

Ысык-Көлүм көбүк чачып күрпүлдөп,
Ойлонгондой кээде тыптынч мелмилдеп.
Суктандырат ак куулары күрп алып,
Көркүн ачкан көл сулуусу менмин – деп.

Жээгинде эл орношкон калың там,
Чолпонго окшоп анда жанат Ильич шам.
Эмгегинен байлык тапкан элимди,
Кубангандай карап турат Тянь-Шань.

Жибек кени, Ош жеринде пахта бар,
Жыты аңкып өсүп турган бакча бар.
Таш көмүрдөй, Сүлүктүдөй шахта көп,
Кыргыз эли сыймыктанып мактанар.

Бакты-таалай, тынч эмгекке оронгон,
Берекелүү кыргыз жери ушундай.
Ийгиликтен-ийгиликке жетүү үчүн,
Иштеп жатат элим анттан бузулбай.

## ТОГОЛОК МОЛДОГО ЭСТЕЛИК

Тоголок Молдо эл үчүн
Эчен тамсил ыр жазган.
Күлкүлүү сөзүн арбытып,
Көбүнчө ырды чын жазган.

Жаш чагынан атайын
Жарактуу кептен ырдады.
Партия деп ыр жазып,
Рахат көрүп жыргады.
Акындарга жол болду,
Үлгүлүү кооз ырлары.

Окуп көрсөм ырларын,
Эч кумарым тарабас.
Өтө шайыр киши эле,
Ыр жазуудан жадабас.
Түгөнбөгөн кен эле,
Ыр жомогу аралаш.

Кыйыштырып жазчу эле,
Кыйла сөздүн болжолун.
Чыгарып жатат басмадан,
Элибиз китеп, томдорун.
Эскерип чогуу турабыз,
Токсонго жашы толгонун.

Ойлоп туруп ыр жазса,
Оозунан көөрү төгүлгөн.
Орчундуу элдик кызматы,
Элге сүйкүм көрүнгөн.
Өзү өлсө да сөзү бар,
Чыгарбайт эли көңүлдөн.

## ОКУ, ЖАШТАР

Оку, жаштар, окуй турган убагың!
Өнөр билсең ташкындаган булаксың.
Окуу, билим өсүп-өнсө өркүндөп,
Эмгекчи элге тоодой медер кубатсың.

Окубастан жаштар бекер жүрбөсүн,
Оку, жаштар, эркин жыргал күндөсүң.
Билимибиз барган сайын артылып,
Өлкөм өсүп күндөн күнгө гүлдөсүн.

Оку, балдар, бекер карап турбагын,
Орунсуз иш жаман көңүл бурбагын.
Эринбестен билим алсаң жаш балдар,
Элиң көрөр эркин күндүн жыргалын.

## ЧҮЙДҮН КӨРҮНҮШҮ

Айткым келди баяндап,
Өсүп-өнгөн жеримди.
Ашмара, Мерки аягы,
Айтылуу эки Кеминди.
Уккандар айтар дурус – деп,
Орундуу болсо кебимди.
Ар жагы жайлоо Көк-Ойрок
Алматыга керилди.
Элим ашат жайы-кыш,
Ээрдей кашка белинди.
Көңүлү сергийт адамдын,
Жыттаса атыр желинди,
Ар жеринде чоло жок,

Ар түрлүү үрөн себилди.
Арпа, буудай, ак күрүч,
Айдайбыз ар кыл эгинди.
Эгинге бай, малга жай,
Эч жерден таппайм кеминди.
Эмчек берген энедей,
Элиме ак нан жедирди.
Башында биздин кенен Чүй,
Купкуу болгон талаа эле,
Каны катып кумсарып,
Кашык сууга зар эле.
Боз кыроодо жел жүрсө,
Боз топурак чаң эле.
Ар кайсы жерде чочойгон,
Колектен салган там эле.
Электрлүү кыштактар,
Качан мурун бар эле?
Кумсарган кенен Чүйүмдө,
Качан мындай калаа эле?
Шаар орногон жерибиз,
Какшып жаткан чөл эле.
Суулуу жерден ал кезде,
Суусуз жери көп эле.
Кумсарган Чүйдүн боюнда,
Жортушкан жору, бөрү эле.
Ар кайсы жерде кубарган,
Аппак-аппак дөбө эле.
Аркы-терки өткөндөр,
Сары өзөн курсун дээр эле.

Жай, кышы кийими бүтөлбөй,
Элибиз байга жалданган.

Куу оокаттын айынан,
Кайыр тилеп жалбарган.
Муңун угар адам жок,
Азап тартып зарланган.
Баш калкалар жер таппай,
Үйсүз, жайсыз сандалган.
Бутуна чарык тартынып,
Байлардын коюн багышкан,
Келин-кыз байга күң болуп,
Жигиттер байга кул болуп,
Буулугуп ичи зил болуп,
Укканы заар тил болуп,
Суу алып, отун жагышкан.
Райымдуу күн көрбөй,
Ийилип бели майышкан.
Жумуш кылып тынымсыз,
Көлдөтүп терин агызган.

Эзилип жүргөн элибиз,
Теңдик алып жыргады.
Баштагы кепе азыр жок,
Заңкайган тамдар турганы.
Пландан артык ашырып
Кызылын тоодой кырдады.
Карасаң кардың тойгузат,
Колхоздун кызыл кырманы,
Каалаганы дапдаяр,
Калкымдын ушул жыргалы.

Андагы биздин Сары өзөн,
Азыр болду жаңы өзөн.
Эгин айдап дан жеген,

Эмгекчи элдин багы өзөн.
Кең Чүйдү буруп суу алып,
Керилген сонун дагы өзөн.

Бой бербеген аккан суу,
Баатырларга жыгылды,
Электр, завод жүргүзүп,
Эки зор ГЭС курулду.
Тукаба болуп түз талаа,
Түрлөнүп бүгүн кубулду.

Сары өзөн Чүйдүн боюнда,
Кыргыздын борбор шаары бар.
Жыбырата орноткон.
Жылдыздай күйгөн шамы бар.
Илгерки көргөн кишилер,
Эми көрсө жаңылар.
Кант заводу чыгарган,
Аппак шекер балы бар.
Ушул жерди жердеген,
Биздин элдин багы бар.

Аягы Талас, башы Чүй,
Арасы далай жол болот.
Кадыры артык кең Чүйдү,
Кандай айтсам оң болот.
Эмгекке дыйкан тунгандай,
Эгинге жайлуу жер болот.
Капталга чыккан арчалар,
Кайкытат көздү турушу.
Кубалашып ойногон,
Кулжа, теке, бугусу.

Андан башка көп жүрөт,
Айбанаттын уруусу.
Кышында салкын сары жер,
Жайында мээлүүн жылуусу.
Эмгегин жебейт иштесе,
Элимдин кең Чүй ырысы.
Аламүдүн, Аларча...
Ат агызган суусу бар.
Кара-Балта, Шамшылар,
Кадырлуу ашуу ушулар.
Желди-Суу, Норус, Алмалы,
Жеринде кара тузу бар.
Айтылуу курорт Арашан,
Атыңды уккан кызыгар.
Сокулук, ашуу – Кегети,
Баш жагы Кызыл-Суу чыгар.

Белес сайын жайылган,
Ферманын түрлүү малдары.
Көргөн адам кубанат,
Гүлдөгөн биздин чарбаны.
Заңгырата салынган,
Колхоздордун тамдары.
Асмандагы жылдыздай,
Айылдын күйгөн шамдары,
Жайлап нуска кеп салат,
Жашаган кемпир-чалдары.
Талыкпай жумуш кылышат,
Кыз-келини жайдары.

Кичине Бөлтөк, Чоң Бөлтөк,
Ортосу таза Кара-Суу.

Төбөсү көктү тиреген,
Шөкүлөнү карачы.
Тоо боорунда салынган,
Толгон сонун калаасы.
Эс алууга барышат,
Эмгекчи элдин баласы.
Колхоз сайын мектептер,
Көркөмдөлүп салынган.
Өтө кооз боёлуп,
Тунуке менен жабылган.
Кечикпей эрте барсам – деп,
Жаш өспүрүм балдарым,
Мектепке карай камынган.

Мына биздин кенен Чүй,
Көз жетпеген терең Чүй.
Жериме келип көргөндөр,
Жерим болсо деген Чүй.
Баркын билген кишиге,
Бар оокаты белен Чүй.
Калпып алып бетинен,
Калкым каймак жеген Чүй.
Гүлдөгөн совет доорунда,
Баштагыдан кең Чүйдүн,
Жаңырганын ырдадым.
Бермет-шуру бетине,
Тагынганын ырдадым.
Түрдүү торко тукаба,
Жамынганын ырдадым,
Ырыс, бакка элимдин,
Малынганын ырдадым.
Далай элге кең Чүйдүн,

Таанылганын ырдадым.
Каалаганы элимдин,
Табылганын ырдадым.
Кайрылып чоң суу элиме,
Багынганын ырдадым.
Кымбаттуу шаар Фрунзе,
Өскөн жерим кең Чүйгө,
Салынганын ырдадым.

## ЧАТКАЛ

Ашып бардым Чаткалга,
Айтылуу Кара-Бууранды.
Ышкырып кооз үн салат,
Тоолорунда улары.
Күрпүлдөп кулак тундурат,
Көк кашка тунук суулары.
Жылаажындай шылдырайт,
Жылга сайын булагы.
Белестин белин кубулткан,
Көк майса, шибер туланы.
Кадырлуу жайлоо баш жагы,
Кара-Кулжа төр экен.
Капталында жайылган,
Колхоздун өрүш малы экен.
Батыш, чыгыш – баары жай,
Мал чарбанын багы экен.
Асканын башын курчаган,
Ак мөңгү кетпес кар экен.

«Кара-Токо» дегени,
Катар жети дөбө экен.

Кара-Кысмак, Муз-Төрдөй,
Күтүрөп малы жайылган,
Жайлоолору көп экен.
Муз-Төрдүн башы мөлтүрөп,
Күзгүдөй тунук көл экен.
Байлыгы ашкан Чаткалды,
Кандай деп айтсам эп экен.
Төрт түлүгү келишкен,
Сынга толчу жер экен.

Малчылар барып конушуп,
Чакмактын мейкин түзүнө,
Чатыр тигип, бээ байлайт.
Өзөн толгон ак чатыр,
Өзбек, кыргыз тең жайлайт.
Кыясын ээлеп кекилик,
Кубалашса жер жайнайт.
Катар конгон айылдан,
Белеси сайын топтошуп,
Ферманын малы жайылган.
Каруугa укурук сүйрөтүп,
Малчылар жүрөт кайырган,
Керме тоону жайлашкан.
Миңдеп малын айдашкан,
Мусаке, Ысак, Жапардай
Малчылар сандайт кайратман.
Ворошилов колхоздо,
Белгилүү койчу Дайырбек,
Куйругу кучак койлорун,
Жайы-кышы өстүрөт,
Баласындай камын жеп,
Жан дили менен берилип,

Чабаны болгон колхоздун,
Үлгүлүү иште эпкиндеп.
Катарлап орден тагынган
Сыймыгы баалуу башында,
Үзүрү чоң бул эмгек.

Ишке берик Кожобек,
Курбудан жылкы чубаткан
Ызгаардуу бороон күндөрдө.
Бир туяк чыгым салбастан,
Калкынын көөнүн жубаткан.
Катарлап кулун байге алып,
Карт көңүлүн кубанткан.
Эмгеги толук бааланган,
Ырыстуу кары эл кутман.

Жумурткадай ак койлор
Жерге тийип жүндөрү,
Короодон чубап чыгаарда,
Тундурат кулак үндөрү.
Койчуларды ээрчиген,
Иттер үрөт арсылдап,
Көк жон дөбөт түрлөрү,
Кунаны бийик түйүлөт,
Жети байса дубалдан.
Желеде турган кулунду,
Көргөн адам кубанган.
Бээлери турат челкейип,
Эшик төрдөй суналган.

Буруксуп тоонун боорунда,
Бутактуу терек, арчасы.

Топ-топ болуп адырда,
Токойдун турат канчасы.
Өзөн сайын кур эмес,
Өрүк, алма, алчасы.
Талаасында берметтей,
Таптаза буудай, арпасы.

Кере карыш салаңдап,
Ак буудайдын баштары,
Күрүчтөй башы тизилип.
Арпасынын аппагы,
Көңүлүңдү сергитет,
Куштардын таңшып жатканы.
Бурулуп адам уккандай,
Булбулдун үнүн бактагы.
Керилген өзөн суу бойлоп,
Кетмен-Төбө баш жагы.

Маңдай-тескей төрүнө,
Малчынын көрдүм жайлашын,
Жайкалган шибер чөбүнө,
Катарлап кулун байлашын.
Туура кечип өтө албай,
Шар аккан Чаткал дайрасын.
Туш-туштан суусу киргенде,
Түгөтөт жандын айласын.
Аягы Чырчык аталып,
Далай эл көрөт пайдасын.

Айтылуу кенен Чаткалды,
Ырыстуу элим жердеди.
Жылдыздардай жайнатты,

Колхоз, совхоз ферманы.
Жаркырагын Чаткалым,
Жеңишке карай күн сайын,
Кадамың кере баштагын.
Өркүндөп өсүп баратат,
Шаар болуп кыштагың.

## АКЫН ӨЛБӨЙТ

Акын деген алтын баалуу ыр жазат,
Акыл менен акыйкаттап чын жазат.
Акын өлбөйт, акындардын ырларын,
Эрмек кылып элим сүйүп ырдашат.
Көркөм чыккан китептерин окуса,
Көпчүлүк эл тирүүсүндөй тыңдашат.

Акындардын магнити бар ырында,
Айтылбайбы нечен жылдап кылымга.
Токтогулдун «Өмүр» ыры айтылган,
Миң тогуз жүз он бешинчи жылында.
Ошол сөздү уккан адам танабы,
Ошондуктан акын өлбөйт чынында.

Ырчылардын сөзүнө эл куштар да,
Ар ким ашык таттуу кебин укканга.
Көчөдөгү бараткан эл токтошот,
Атай, Муса обондору чыкканда.
Өзү чертип отургандай көрөмүн,
Токтогулдун «Чоң кербезин» укканда.

Ырчылардын ооздорунан ыр балкыйт,
Айтып турса шекер татып нур балкыйт.

Обондорун көктү карап созгондо,
Тынчып аалам кулак салып, күн балкыйт,
«Гүл», «Күйдүм чок», «Ойгономдор» айтылса,
Атай, Муса өздөрү ырдап тургансыйт.

Өнөр болот адамзаттын көмөгү,
Көмөк да эмес өбөк, таяк, жөлөгү.
Эчен-эчен акын өттү элимден,
Элде жүрөт нуска болуп өнөрү.
Үлгү калса эли айтат сөздөрүн,
Ошондуктан өнөрпоз да өлөбү.

## КОМУЗУМ

Колума алып күүлөсөм,
Кошулушуп сүйлөсөм,
Кооз үндүү комузум.
Кулагыма угумдуу,
Жүрөгүмө жугумдуу,
Кошо чыкса добушум,
Мингендей болуп кубанам,
Көңүлдүн кирин чыгарам,
Жылкынын жорго торусун.
Колумда комуз турганда,
Оозумда ширин ыр барда,
Көмөкөй кайдан жоорусун.
Белсенип жүрөк ырдаса,
Берилип көп эл тыңдаса.
Беш колум кайдан оорусун,
Жаңырган Ала-Тоомдун
Жыргалын черт комузум.

Колхозго колхоз кошулуп,
Турганын черт комузум,
Фабрик, завод орнотуп,
Бардыгын жаңы ондошуп,
Жаңы дүйнө элимдин
Курганын черт комузум.
Этек-жеңин түрүнүп,
Эркек, аял жүгүрүп,
Эпкин менен кызматты,
Кылганын черт комузум.
Шаттык күндө жүрүшүп,
Каткырышып күлүшүп,
Элдин Тынчтык доордогу
Жыргалын черт комузум.
Аял, эркек тең иштеп,
Аянбастан бек иштеп,
Ишке чогуу эпкиндеп,
Киргенин черт комузум.
Баласындай эмгекти,
Советтик дыйкан эмгекчи,
Сүйгөнүн черт комузум.
Алты айчылык жолдорго,
Алты саатта барышып,
Закымдар менен жарышып,
Уул, кыздар самолёт,
Мингенин черт комузум.
Дүйнөгө сүйкүм көрүнгөн,
Күндөй көөрү төгүлгөн,
СССРдин белгиси,
Орок, балка, жылдызы,
Тууларды черт комузум.
Ар кайсы жерден ачылган,

Ардакталып казылган,
Алтын, күмүш, таш көмүр
Кендерди черт комузум.
Кармашкан жоосун жеңишкен,
Берлинге тууну илишкен,
Шерлерди черт комузум.
Кызылча, пахта, шалы бар,
Арпа, буудай даны бар,
Берекеси түгөнгүс,
Жерлерди черт комузум.
Колхоздун ишин башкарган,
Бар планын аткарган,
Эмгегинен макталган
Эрлерди черт комузум.
Колуна алып бургусун,
Оюп жердин кыртышын,
Тоодой-тоодой кара алтын,
Шахтёрлордун бу күндө,
Казганын черт комузум.
Өстүрүшкөн чарбаны,
Элдин болгон ардагы.
Ак ниеттүү колхоздо,
Чабанды черт комузум.
Эл-жерине берилген,
Эмгегинен көрүнгөн,
Өз милдетин аткарган,
Адамды черт комузум.
Гүл оронгон бетине,
Сакчы турган чегине,
Эмгекчи элим жыргаган,
Эмгек ырын ырдаган,
Түбөлүккө өчпөгөн,

Заманды черт комузум.
Бакты-таалай башына,
Кары менен жашына,
Элибизге сыймыктын,
Конгонун черт комузум.

Лениндик уул, кыздын,
Өскөнүн черт комузум,
Он алты Союз өлкөнүн,
Коммунизм дооруна,
Көчкөнүн черт комузум,
Өлкөсүн жоодон коргошкон,
Тынчтык ишин ойлошкон,
Эркиндик тынчтык жыргалга,
Бир кишидей кол созгон,
Демократтык өлкөнүн,
Тилегин черт комузум.

## КАРЫ ЭЛЕМ КАЙРА ЖАШАРДЫМ

Кадуу-кадуу зоолордон,
Кайберендей басармын.
Адыр-адыр тоолордон,
Самолёттой ашармын.
Кайрат берип партия,
Кайра баштан жашардым.
Сүйүп келген көп элдин,
Сүйлөп көөнүн ачармын.
Актыгына кейибейм,
Алтындай мурут-сакалдын.
Жаштык эмей эмине?
Жайдыр-кыштыр көөн ачып,

Жаштар менен катармын.
Ушул сөздү ырас – деп,
Ойлоп туруп жаздым да.
Абайласам чын быйыл,
60 жаштан аштым да.
Оозумда ширин кебим бар,
Ошон үчүн жашмын да,
Жакшы ырдап бер, ата – деп,
Жаштар күндө астымда.
Аталап балдар сыйлаган,
Адагы менин бактым да.
Эригип калган элимдин,
Ырдап көөнүн ачтым да.
Эркин элге кошулуп,
Эркелеп бирге жүрөмүн.
Карылыкты ойлонбой,
Каткырып ойноп-күлөмүн.
Гүлдөгөн совет доорунда,
Күнүгө күмүш күрөдүм.
Элиме сөзүм жаккан соң,
Ээлигет жаштай жүрөгүм.
Совет өкмөт эрк берип,
Орундалды тилегим.
Элимде мендей акын көп,
Мен да ошонун бирөөмүн.
Өнөрүм бар жашмын – деп,
Өзүмдү өзүм сүрөдүм.
Алты белдин ар жагы,
Артуу-артуу кырдамын.
Конгонго жайлуу көк шибер,
Колоттун башы чындамын.
Кайда барсам кел бери,

Калкыма кызмат кылгамын.
Эки эли тилим сүйлөтүп,
Эл ичине ырдадым.
Эркелеймин жаштарча,
Элиме жакса ырларым.
Өнөрүмдүн аркасы,
Ойнодум-күлдүм, жыргадым.
Элим сүйсө аталап,
Эң эле сонун жыргалым.
Кызыл тилим барында,
Кызматын кылдым кыйланын.
Кызыктырып кебиме,
Кыйла жанды жыйнадым.
Кылымдар бою унутпайм,
Кызыктуу көргөн сыйларым.
Күүлөнүп жашмын дегеним,
Күндө ушундай сыйдамын.
Өнөрүмдүн барынан,
Өлкөмдүн болдум ардагы.
Ойноп күлүп олтурса,
Осондун болбойт карганы.
Эли каалап сыйласа,
Эч кимдин болбойт арманы.

## БУЛБУЛГА

*(Токтогулдун 85 жылдык юбилейине)*

Комузга колун кайраса,
Күкүктөй күүсү таңшыган.
Мукам-мукам ырдасаң,
Булбулдай үнүң шаңшыган.
Кызыктуу сөзүң уккандын,

Кызыгып бою балкыган.
Кайрылбай кеттиң сапарга,
Калың кыргыз калкыңан.

Күү менен ырга берилип,
Кичине чактан тырыштың,
Көргөн адам таң калган.
Көркү элең көктө жылдыздын.
Күүңө киши тойбогон,
Гүлү элең жыргал турмуштун.
Гаухардай кебиң чубурган,
Күкүгү элең кыргыздын.
Арабыздан кеткенге,
Жалпы калкың өкүндү.
Журтубуз жоктоп кейишти,
Жумганда кара көзүңдү.
Кылымдан кылым өтсө да,
Унутпайт алтын сөзүңдү.
Эмгекчи элиң эстешет,
Эсилим Током өзүңдү.

Коолдоп, ырдап күү чертип.
Комузга колун ойноткон.
Даамын таткан кебиңден,
Дагы уксам деп ойлошкон.
Укмуштуу сонун күүлөрүң,
Уктаган жанды ойготкон.
Каткырып түрлүү ыр менен,
Капалуу жанды сооротком.

Укканда жанга жагымдуу,
Кулактан кетпейт кептериң.

Калкыңа нуска ыр кылдың,
Кан соргучтун эзгенин.
Эзилип туткун болгондо,
Эркиндик күндү эстедиң.
Эсимден чыкпай күү-ырың,
Эрмегим сени эстедим.

Камакта жүргөн кезиңде,
Кайгырып канча ырдадың,
Баяндадың ыр менен,
Бай-манаптын кылганын.

Эркиндик таңы атканда,
Элиңдин көрдүң жыргалын.
Кылымдар элиң унутпайт,
Кызыктуу айткан ырларың.

Ээрчитип жүрүп үйрөткөн,
Эшмамбеттин устаты.
Ушунчалык эл сүйгөн,
Өнөргө жетик устасы.
Узун жашап жүрбөгөн,
Өмүрдүн курсун кыскасы.
Эстелик болот ар дайым,
Эл үчүн кылган кызматы.

## ЖОЛДОШУМДУ ЖОКТОДУМ

Жолоочу кеткен алыска.
Жолдошумду жоктодум.
Жоругу эске түшкөндө,
Жоктобой кантип токтоюн.
Арадан кеткен акындын,

Атагын бир аз козгоюн.
Алты уруу кыргыз барында,
Акындыгы макталган.
Ак комузун колго алса,
Алтындай кептен баштаган.
Агын суудай ташкындап,
Аптыкпаган шашпаган.
Үлгү берип жаштарга,
Үйрөтүп сонун маштаган.
Асыл баалуу сөздөрүн,
Окууда балдар жаттаган.
Толгон китеп чыгарып,
Торгойдой тилин тактаган.
Токтогулдун ырларын,
Толугу менен сактаган.
Токомдун насаат, керээзин,
Томуктай катпай актаган.
Токомдун ширин кеби – деп,
Талпынып сүйкүм баштаган.
Үч кылдуу комуз колго алып,
Элирип топко сүйлөдүң.
Багына чыккан ырчы элең,
Биздин жыргал дүйнөнүн.
Карысаң да жаштардай,
Чарчоону эч бир билбедиң.
Атка минип ырдасаң,
Ак шумкар элең элирген.
Сылай камчы салдырбас,
Ак буудан элең жүгүргөн.
Улама, нускоо кебиңди,
Уккан эл уюп сүйүнгөн.
Карыганча шаңкылдап,

Катарындан калбадың.
Ышкыбоз элдин турмушун,
Ырдагандан талбадың.
Жарпын жазып жаштардын,
Жол жоргондон танбадың.
Эл чогула келгенде,
Элирип бирге ырдаштык.
Энелеш эгиз козудай,
Ээрчишип дайым бир бастык.
Көрүшпөй калсак эки күн,
Эзилишип сырдаштык.
Асыл кенчке ширелген,
Ардактуу Калык акыным.
Ар качан терең сыйлаган,
Аталаштан жакыным.
Кыялың түшүп эсиме,
Кыйналып абдан жашыдым.
Өзүң элең ар качан,
Өйдөгө чыксам өбөгүм.
Ажалдын огу зор экен,
Ажыратып калдым жөлөгүм.
Эч качан соолуп, карыбас,
Элинде жашайт өнөрүң.

## АСЫЛ МЕНЕН ЗУУРА

### I

Бактыга март берекелүү күз айы,
Мойнун созуп кышты самап турганда.
Эмгегине эгин алып колхозчу эл,
Шаттанышып күжүлдөшөт кырманда.

«Кырманыңа береке» – деп, баарына,
Кызыккандан басып бардым аларга.

Чуркап келип колдон алып Аманкул,
— Саламатпы! Кел, Осоке. Жол болсун.
— Эсенчилик шаардан келе жатамын,
Күүлү-күчтүү жүрөсүңбү жолдошум.
Колхозчулар кырманында деген соң,
Келип калдым көөнүң капа болбосун.

— Койчу, Осоке, кантип капа болоюн,
Кубанабыз келип турсаң айылга.
Колхозчунун дасторкону жайылуу,
Кыштаса да өзүң өңдүү шайырга.

Жүр, Осоке, биздикине баралы,
Көрүп кеткин байбичемдин урматын.
Чакыртайын Өмүкемди, Макемди,
Көрүп калсын сендей эски курдашын.
Көптөн бери ырыңды укпай сагындык,
Ырдап бергин, кемпир-чалдар тыңдасын.

Аңгычакты кемпирлерин ээрчитип,
Өмүралы, Мамбеталы келишти.
Тура калдык ордубуздан хор менен,
Курбуларым мага салам беришти.
Алик алдым.
– Куудай болуп сакалың,
Аай, Осоке, карыпсың – деп, кейишти.

Боорсок, алма, шекер, жүзүм үйүлгөн,
Алдыбызга чоң дасторкон жайылды.

Аманкулду: – Чай куюп тур – деп коюп,
Соке аяш, эт салууга камынды.
Приёмникти бурап аяш койду эле,
Үйдүн ичи ырга-күүгө жаңырды.

**II**

Бардыгыбыз бажылдашып сүйлөшүп,
Отурганда Аманкулдун үйүндө.
Аманкулдун эрке кызы шашылып,
Кирип келип, салам берди ийиле.
Алик алдык. Кубаныч бардай сезилди,
Быйпык мурун, кара тору жүзүндө.

Кыз атасы унчукпады кызына,
Кулак бурду, айта бергин дегендей.
Энтиккен кыз сөз берметин учурду,
Айтар сөзүн келсе керек белендей.
Токтоо сүйлөп баарыбызды кубантты,
Толук уктук ордубуздан кебелбей.

— МТСта бүгүн болду жыйналыш,
Партиянын чакырыгы жөнүндө.
Дың жерлерди гүлдөтүүгө баруута,
Алтай, Сибирь, Казакстан жерине.
Бармак болдук өз каалообуз боюнча,
Отуз-кырктай шайдоот жаштар кеминде.

Эл ишенип, милдет тагып өзүмө,
Жаңы жерге жибергенге кубанам.
Ыраазымын партияга түбөлүк,
Зор эмгекте эмгегимден сыналам.

Мейли мени Арктикага жиберсин,
Комсомолдук убадамда тура алам.

Ата, апа, мага руксат бергиле,
Алтайдагы дың жерлерге барайын.
Көп жыл бою жапа тарткан адырга,
Жаштар менен жибек килем жабайын.
Деним таза, билегимде күч барда,
Теңтуштардан кантип артта калайын.

Сөзүн бүтүп, эмне дешет дегендей,
Ата-энесин жооп күткөндөй карады.
Катуу чочуп жактырбаган адамдай,
Энесинин бүркөө тартты кабагы.
Аманкулдун бүркүт көзү чачырап,
Сөз баштады тындыргандай санааны.

— Жакшы тилек жүрөгүмдү толкутту,
Атаң сендик ыраазымын сөзүңө.
Кагылайын каршы эмесмин барагой,
Тилектешмин максатыңа жетүүңө.
Кайда жүрсөң эмгек болсун сүйгөнүң,
Ишеничиң жарым жеңиш өзүңө.

Бууракандап чалдын сөзүн жактырбай,
Соке чыкты: – Чалым шумдук баштаба.
Элден безип чамаданын көтөрүп,
Какыраган чөлгө барбайт жаш бала.
Жалгыз кызың дүйнө издеп кетти – дейт,
Элге-журтка болгум келбейт маскара.
Кийми бүтүн, курсагы ток, жетиштүү,
Кем эмес ко дүнүйө менен акчага.

Кыздан Асыл, эркек уулум экөө эле,
Эр жеткенде кеткен улуу согушка.
Медерлерим коёнектей окшошуп,
Калкы үчүн курман болду согушта.
Асыл кайда барам десе мейли эле,
Уулдарым өлбөй тирүү болушса.

Ошол кезде тырс-тырс кагып эшикти,
Кимдир бирөө: – Руксатпы? – деп сурады,
– Кириңиз! – деп, Асыл туруп ордунан,
Төргө өткөздү жолдош кызы Зууранны.
Ыраак жолго камдангандай түрү бар,
Жаңы жерге барат окшойт бу дагы.
Энесинин айткандарын көңүлсүз
Баяндады жолдошуна ынагы.

Түшүндү окшойт болгон иштин жөн-жайын,
Кабак чытып, оор дем алды Зуура кыз.
(Эми Зуура эмне дээр экен – деп,
Бардыгыбыз тынчсызданып турабыз.)
Ошол замат өз кызындай эркелеп,
Байбичени кучактады Зуура кыз.

— Кичинемден мени жакшы билесиз,
Мен апамдын чаң жугузбай бакканы...
Саамайымдан сылап, жыттап кагылат,
Өтпөсүн – деп, – ысык күндүн аптабы.
Бирок сизче түшүнгөн жок зор ишке,
Барагой – деп, көңүлүмдү шаттады.
Азап тартып алыс жакка барба – деп,
Кызыңызды капалантып турасыз.
Жаңы жердин маанисине түшүнбөй,

Олуттуу иштен бизди четке бурасыз.
Асылжанга шык берүүнүн ордуна,
Бөөдө бизге кыянаттык кыласыз.

Өмүр бою кабак ачып күлбөгөн,
Чокусуна чоюн кетмен тийбеген.
Шамал уруп демин кызса шалдайып,
Арман козгоп көз жаш төгүп мөгдөгөн.
Кылым бою узун сабак кеп кылып,
Көрөбүзбү – жарыктык – деп, сүйлөгөн,

Так ушундай жерге апа барабыз,
Шаар куруп, колхоз, совхоз салабыз.
ГЭС орнотуп, канал казып суу буруп,
Жаркыратып Ильич шамын жагабыз.
Дыңды бузуп эгин сээп, эгиндин
Ар жылына мол түшүмүн алабыз.

Эсен болсок, жаңы курган шаарда,
Иштеп, окуп, жайнап гүлдөй өнөрбүз.
Жаңы жердин жемишинен атайын,
Сизге арнап, белек кылып берербиз.
Сагындырбай өзүңүздү апаке,
Отпуска алып, эс алууга келербиз.

Жаңы жерлер кубат кирсе чыңалып,
Жүрөгү эргип, кабагы да ачылар.
Бою балкып кары жаны жашарып,
Коюнунан берекеси чачылар.
Кан жүргүзгөн, улуу күчү элимдин,
Алтын тарых барагына жазылар.

Жер айдасак, эгин сепсек көбөйтүп,
Түгөнбөгөн элим үчүн кеп болор.
Баркын билип жүгөрүнү өстүрсөк,
Үй куштарга, малга тоют жем болор,
Казанабыз, байлыгыбыз чалкыса,
Элибиздин телегейи тең болор.

Өлкөбүздө кол күчү азыр жоюлуп,
Техниканын бардык күчү жаңырды.
Өзү жүрчү эксковатор тоодо ойноп,
Жол салганы бузуп кирди адырды.
Комбайндар, бульдозерлор жер түзөп,
Кубандырды ар бир кыштак, айылды.

Ишке каныκ илимпоздор турганда,
Эч жер калбайт биздин ыркка көнбөгөн.
Өсүп жаткан өнөр менен илимге,
Эч жер калбайт эрк тизгинин бербеген.
Табияттын ырайымын күтпөстөн,
Багынтабыз, Лениндик дем менен.

Кыйынчылык болот апа танбайбыз,
Болсо болсун. Коркууну биз билбейбиз.
Жеңил ойлоп, баалабаган эмгекти,
Жалкоолорду, коркокторду сүйбөйбүз.
Эмгек ырыс жашообуздун булагы,
Эркин ойноп, эмгектенип гүлдөйбүз.

Советтик эл, жеңүүчү эл ар качан,
Ар кандай күч, тоскоол болсо коркпогон.
Партиябыз түрдүү улуттун баарысын,
Бир кишидей аймагына топтогон.

Тилеги бир, тили башка болсо да,
Бир жатындаш, бир туугандай окшогон.

Коммунисттер элдин жүгүн аркалап,
Ар бир иште жол көрсөтүп башкарат.
Партиябыз кандай милдет жүктөсүн,
Советтик эл мезгилинде аткарат.
Эмгегинен, сыймык тапкан эл үчүн,
Эмгектенүү бийик урмат салтанат.

Ыраак жакка жеке өзүбүз барбайбыз,
Талаптанган нечен кыздын бирибиз
Эмне келмек бир адамдын колунан,
Күч бирдикте. Коллективде билиңиз.
Ынтымактуу элде жеңиш, элде ырыс,
Кызыңыздан элди артык сүйүңүз.

Мээриминден чачсаң апа, шаттанып,
Кубаналы «көккө жетсин төбөбүз».
Руксат берип, айнып кетпей, Асылды,
Кубанычтын бешигине бөлөңүз.
«Кызга эне жакын болот» – дечү эле,
Кызматынын ийгилигин тилеңиз.

Зуура сөзүн бүтөр менен бир азга,
Сөз токтолду. Соке жооп бербеди.
Дандырга нан жаап жаңы жаткандай,
Бети-башы, муруну да тердеди.
Жеңилгендей кыздын айткан сөзүнө,
«Түшүнбөстүк. Чын айыптуу мен» – деди.

– Кагылайын, билбестиктен кечиргин,
Жалгызымдан чындыгында чочугам.

Түшүнгөн соң бардык иштин жөнүндө,
Уялгандан араң гана отурам.
Барсын, барсын. Иштегиле көңүлдүү,
Атасынын пикирине кошулам.

Бүткөн бою эрип бара жаткандай,
Асыл тердеп, ээ болбоду өзүнө.
Жаңы жерде иштеп, ойноп жүргөндөй,
Кыялында элестеди көзүнө.
Кубанчына чыдай албай көңүлү
Ыраазы болду энесинин сөзүнө.

Ыргып барып энекесин кучактап,
Өпкүлөдү, алкымынан жыттады.
Кубанычтын жашы агып жалбарып,
Нечен ирет. Кучагынан чыкпады.
— Мен курманың, жалбарбачы дегендей
Кызын аяп, эт жүрөгү сыздады.

Эки кыздын ортосунда отурган,
Соке аяштын жыртак көзү күлүңдөйт.
Жүрөгү ойноп, кыялы учуп асманга,
Жүзү албырып, кызыганы билинбейт.
Өмүрүндө кубанч үчүн бир жолу,
Кантип Соке, ичкенине сүйүнбөйт.

Соке аяштын ушул кезин, сүрөтүн,
Репиндей жан киргизип тартканга.
Күчүм келбес, ички-тышкы дүйнөсүн,
Горький өңдүү куп келтирип жазганга.
Эки ай жаздым көздүн майын түгөтүп,
Белек болсун эмгек сүйгөн жаштарга.

## КҮЗ КЕЛДИ, ЧАМДАН!

Сары жибек кийингендей жасанып,
Өзгөрүлдү жердин бети жашарып.
Күздүн күнүн келгендигин белгилеп,
Арпа, буудай тегиз бышты баш алып.
Эрксизден эмгек эрин кубантат,
Ар бир даны жүгөрүдөй казы алып.

Помидордун бутактары ийилип,
Кызылчалар казандан чоң түйүлүп.
Капустанын ар бир башы чарадай,
Кабат-кабат жашыл шайы кийинип.
Картошканын ар бирөө чоң чынытдай,
Көргөн жандын көөнү толкуйт сүйүнүп.

Козолорун ак гүлдөрү ачылып,
Апийимдин сүтү таамп чачылып.
Келин-кыздар кылдат менен тилишет,
Бекеринен албайлы деп катырып.
Комбайндар оркестрдей күү чалып,
Күр-күр этип, эгин чабат ашыгып.

Күттүк эле күздүн күнүн сагынып,
Келди мына суктандырып жаңырып.
Эрте жыйнап алгылачы дегендей,
Буудай турат берекесин жамынып.
Ар бир данын калтырбастан жыйнайлы,
Күчтү үрөп талыкпастан жабылып.

Кел, дыйкандар керилбейли, жатпайлы,
Кесир чайкап төкпөйлү да, чачпайлы.

Байлыгыбыз, ырысыбыз буудайды,
Тез темп менен жыйноодон биз качпайлы.
Өкмөт менен партиянын такканын,
Убадалуу күндөн мурун актайлы.

Өлкөм өсүп, байлыгы артып чыңалсын,
Көрө албаган душман күйүп, кубарсын.
Ар бир адам маңдай терди төктүк – деп,
Эмгегинин жыйынтыгын чыгарсын.
Ушул жылкы эмгегиңе баа берип,
Партиябыз алкыш айтып кубансын!

## КӨК-ОЙРОК

Кең жайыттуу көркөм жайлоо Көк-Ойрок,
Аралаша айыл конгон суу бойлоп.
Карап турсаң бетегелүү жайытка,
Катар чубайт колхоз малы төрдө ойноп.

Күчтүү өрүш күлүп жайнап, жаңырып,
Түрдүү чөптүн берметинен сайынып.
Күнгөй-тескей көркүн ачып кулпунуп,
Жагалданат жашыл кымкап жамынып.

Адыр өзөн күтүрөгөн мал менен,
Үч Алматы көктү карай бой керген.
Койнун ачып колхоз малы өрдөсө,
Кубангандай боюн түзөп көрктөнгөн.

Ыркын бузбай гүлдүү чөптөн оттогон,
Жайытында жылкы жүрөт топтогон.

Дон тукумду субайлары бир башка,
Байыр кылып жашыл бетке токтогон.

Койлор чубайт жибек жүнү сеңселип,
Уйлар оттойт бүйрү чыгып теңселип.
Жайкы желдин жыпар ууз жытына,
Уй да, кой да, малчыларым тең шерик.

Көк-Ойрогум көк сүртүнгөн асмандан,
Төрт түлүк мал кең төрүнө бата алган.
Кубанасың музоолорун эмизбей,
Келиндерим уй саагандa азандан.

Асыл экен, артык экен Көк-Ойрок,
Жүрөк ырын арнап жаздым көпкө ойлоп.
Кыштак салсак, бак орнотсок, ГЭС курсак
Жүрөт элек окуп, иштеп күндө ойноп.

## СЫНЧЫ УУЛУМА АЧЫК КАТ

Эки-үч жылда жетимиштен ашамын,
Аз калгандай көрүнгөнсүйт сапарым.
Бирок уулум шум өлүмдү ойлонбой,
Калкым үчүн иштеп келе жатамын.
Карылыкка моюн бербейм, демим бар,
Партиянын көрсөткөнүн жазамын.

Аз болсо да эмгегим бар чогулган,
Адабият текчесине коюлган.
Китебимди кээде көрүп каламын,
Жумушчунун, колхозчунун колунан.

«Сынчы жаштар неге сиздин китепке,
Сын жазышпайт», – десе абдан корунам.

Жооп берем. Сынчылардан сурагын,
Сындабаса кандай арга кыламын.
Ырчы Алымкул: – Бизди унутуп койду – деп,
Сынчыларга таарынганын угамын.
Жанга батты сынчылардын шылдыңы
Ошондуктан сынды талап кыламын.

Буулуккандан ачтым ички сырымды,
Сындагыла коркпой толук ырымды.
Куру мактоо, аша чапма болбосун,
Элге жакса кабыл алам сыныңды.
Кемчиликти бетке айткандын айыбы жок.
Акты – ак деп, жазгын күтөм чыныңды.

Мени аяп бекер кайгы жебегин,
Супсак ырды даамдуу ыр дебегин.
Жети жолу өлчөп туруп бир кессең,
Так ошондо сыныңызга көнөмүн.
Адилеттүү найзаң сайса жарамды,
Айыктырам. Кайратыма келемин.

Кагылайын, сынай бергин тирүүмдө,
Туура сынды кек албаймын көңүлгө.
Сенин ууз аз сүтүңө жуулуп,
Кемчиликсиз тынч жатайын көрүмдө.
Сынаганың пайда бербес, кеч болор,
Мен көз жуумп баш ийген соң өлүмгө.

## ЧҮЙҮМ

Сууларың ташып батпай терең сайга,
Созулуп аяк жагы болгон дайра.
Жылдызын жердин жасап кубатынан,
Жалтанбас элим көргөн асыл пайда.

Тоо-ташың, талаа-түсүң гүлгө оронгон,
Талы жок жайдак талааң талдуу болгон.
Тасмадай даңгыр жолдор жиреп өткөн,
Жайында музу эрибес Ала-Тоодон.

Кенге бай аскар-тооң турат бийик,
Кызарган шиш чокусу көккө тийип.
Булагың обон салып, төмөн акса,
Тургандай тоолоруңдун желини ийип.

Жасанган сулуу кыздай туш-тарабың,
Жаңырып даана угулат күндө шаңың.
Көркүңө кең аламды суктандырып,
Кулпуруп мүнөт сайын өскөн чагың.

Кең пейил пейлин чечип келсе күзүң,
Кубантат нан жыттанып бөксө-түзүң.
Көйкөлүп бышкан эгин, алма, жүзүм,
Баяндайт эмгекке маш элдин күчүн.

## МУХТАР АУЭЗОВГО

Алтымыш жаш кут болсун,
Алдыда таалай көп болсун.
Өмүрү солбос арчадай,
Өнөрлүү жаның бек болсун.

Казак, кыргыз сүйүшкөн,
Калемиң бар кажыбас.
Калкың тилейт сага өмүр,
Кайраттанып алга бас.

«Абайдай» дагы китеп жаз,
Ааламга даңкы угулсун,
Өчөшкөн жанды сүйүнткөн,
Өмүрлүү болуп туулсун.

## ОЙ

Өңү-түсү алмаздай түк оңбосо,
Өзүм менен кошо эмгегим солбосо,
Эл алдында уят болбой өткөнүм.

Окуй берип кызыгына тойбосо,
Опкоолжутуп тез жадатып койбосо,
Ошол менин жашоо көлүн кечкеним.

Эл көңүлүн тартып алып шаттаса,
Элим сүйүп ырларымды мактаса,
Элдин оюн туура таап чечкеним.

Өз милдетин, эл ишенчин актаса,
Өзүм өлсөм, ырым жашай баштаса,
Өмүрү узун жаш арчадай өскөнүм.

Сынчы балдар чыгармамды сындаса,
Сынга илинбей, мөмө шагым сынбаса,
Сапаты бар кооз гүлдү экkеним.

Өлсөм дагы окуп жаштар ырдаса,
Өзүм бардай ырларымды сыйласа,
Ошол менин тилек, ойго жеткеним!

## АТА МЕКЕН

Шекердей булагыңдан даам таттым,
Шыгымдын жалындарын сенден таптым.
Үзүрлүү орун ээлеп кучагыңдан,
Үйрөнүп жашоо жолун, көңүл ачтым.

Энемден артыгыраак эркелеттиң,
Эсепсиз ардактадың, мээр төктүң.
Дос күтүп, теңтуш таап, билим алып,
Жар сүйүп, кадыр билип өнүп-өстүм.

Бактымды энчиледиң кенен бердиң,
Багына ойноп-күл деп эмгекчи элдин.
Абаңан чексиз жутуп, эркин куштай,
Асманга төбөм жетип көкөлөдүм.

Сен барсың арыстандай жүрөктүүмүн,
Сан колдой жалтанбаган билектүүмүн.
Сынбасын бекеринен жарты ташың,
Садагаң мен болоюн, милдеттүүмүн.

## ЭНЕ ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР

### I

Бул дүйнөдөн салыштыруу таппадым,
Бир эле түн ак маманды эмгенге.
Тынч алдырбай ыйласам да какпадың,
Кайра шаштың ак сүтүңдү бергенге.

Толготкондо чыдап турган күчүңдөн,
Төгүп мээриң ийип берген сүтүңдөн,
Кутулбасмын Марска барып келсем да,
Калкыма мен өчпөс ырлар берсем да.

### II

Адамзатта күндөй жарык ак пейил,
Энебиздей эч бир кымбат жан болбойт.
Баарына тең мээрими жаз ак пейил,
Бардык жагы төп келишкен шай болбойт.

Айга чыгып айдан даам татсак да,
Ак сүтүңдөй дары таттуу бал болбойт.
Кыштын күнү атом отун жаксак да,
Коюнуңдай жылуу-жумшак жай болбойт.

### III

Эне сенин атыңды эле атасам,
Эрк кошулуп кубат кирет боюма,
Ыр табалбай мээ катырып чарчасам,
Ыр куюлат Чүй суусундай оюма.

Калпып алып эчак айткан сөзүңдү,
Кубаты мол ширин ырлар жазалам.

Карысам да медер кылып өзүңдү,
Кайта баштан жыргал доордо жашарам.

## КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВГЕ

Касымалы кең бааланып эмгегиң,
Калкка угулду элүү жашка келгениң.
Окуп алып газетадан кубандым
Ошондуктан арнап сага ыр чыгардым.
Өзүңдөй эр эмгек десе сүйүнөт,
Өмүрлүү сөз табуу үчүн жүгүрөт.
Элине мол кеби менен билинет,
Эмгегинин булагына киринет.
Жаза бергин тыныгууну сүйбөгүн,
Жашай берсин четте калбай бир кебиң,
Калкың күтөт, сүттүү болсун эмгегиң,
«Каныбектей» күчтүү болсун бергениң.

## ТЕМИРКУЛГА

Арстанбаптай мөмөгө бай кыялың,
Ажыраткан кумдан сөздүн ынагын.
Ак буурадай тунук, катуу агымың,
Аккуладай төп келишкен арымың.
Ушул кыял, ушул арыш дем менен
Сен элиңди бекем сүйүп ырдадың,
Салтанаттуу күүгө кошуп жыргалын.
Кыргызыңдан эмгек сүйгөн жаштарын,
Көңүл бурат ачык даана тартканың.
Пахтачынын пахтадай ак эмгегин,
Бизге жакты кең сүрөттөп бергениң.

Кызылчадан кыздар баар тапканын,
Кызыктырат чын жүрөктөн жазганың.
Шахтёр досуң кенди талбай казганын,
Шаңга бөлөп, кубанычтуу шаттадың.
Ошондуктан элиң сүйдү ишинди,
Олободой даамы ширин сөзүңдү.
Эли сүйсө акын баркка жеткени,
Эли дагы чоң чыгарма күткөнү.

## ОРМОНБЕК АСАНОВГО

Өрүштө гүлдөй кулпунуп,
Өзөндө суудай булкунуп,
Өйдөлөп канат сермедиң,
Өз үнүң таап унчугуп.
Өз элиң үчүн иштедиң,
Өзгөчө сүйүп умтулуп.
Өлүмгө эрксиз багындың,
Өмүрүң боосу кыркылып.
Жадырап жайнап кулпунуп,
Жагалмай куштай умтулуп.
Жылдыздуу элге сайроого,
Жалындап кооз унчугуп.
Жаштар менен бирдикте,
Жарышка түшүп жулкунуп.
Жагымдуу эмгек берерде,
Жаш кеттиң, уулум, тумчугуп.

## МОСКВАДА

Көрүп сонун көк тиреген үйлөрүн,
Көпкө чейин көңүл калбай сүйгөмүн.

Кең-кесири бейпилчилик жайнаган,
Көңүлүмдү тартып алат кайрадан.
Көркөмүнө Москванын кубанып,
Көңүл толкуйт ыр сабагы уланып,
Кремлден жылдыз күйсө жаркырап,
Куттуу тынчтык агылгансыйт шаркырап.
Өкүл келди эркин Кыргызстандан,
Өмүрүнүн таалайына шыктанган,
Ордолуу журт Москваны көрүүгө,
Овон салып, оюн коюп берүүгө.
Декадага мында келген миң киши,
Башка жер деп эч ойлобойт бир киши.
Мемиреген мейманкана үйлөрү,
Мейман кылып алгандай бүт дүйнөнү.
Көптөн бери ырдабагам ырдадым,
Комузумдун кайра тагып кылдарын.
Мага анткени Москва берди талантты,
Мээрин төгүп чалгын кылды канатты.

## ИНИМ КУБАНЫЧБЕККЕ

Туулган жериң Айкордун,
Күн батыш жакы бетинде.
Торпок минип жарышып,
Торолгон жериң эсимде.
Мен анда жигит элем керилген,
Сүйлөөгө сөздөн эринген.
Ошондо эле көзүмө,
Жылдызың ысык көрүнгөн.

Сен окудуң, сен өстүң,
Мен окубай өмүр жөнөттүм.

Эми Ташкен тал болгон кезегиң
Анда бүчүрү болсоң теректин.

Билинбей жүрүп өзүмө,
Тууган болуп калыпсың.
Мен жөнүндө көп кызмат
Өз мойнуңа алыпсың.

Байкабапмын көп ишти,
Ырдай берип көргөндү.
Өткөрүпмүн ойлонбой
Бекерге далай күндөрдү.

Бек отуруп жазбапмын
Берметин сөздүн таппапмын
Далыга чапса мактанып
Дардаңдап күн-түн какшапмын.

Сендей ининин тилин албапмын,
Көңүлгө сактап калбапмын.
Жазуу жакка умтулбай
Жадабай элге сайрапмын.

Кежеңдеп жүрүп түшүнбөй,
Кечирээк алдым тилиңди.
Айтканың акыл сөз экен,
Инилик жөнүң билинди.

Кеп чынынан бузулбайт,
Жакшылыгың көп көрдүм.
Далай ашуу, кыядан,
Өз колуң менен өткөрдүң.

Мендей нечен карыга,
Тийгиздиң иним арканды.
Адамдык асыл сапатың
Ар иштен улам байкалды.

Какем менен Алымкул,
Угушчу сенин сөзүңдү.
Ыр жазса кеңеш укканы,
Чакырып алчу өзүңдү

Эми, мен бала да, сен ата,
Бала болот карыган.
Карыды дебей өзүмдү,
Көкөлөттүң абыдан.

Мажүрөө балдар узабай,
Уулу болот бир үйдүн.
Өзүңдөй эл-журт дегендир,
Кызматын кылат миң үйдүн.

Өзүбүздүн бала – деп,
Эске албапмын өзүңдү,
Өзүңө арнап бир дагы
Айтпапмын жылуу сөзүмдү.

Сыйлуу сөздүн кечи жок,
Сый көрсөтпөйт эси жок.
Кадыр билбес адамдын,
Көөдөнү сокур, сөзү шок.

Жетимиштен ашканда
Сексенге сапар тартканда.

«Осмонкулдун тою» – деп
Дүңгүрөп элим жатканда.

Көңүлүм эрип жан иним,
Кез келди сени мактаарга.
Бүгүн чолом тийген бейм,
Рахмат сага айтканга.

Отургандар капа этпес.
Инисин мактап жатканга.
Журтумдан чыккан жубарымбек,
Юбилейге башкарма.[1]

Бул ырды акын өзүнүн 70 жылдык юбилейинде, өзү туулуп өскөн айлы Чоң-Далыда жакын туугани ырчы Жаманкул Бөрүбай уулунун иниси Аманкулдун үйүндө юбилейлик салтанат тарап жатканда ырдаган.

*7-сентябрь, 1958-жыл.*

[1] Юбилейге башкарма деп акын тамаша иретинде айтканы. Юбилей комиссиясынын председатели Аалы Токомбаев болгон. Юбилей комиссиясынын секретары Кубанычбек Маликов шаарда да, акындын туулган айлында да юбилей салтанатынын докладчысы болгон.

## КАЛЫК ЫРЧЫ МЕНЕН КЕЗДЕШҮҮ

Мен Калык ырчы менен кездешкенге чейин эч бир жерде ырдаган эмесмин. Кез-кезде гана кыз оюндарда курбуларымдын суроолору боюнча алардын көңүлүн кыйбай, коркконуман кыйналып жатып, күйгөн ырлардан жана казакча өлөңдөрдөн ырдап берүүчүмүн. Себеби атамдын бир тууган агасы Сүйүнбай өтө каардуу киши болуучу. Биздин урууну ошол киши башкаруучу. Анын айтканын эч бирөөбүз орундатпай коюучу эмеспиз. Менин кыз оюндардын биринде ырдаганымы угуп калып, чакыртып алып мындай дегени алиге эсимде. (Ал мени ит кубар деп чакыруучу) Менин атак-даңкымды булгабагын, ырчылык дубананын иши, дубанача ак урбай, жөн оокатыңды кылгын. Экинчи сенин ырдаганыңды укпайын, уксам таарынба!.. Июль (57-б.)

Ошентип мен ырдабай калдым. 1918-жылы май айында гана менин келечектеги бактылуу өмүрүмдүн даңгыр жолу ачылды. Буга өзгөчө Калык себеп болду.

Мен Пишпекте жүрсөм, жолдошум Аман биздин айылга Калык келгендигин айтты. Барып жолугуп, талантымды сындатып көрөйүн деген ой менен чапкан бойдон шаардан чыктым.

Айылга барсам, Бөкө аксакалдын үйүнүн ичитышына эл батпай кетиптир. Төрдө узун бойлуу, жашы кырктарга жакындап калган кара сур киши «Курманбекти» ырдап отуруптур. Бир аз убакыт өткөндөн кийин эле «Курманбектин» аягына чыкты. Мен учурашайын дегенче болбой, улантыңыз Каке дешип эл жаалап жиберди. Какем комузун толгоп кайра баштады.

Саяктан келдим солтого,
Сарбагыш, тынай ортоңо.
Төө баштап тогуз ат берген,
Түпкү атаңар колкого.
Бөлөнткөн далай ырчыны,
Атилес, шайы, торкого.
Урматтуу калкым кулак сал,
Уругум болот саяктан.
Учурашып кеткени,
Умтулуп келдим Кабактан.
Улама болом ырлардын,
Уругун сээп тараткан.
Томуктай кезде Токомдон,
Таткамын ырдын ширесин.
Таап айткан ырчымын,
Татыктуу ырдын жүйөсүн.
Тобунда элдин бата алып,
Токомо жаккан мүнөзүм.
Томуктай кезден ээрчитип,
Тай чагымда телчитип,
Токтогул мүлкүн үйрөткөн.
Тазасы ырдын мына – деп,
Тартынбай алга чура – деп,
Талпынтып канат күүлөткөн.
Силерден далай ырчы өткөн,
Айтса черди тараткан.
Калмырза, Балык, Жаманкул,
Тамшантып элди караткан
Күн батып нечен таң аткан,
Балык ооз айтса «Манастан».
Ошолордой ыр тапкан,
Ырчынын бири мен болом.

Он үчкө жаңы чыкканда,
Ыр кесибин жолдогон.
Артыкча мага баа берип,
Акын Током колдогон.
Канаты чалгын ак куштай,
Калык ырчы талпынсын.
Көпчүлүк каалап турган соң,
Көңүлүн мага бурган соң
Көөдөндөгү ырларын,
Каяктан акын жашырсын.
Башынан бери жөн билген,
Баркымды билер калкымсың,
Берекелүү колуңар,
Байлыгы ташкан алтынсың.
Бали! – деп урмат кылган соң.
Баш буруп неге тартынсын.
Ченебей ырды силерге,
Чарчабай айтып берейин.
Чалкыган кыял менде бар,
Чаалыктым элим дебейин.
Чаң калтырып артыма,
Чапкан аттай жөнөйүн.

Какем көпкө чейин ырдады. Менин эсимде калганы ушулар.

Бөкө аксакал мени көрө коюп, кубанып кетти. Ордунан тура калып: – Кел, Осмонкул, Калык ырчы менен учурашкын. Казынаңдын оозун ачкын, качанкыга чейин эле катып жүрмөк элең, элден бата алгын. Калык ырчыдан сабак, таалим ал, Сүйүнбай ажыга жоопту мен берем, – деп өзүнүн ордуна мени отургузуп, өзү төмөнүрөөк жылды.

Мен аябай шашып калдым. Сүйүнбайдан корккондуман жана Какемен сүрдөгөнүмөн эмне айтаарымды билбей тердеп кеттим. Менин кыйын абалда калганымды сезе коюп Сүкөм: – Ырда ит кубар, тартынбагын, Калык деле сендей болгондур – деп үнүн катуу чыгарды. Мен домбурамды алып, көзүмдү жуумп туруп ырдап жибердим. (Осмонкул. Менин өмүрүм. – Ф., Кыргызстан, 1968, 59-б.)

Айылга Калык келди – деп,
Амандан уктум кабарды.
Атайы чаап мен келдим,
Атактуу ырчы аманбы,
Арзып жүргөн агама,
Ардактап берем саламды.
Жакшыбы Каке, ардагым,
Жалпы элиң мал-жаның,
Жаркылдап эсен жүрөбү,
Жактырып сүйүп алганың
Жүрөбү эсен кырсыктан,
Жаныңдай көргөн балдарың.
Жайымды айтып берейин,
Жашырбай Каке өзүңдөн.
Агам ажы Сүйүнбай,
Ажыратты сөзүмдөн.
Акын болуп чыксам да,
Алкынып бала кезимден.
Жалтак болгон себебим,
Жарыкка чыкпай жабыктым.
Жаш кезимден сүздүрүп,
Жазыксыз отко чалдыктым.
Жалпы элге ачык ырдабай,

Жакынымдан айбыктым.
Аргымак тандап минбедим,
Асылды тандап кийбедим.
Аргымак оозун чойдуруп,
Аралап топто жүрбөдүм.
Агамдын тартып азабын,
Аргасыз кыйын күндөмүн.
Курдаштар менен бир жүрүп,
Кыз оюнга үлгүрүп,
Каткырып ойноп күлбөдүм.
Кыйнаган сырды чече албай,
Көздөгөн ойго жете албай,
Кутулар жолду билбедим.
Катып койбой айтайын,
Капталга камчы тийгенден,
Кыз оюнга ырдасам,
Курдаштар менен жыргасам,
Каралдым деп аябай,
Каарданып агам сүйлөнгөн.
Уксаң Каке, чындыгын,
Ушундай менин абалым.
Уурудан бетер көп тарттым,
Улуулук жагын агамдын.
Уулантмак болду душмандай,
Убалын сезбей баланын,
Калк чогулган жыйынга,
Кез-кезде качып барамын.
Кошулуп бирге ыр ырдап,
Көңүл ачып аламын.
Кокустан көрсө абакем,
Коркомун барбай каламын.
Кайгыда жүргөн иниңдин,

Кабагын Каке ачып кет,
Күч көрсөткөн агамдын,
Каарын толук басып кет.
Кадимкиндей жорголоп,
Калкыңа нуска чачып кет.
Ээ бербеген эч кимге,
Эркеси ажы, солтонун
Эки эли тилди жануугa
Эп табалбай коркомун.
Эпке келтир агамды
Эриксиз кыйын шордомун.

Мек токтор замат Какем ырдады:

Санаага терең чөмүлгөн,
Сары оору болгон баланын.
Санжаптап айткан баятан
Саламын алик аламын.
Садага иним сөзүңө,
Солкулдап кетип барамын.
Кападар болуп турамын,
Калк жөнүн билген ажыга,
Кандуу камчы батырган,
Кагылайын жаныңа,
Кызыл камчы кишиби?
Кол салган өз канына
Каардуу болгон жарайбы,
Карабай киши алына.
Карынбайдай эместир
Кур чиренген малына.
Кол салабы уулуна,
Калк тааныган карыя.
Келечекти ойлонгун,

Карабай күндүк наамыңа,
Кайрадан дагы эскертем,
Кетпегин эски шарыңа.
Каматып коюп жүрбөсүн,
Кедейлер сени жабыла.
Бер, уруксат ырдасын,
Баландай болгон балаңа,
Бытырап бөөдө кетпесин,
Бар өнөрү талаага.
Баарыбызга тең заман,
Баркыңа азыр караба.

– Ырас сөз, уруксат бериңиз ажы – деп отургандар чурулдап жиберишти. Ажы макул дегендей башын ийкеп, жерди тиктеп калды. Какем кайра баштады:

Алтындай сөздөн баштоого,
Азыр иним жашсың да,
Айбыкпай иним ырдап жүр,
Ага-иниңдин астында.
Аралап топко барбашың,
А дале сенин бактың да.
Ырас акын экенсиң.
Ындыныңды бас кылба,
Ырдатпай мени койду – деп,
Ырыскыңды тарттырба.
Ынагын сүйлөп сөздөрдүн,
Ырчыларга бастырба.
Тууганың каршы болгонго,
Түшүнбөй терең койгонго,
Таптакыр иним жат болбо.
Турмушта кимдер жаңылбайт,

Турмушта тууган табылбайт.
Тууганыңа кас болбо.
Кең заман келди кедейге,
Келечегиң астында,
Кеңири жолго бет алып,
Көңүлдүү алга баскын да.
Күндөн күнгө күч алып,
Кирген суудай ташкында.
Ырдап жүргөн экенсиң
Эл ичинде жаңыдан,
Элпек болуп бата алгын,
Эл эскирткен карыдан.
Элге кенен таанылмак,
Эр жигиттин багынан.
Акындар бизден көп өткөн,
Ак калпак кыргыз сабынан.
Он үч жашка чыкканда,
Акындык мени даарыган.
Отузга жашым жеткенде,
Ордолуу кыргыз тааныган.
Алыскы жолго чыга элек,
Азыр жорго кунансың,
Аман болсоң бой жетип,
Асыйга иним чыгарсың.
Аралап топтун ичинде,
Аркырап ырдап турарсың.
Кенен болсо арымың,
Күндө үлпөт курарсың.
Кулпунуп топко ырдай бер,
Курдаган элиң кубансын.
Кунандар чыкса өзүңдөй,
Койнума батпайт кубанчым.

Узун болсо өмүрүң,
Урматтуу кызмат кыларсың.
Жакшы ырдасаң көп элден,
«Жаша!» – деп алкыш угарсың,
Ыргалып бойго жеткенде,
Ырчыларды сынарсың.
Азый чыксаң толорсуң,
Ардактуу акын болорсуң.
Жүрө-жүрө өзүңдүн,
Жол жоргоңду оңорсуң.
Жалтаң боло көрбөгүн,
Жаңы келген сонорсуң.
Күч киргенде күчөрсүң,
Күлкүнүн курсун бүтөрсүң.
Жөнүн тапсаң жадабай,
Жүрүшүңдү түзөөрсүң.
Алыскы жолдо сыналып,
Айтышка нечен түшөрсүң.
Жаңы заман доорунда,
Жазгы гүлдөй жайнарсың,
Жаш-карынын алдында,
Жаш булбулдай сайрарсың,
Жатык болсоң Осмонкул,
Жалпынын көөнүн жайларсың.
Айлыңа келдим атайы,
Алыскы жерден бөбөгүм.
Алып калгын аябайм,
Агаңдын нуска өнөрүн.
Агаңдай мени сыйласаң,
Ардагымдай көрөмүн.
Бошондук иним кылбасаң,
Болорсуң менин жөлөгүм.

Жаңылбай терең ырдасаң,
Жүрөгүм сууруп беремин.
Ырысың тоодой бул күндө,
Ырыңды ичке катпагын.
Кумарды жаз, – деп сураса
Кежирленип качпагын.
Артыңдан бирөө куугандай,
Аптыкпа иним шашпагын.
Эмне кылсаң оң болот,
Өсчү бала жаш чагың,
Эмгектенип талыкпай,
Эл милдетин актагын.
Калың эл каалап турушат,
Кезекти берем баштагын.

Бул учурда менин сүрдөгөнүм басылып, терим кургап калган эле. Кезекти мага бергенде кайрадан жүрөгүм туйлап, бүткөн боюм ысып, калтырак басты. Сыр билгизмемиш болуп, домбурамды нечен долу бурап-бурап алып ырдап жибердим:

Атайы кезек берген соң,
Айтпай карап турбайын.
Ачыла элек ырчы элем,
Айбыксам да ырдайын.
Сары алтын Каке, бүгүн мен,
Сөзүңдү эки кылбайын.
Каалабаса жүрөгүм,
Каяктан сизди курдайын.
Кубат кошор сен турсаң,
Көңүлдү неге бурбайын.
Катарында бир жүрүп,
Кубанып ойноп жыргайын.

Көөдөнгө каткан сөзүмдү,
Көпчүлүк турса жактырып,
Канатымды күүлөйүн,
Калкымдын көөнүн шат кылып,
Кадимкидей сүйлөйүн,
Калың эл калсын каткырып.
Сайрандап ойноп турган кез,
Салтанат нуру чачырап.
Телмирип жүргөн бир кезде
Теңдикке жетти батырак.
Бай-манапты куушка,
Бел байлады шатырап.
Падыша түштү тагынан
Ажырап жатат бай манап,
Азар түмөн малынан.
Манаптар бүгүн корккон кез,
Малы түгүл жанынан,
Бардык кедей кутулду,
Бай-манаптын каарынан.
Бороондон суук сезилген,
Байбиченин заарынан.
Баштагы кедей биздерди,
Бүгүн байлар тааныган.
Батырак кедей баласы,
Бардыгына шайланды.
Буулуккан көңүл ачылып,
Бактыга жетип шаңданды.
Бакырып камчы үйүргөн,
Байлардын тили байланды.
Бай-манаптар шашылды,
Байга кедей асылды.
Батырак келип калат – деп,

Байлар коркуп жашынды.
Корkконунан жакшы атын,
Кудасына качырды.
Кудасы жок кургур бай,
Кокту жерге жашырды.
Арык деп албай койсун – деп,
Ачка байлап катырды.
Айласы кетип кээ бирөө,
Партияга жазылды.
Большевиктер үйрөттү,
Батыракка акылды,
Кубантты көөнүн оорутпай,
Колунда жок жакырды.
Кошулгула бизге – деп,
Кедей топко чакырды.
Ушундай күнгө туш келдик,
Узагын берсин өмүрдүн,
Кеңештин оту жанганда,
Кубанчым батпай семирдим.
Койнума толуп ырыскы
Күүлөнгөн аттай элирдим.
Эсен болсо алтын баш,
Эл менен бирге жашармын.
Эркин куштай күүлөнүп,
Эл көңүлүн ачармын.
Кызматым сиңсе элиме,
Кызыкка нечен батармын.
Толук берсең нусканды,
Топко сайрап турармын.
Толгон аттын ичинен,
Теминип алга чыгармын.
Талантты ачаар Мекенге,

Талыкпай кызмат кылармын.
Санатың түзүк үйрөнсөм,
Сан элге ырдап берермин.
Саламат болсом кырсыктан,
Сапатын ырдын терермин.
Урматтап Каке, өзүңдү,
Устатым – деп жүрөрмүн.

Мен токтор менен Какем ырдады.

Келдим эле Осмонкул,
Кең Чүй ата жериңе,
Келген киши жай тапкан,
Кенен солто элиңе.
Ырчы болот экенсиң,
Ыраазы болдум кебиңе,
Келиштирип ырдадың,
Курчаган курбу теңиңе,
Кыйыштырып кынадың,
Керектүү кепти эбине.
Жагалданып куюлтуп,
Жеткиздиң ойдун чегине,
Аянбай ырда айтаарым,
Алты уруу кыргыз калкыңа.
Ардагым менин эл десең,
Ар адам жетет баркыңа.
Алыска сапар чексең да,
Атагың жүрөт айтыла.
Жай билип көңүл оорутпай,
Жылдыздай жайнап жаркыра.
Жазгы желдей тынчыбай.
Жыпар чачып аркыра,
Жаңы кирген Чүйүндөй,

Жалтанбай төгүп шаркыра.
Узагын сүрүп өмүрдүн,
Улууларды сыйлап өт.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Урматын көрүп жыргап өт.
Айнектей көзүң жумганча,
Алтындай элди ырдап өт.

## ПАРТИЯГА РАХМАТ

*(70 жашка чыкканда ырдалган ыр)*

### I

Калкыма баштан өткөндүн,
Кыскача жазам баянын.
Койнунда өсүп чоңойдум,
Кең Чүй ата талаанын.
Азыркы кезден айлансын,
Андагы менин абалым.

Сансыз мал баткан ичине
Сары өзөн Чүйдө төрөлдүм.
Саймалуу тоодон гүл терип,
Суусун татып көгөрдүм.
Советтик улуу доордо,
Салтанат бакка бөлөндүм.

### II

Атакем момун киши эле,
Ар кимге жаман айтпаган,
Эрке өстүрүп балдарын,
Эч качан уруп какпаган.

Эртели-кеч мал багып,
Эптеп жанын сактаган.

Апакем казак кызы эле,
Ар түркүн өлөң көп билген,
Ар күнү жомок үйрөтүп,
Алдейлеп багып өстүргөн.
Колума берип домбура,
Казакча күүдөн черттирген.

Кымындай кезден окутту
Каары күчтүү молдодон.
Курулай куран жаттатып,
Кыйнап жанды зордогон.
Кокус бир сөз унутсаң,
Кейитип сабап кордогон.

Зикир чалган молдодой,
Зарыгып кечке какшадым.
Түшүнбөй куран сөзүнө,
Түйшүк тарта баштадым.
Арапча он жыл толгондо,
Араң кат жаза баштадым.

Молдобуз кечке окуткан,
Мээ катырма сабактан.
Кокус кээде такалсаң,
Көтөртүп коюп сабаткан.
Жалынсам укпай үнүмдү,
Жонумду далай канаткан.

Он жылдан кийин эжелеп,
Окуганга жарадым,

Казакча, татар, өзбекче
Китептин ачтым барагын.
Оңолуп күчөй баштады,
Окуугa менин талабым.

Колума тийген китепти,
Калтырбай окуй баштадым.
Качып барып сай бойлоп,
Кызыктуу жерин жаттадым.
Кызыгып татып ширесин,
Көңүлгө бекем сактадым.

Жаттап алган казалдан,
Жаштарга айтып беремин,
Добушум бийик чыгарып,
Домбура чертип көнөмүн.
Ай өткөн сайын зымырап,
Артыла берди өнөрүм.

Ал кезде өткөн күндөрүм,
Алиге турат оюмда.
Эркимче ойноп күлбөдүм,
Эркин заман жогунда.
Бактыга кенен жетпедим,
Бай-манап, бийдин чоңунда.
Андагы чоңдор курусун,
Атайы мектеп ачкан жок.
Ач жылаңач балдарды,
Алына карап баккан жок.
Биздейге билим эңсеген,
Билимдүү молдо тапкан жок.

Көңүлсүз болду көпчүлүк,
Кызыктуу чыккан дастан жок.
Кыянатчы бай-манап,
Кызыктуу китеп баскан жок.
Ошондуктан көп акын,
Обдулуп китеп жазган жок.

## III

Жалтанбай топко ырдаган,
Жаманкул деген бар эле.
Жашы менден улуураак,
Жакын эуган ага эле.
Каалап көп эл сураса,
Кеби ширин бал эле.

Он үчүнөн ырдаган,
Оюнга шыктуу жан эле.
Кенен Чүйдөй арымдуу,
Кенчке толгон жан эле.
Жаңы чыккан ырчыга,
Жарашык кеби дары эле.

Кара сөздүн ордуна,
Кооз ырдан төкчү эле.
Катуу камчы салдырбай,
Кер жоргодой безчү эле.
Кызыл аттын үстүндө,
Кыйкырып сабап кетчү эле.
Денеси ырга чөмүлгөн,
Деңиз эле чалкыган.
Көрөнгө алгам ошондон,

Калбай ээрчип артынан.
Отузга чыкпай кайран эр,
Айрылды кыргыз калкынан.

## IV

Жаңыдан ырдап жүргөндө,
Жолтоо болду Сүйүнбай:
– Ырыс-баркым кетирип,
Ырдаба – деп, – жыйынга ай.
Болоттой өткүр талантты,
Баалабады тыйындай.

Агамдан коркуп аргасыз,
Албадым комуз колума.
Аралап эркин барбадым,
Алты уруу элдин тобуна.
Телмирип дайым кайгырдым,
Теңчиликтин жогуна.

## V

Кайран эл арып мөгдүрөп,
Кайгыга батып турганда.
Канкорлор күчөп оюнча,
Карк алтынга тунганда,
Ленин чыгып элимди,
Жеткизди таалай, жыргалга.

Теңчилик доору келди – деп,
Туш-тушка кабар тарады.

Кедейлер ээлеп өз ордун,
Көрк басты кыштак, калааны.
Өмүр сүрө баштады,
Эркин элдин заманы.

Айда туулуп жаңырып,
Алтын басты жеримди.
Күндө туулуп жашарып,
Кут, нур жапты элимди.
Эркин өсүп күч алып,
Элим ачты көңүлдү.

## VI

Он сегизинчи жылында,
Гүлдөгөн майдын айында,
Кыргызга чыккан атагы,
Калык келди айылга.
Кенчинен сузуп мен алдым,
Кошо жүрүп жанында.

Ээрчитип толук үйрөттү,
Элестүү күчтүү кептерин.
Айтып берди башынан,
Армандуу күндөр өткөнүн.
Жашында оокат айынан,
Жумгалдан тентип кеткенин.

Толкуган ырдын кендерин
Токтогулдан алганын.
Тойпондоп ээрчип Токомду,
Той-ашка бирге барганын.

Тартынбай добуш чыгарып,
Таң-тамаша салганын.

## VII

Ай айланып жыл өтүп,
Артыла берди талантым.
Ар түркүн китеп көп окуп,
Ачылды толук сабатым.
Жаркырап өсүп эл менен,
Жайылды чалгын канатым.

Таланттуу нечен жаштарга,
Театр кенен ачылды.
Жалпыга кызмат кылсын – деп,
Жыйнады бардык акынды.
Колхоздо иштеп жүргөндө.
Келгин деп мени чакырды.

Окуган чебер актердой
Образ түздүм ойнодум,
Жемиштүү чыгып элиме
Жетсе экен деп ойлодум.
Артисттер менен бир жүрүп
Айылга оюн койгомун.

Арадан беш жыл өткөндө
Филармония түзүлдү,
Чакыртып барып сынады
Акындык талант күчүмдү,
Ойноп элди аралап
Ошондон көрдүм үзүрдү.

Кумарын жазып ыр ырдап,
Калкыма бүтүн таанылдым.
Ырларым чыгып жарыкка
Ырыс-бакка малындым.
Эмгегим сиңип элиме
Алтындан орден тагындым.

Аралап чыктым элимди
Агарып сакал карыганча.
Ал келгенче иштедим
Алтымыш бешке барганча,
Айткым келет азыр да
Айрылып сөздөн калганча.

Пенсия берет өкмөт
Беш жыл болду үйдөмүн
Көңүл ачып ыр жазып
Куттуу жыргал күндөмүн,
Калбаса дейм талаага
Кагазга түшпөй бир кебим.

Жети кыр ашып бүкчүйүп,
Жетимишке барганга
Кемпиримдин жанына
Кечке отуруп калганга.
Кейибеймин карганга
Кебим калат балдарга.

Кылымдар сүйүп окууга
Калкыма калса дүнүйөм
Өмүр сүрсө ырларым
Эмнеге жандан түңүлөм.

Өжөр залим тушунда
Өлбөгөнгө сүйүнөм.

Эмгегимди баалаган
Эсен болсун партиям.
Ардактаган сыйлаган
Айланайын калкыман.
Партиям үчүн, эл үчүн
Бек иштөөгө талпынам.

## САЙМАЛУУ КӨЙНӨК КИЙИНДИ

Балбылдап тийген күн нуру,
Чокусун тоонун жалады.
Табына күндүн чыдабай,
Тумшугу муздун канады.
Мөңгүнүн суусу токтобой,
Туш-тушка тегиз тарады.

Жер чечип кийген ак тонун,
Саймалуу көйнөк кийинди.
Тамагы бүтүп карганын,
Тоо башына сүрүлдү.
Кеңири жутуп абадан,
Курт-кумурска тирилди.

Чыйырчык досун көргөндө,
Дегдешкен балдар сүйүндү.
Даярдап койгон үйүнө,
Коноктой тосуп кийирди.

Сый көрө албай балдардан,
Таранчы шордуу күйүндү.

Көктөн түшкөн жамгырга,
Жылга тескей киринди.
Көңүлү сергип бак-дарак,
Үстүнөн тонун күбүндү.
Куттуктап жазды жыпар жел,
Ой-тоого тынбай жүгүрдү.

Канатын күүлөп көгүчкөн,
Көңүлдө сөзүн сүйлөдү:
«Шандуу көңүл ачса экен,
Шаттыкта ойноп дүйнө эли.
Тынчтык таалай басса экен,
Түбөлүк бүткүл дүйнөнү».

Көктө бийлеп эркинче,
Торгойлор тилин тактады.
Жанаша өсүп кызгалдак,
Жыбырап гүлдөй баштады.
Эпкиндеп жумуш иштөөгө,
Эмгекке чыкты жаш-кары.

Трактор тынбай жер тилип,
Чагылтат күнгө тиштерип.
Сеялка чачып үрөндү
Калтырбайт айдоо беттерин.
Ар кайсы адам ар иште,
Бүтүүгө шашат иштерин.

## ЖАЗ

Чамынган кыштан ал кетти,
Күмүштөй аппак кар кетти.
Күн нуру кысып койнуна,
Өпкүлөп жерди тердетти.
Тоо жели жүрүп эркелеп,
Бак-дарак башын терметти.

Мөңгүлүү тоонун кары эрип,
Күрүлдөйт суулар сайдагы.
Жамынган тонун ыргытып,
Боз талаа күлүп жайнады.
Куттуктап жаздын сөөлөтүн,
Чарчабай торгой сайрады.

Күчүңдү көрсөт кыргыз эл,
Кубаттуу иштеп эрте-кеч,
Мезгили өтүп кетпестен,
Жумуштар жазгы бүтсүн тез.
Жемиштүү жазда иштейли,
Сыналчу кезиң ушул кез.

Малыңдын туут мезгили,
Майрамдай өтсүн малчылар.
Сак болуп эсен төлдөтсөң,
Жылдыздай жүзүң жаркырар.
Эмгегиң жүрөк толкутса,
Союзга даңкың айтылар.

Бекерге шылтоо кылбагын,
Табыйгаттын ырайын.

Оор кыстоо күндөрдө,
Күчүңө ишен ылайым.
Өркүндөп өссө малыңар,
Көрөсүң жыргал убайын.

## ЖҮРӨК ТОЛКУЙТ

Көйкөлтүп тоону, талааны,
Көрк берди сулуу май айы.
Көк шибер желге ыргалып,
Көкүлүн кайра тарады.

Бирде ачык, бирде бүркөлүп,
Булуттар көктөн нур төгүп.
Күлүңдөйт гүлдүү жер бети,
Кырмызы жибек чүмкөнүп.

Баригин кыса кучактап,
Бой салат дарак бутактап.
Бозоюн күткөн селкидей,
Борумун айтсаң сыпаттап.

Бөлөнүп гүлгө кучагы,
Тоолордун аңкыйт жыпары.
Бак-дарак шаңга оронгон,
Булбулга толуп бутагы.

Жер бетин жапкан баркытка,
Сулуусуң майым артыкча.
Жарашат көркүң ансайын,
Эмгектин күүсү тартылса.

Иштеген жерин бет алып,
Баратса жаштар үн салып,
Жүрөгүм толкуп кубанат,
Карасам артка кылчайып.

## ЖАЗГЫ ТАҢДА

Жылдыз жайнап нурун төгүп жымыңдап,
Жер энеге коштошкондой көз ымдап.
Секунд сайын тез суюла баштады,
Сыдырым жел жылгалардан зырылдап.
Тургула деп элди эмгекке үндөдү,
Таң жарчысы боз торгойлор ыр ырдап.

## КАРКЫРА

Көйкөлгөн сансыз кооз гүлдөр жапкан,
Көк кашка түрдүү булак, суулар аккан.
Каркыра кенендигиң Чүйдөй экен,
Койнуңа казак, кыргыз малы баткан.

Зим минип биз бет алдык Ысык-Көлдү,
Зимибиз самолеттой канат керди.
Ат минип алты күндө жете албаган,
Беш саатта Пржевалга алып келди.

Эртеси Пржевалдан жөнөп кеттик,
Суктанткан Каркырага эсен жеттик,
Мелдеште жеңип чыккан малчылардын,
Тоюнда ыр ырдадык, комуз черттик.

Эмгегин көрүп даңктуу малчылардын,
Элирип кубангандан ыр ырдадым.
Алардын бир чайчыны кымызынан,
Жашарып элүү жылдык кубат алдым.

Ар кими өз милдетин ыйык сезип,
Жүрүшөт малдарынын камын жешип:
– Малыбыз оттуу жерден оттосун! – деп,
Барышат улам жаңы жайга көчүп.

Кабагын тырыштырып күн бүркөлсө,
Булуттар бытырадай мөндүр төксө.
Жанынан малдарынын карыш жылбайт,
Малчылар: «Калбайлы!» – деп уят кепке.

Керилген Каркырага мал жайылса,
Келиндер таң азандан уюн сааса.
Айланаң кызуу кыймыл шаңга толот,
Бир жактан уйлар мөөрөп, кой жайылса.

Койлору семизинен араң басат,
Жылкысын минсең учуп ала качат.
Заңкайган уйларынын желинине,
Таң калдым, орногонбу сүттүү башат.

Чынында зор эмгеги малчылардын,
Кимдерди раазы кылбайт уксаң дайнын.
Жүз чайып, суусун татып кайра кайттык,
Эске алып ошондуктан ыр арнадым.

Көйкөлгөн сансыз кооз гүлдөр жапкан,
Көк кашка түрдүү булак, суулар аккан.
Каркыра кенендигиң Чүйдөй экен,
Койнуңа казак, кыргыз малы баткан.

## АР КЫЛ ЫРЛАР

* * *

Кызматымдан чарчап үйгө келгенде,
Чоң аталап тосуп чыкса неберем,
Жыпар жыттуу алкымынан сүйгөндө,
Чарчоо тургай, кайра баштан көгөрөм.

* * *

Балаң болсо – ачылганы көңүлдүн,
Балаң болсо – жашарганы өмүрдүн.
Балаң болсо – агылганы ырыстын,
Балаң болсо – жаңырганы турмуштун.

* * *

Ынак жолдош – жылдызыңдын жайнашы,
Ынак жолдош – ырысыңдын жармысы.
Ынак жолдош – жүрөгүңдүн кымбаты,
Ынак жолдош – тилегиңдин сырдашы.
Жаман жолдош – кадырыңды кетирет,
Жаман жолдош – жалыныңды өчүрөт.
Жаман жолдош – көңүлүңдү оорутат,
Жаман жолдош – өмүрүңдү солутат.

* * *

Далай акын төрөлөт,
Даамдуу ыр жараткан.
Дары болуп ырлары,
Даңкы элди караткан.
Ал акындын мыктысы
Алыска учуп бараткан.

Толгон акын төрөлөт,
Толкуп ырлар жазбаган.
Томуктай ширин ыры жок,
Токтолбой кечке какшаган.
Бул акындын чычаңы,
Бута атымдан ашпаган.

## КУТТУУ КОНОК

Жетиген күлөт кашкайып,
Жалжалын күтүп тургандай,
Айланам чексиз мемирейт,
Ай-аалам тынчтык кургандай,
Көзүмдү уйку калкалап,
Көшүлүп кеттим буйдалбай.

Кызыл туу каптап жер жүзүн,
Кубаныч конгон айылда.
Күн жаркып чолпон сырдашып,
Кошо жүрөт жанымда.
Көңүл ачып жүрүпмүн,
Коммунизм багында.

Сансыз эл сайран курушуп,
Шаттыктын күүсү чертилет.
Бакыттар белек сунушуп,
Бетимден сылайт келчи – деп.
Дүйнөгө кабар таркатып,
Достуктун күүсү чертилет.

Аңгыча кимдир каткырып,
Тургун дейт түртүп шаштырып,
Элесин бузуп түшүмдүн,

Эриксиз көздү ачтырып.
Түшүмдөн өңүм кооз чыгып,
Кубандым көңүл чаптырып.

Карасам мейкин талааны,
Күмүштөн чапан жапкандай,
Татынакай көрүнөт,
Таң сөгүлүп аткандай,
Кубанып жылдыз көркүнө,
Кучагын кенен ачкандай.

Тамылжып тоолор жаркырайт,
Ташына чолпон туугандай.
Боорунан бермет тамчылайт,
Бакыттын балын куйгандай.
Койнуна батпайт кубанчы,
Күлүңдөп карап тургандай.

Күңгүрөйт суулар кузгундап,
Көбөйүп ташып кеткендей.
Ак булут сууга айланып,
Астыртан таасир эткендей,
Жаңы жылдын кубанчы,
Ага да сызып жеткендей.

Турмуштун сонун көркүнө,
Назарын салып жазганбай,
Жылдыздар жал-жал көз ымдайт,
Жыргалдуу ушул кез кандай?
Байкасам жылдыз коногу[1]

[1] *Коногу* – жаңы жыл деген мааниде.

Биз жакка бирге баскандай.
Белегин сунуп калкыма,
Мээримдүү конок жылмаят.
Жарашып шаттык жалпыга,
Жасанган аалам нурданат.
Жер жүзү шаңга бөлөнүп,
Жаңы жыл ыры ырдалат.

## АЙ ЖӨНҮНДӨ

Салкын түндө апам менен атамдын,
Сүйлөшкөнү али эстен кете элек.
Сыйын сен да садагасы каралдым,
Сыртка чыкты апам мени жетелеп.

Таттуу уйкумдан ойготконго шаштырып,
Түшүнбөдүм чочулап мен таң калдым.
Апакемдин жаңсаганын көргөндө,
Аны туурап жакамды бек кармадым.

Айды карап тилемчидей апакем,
Алаканын жайып сүйлөй баштады.
Арманын да калтырбастан апакем,
Арбын дөөлөт бере көр деп какшады.

Ага-тууган калайыктын ичинде,
Айдан аман, жылдан эсен кыла көр.
Алсыз жармач бизге окшогон кедейге,
Айланайын көңүлүңдү бура көр.

Ай жаңырып чачкан сайын жарыгын,
Атам, апам дайым калбай сыйынат.

Алсыздарга тилегинин жарымын,
Ай мелтиреп бербөөчүдөй туюлат.

Мезгил учту бакыт үйгө келбеди,
Мурдагыдай жашай бердик кыйналып.
Муңду угуп оюбузга көнбөдү,
Мерез жандай ай койбоду жылмайып.

## КЕНЕНГЕ

Бактылуу чоң ырчысы казак элдин,
Бүгүн сен 75 жашка келдиң.
Жалпыга өлөңүңдү айтып бердиң,
Жамбылдай ыр берметин себеледиң.
Жайнаган ырдын кооз гүлүн тердиң,
Жаңылбас уларындай сулуу төрдүн.

Жашыңдан домбураны эрмек кылдың,
Жабышып үйрөнсөм деп көңүл бурдуң.
Жемиштүү эмгегиңди элге сундуң.
Жыты аңкыган жыпарын чачып турдуң.
Жан жыргаткан тамаша оюн курдуң,
Жаным бирге, боордош, ырчы курбум.

Кыргыйдай зымырылып канат жайдың,
Казактын кең талаасын араладың.
Күжүрмөн эмгектенген элге бардың,
Кенчинен сузуп алып, таттың, кандың,
Калкыңды жемишке үндөп обон салдың,
Коркокту, жалкоолорду жараладың.

Мына эми ошол эмгек алоолонду,
Макталып башыңызга сыймык конду.
Кадырың жеткен үчүн тоюң болду,
Кыргыз, казак өткөрдү бирге тойду.
Жыпар жел тилектештик биздин ойду,
Таркатып аралады ойду-тоону.

Нагашым, замандашым ырчы Кенен,
Ысык салам айтамын кыргыз элден.
Жолдошуң Алымкул да кошо келген,
Жан жыргатсын угуп тур, кезек берем.
Кана эмесе, от жансын илебинен,
Кайнар булак оргусун жүрөгүнөн.

## М А З М У Н У

**КАЛЫК**

*Обозканов А.* Калык Акы уулу .................................... 4
Жокчулук ................................................ 24
Калыктын энесин жоктоп ырдаганы .......................... 27
Токтогул менен Калыктын ырдашканы ........................ 29
«Калык ырдап атып өлдү» – деп айтышар .................... 37
Токтогул менен коштошуу .................................. 48
Кыргын күндөн элестер .................................... 56
Калык менен Сарыкунан .................................... 68
Иниси Бектурган өлгөндөгү Калыктын кошогу ................ 75
Токтогулдун арманы ....................................... 86
Суроо-жооп ............................................... 88
Кабак .................................................... 95
Жолго калам .............................................. 97
Пушкиндин мурунку күндөрү ............................... 100
Арстан, аюу багында ..................................... 102
Асыл тукум жылкы ........................................ 111
Жыгачтар менен сырдашуу ................................. 112
Тулпарлардын сыны ....................................... 134
Аскерге ................................................. 138
Акындын сүйүүсү ......................................... 139
Жашыл гүл ............................................... 154
Эски Пишпек – жаңы Фрунзе ............................... 156
Эки жар ................................................. 161
Токтогулга эстелик ...................................... 162
Акишим .................................................. 164
Кыргыз жери ............................................. 165

Темир жол ........................................ 178
Кызыгы ашык өмүрдүн ........................................ 180
Эрке жүрөк сагынган ........................................ 181
Уктаган Жумгал ойгонду ........................................ 182
Тянь-Шань ........................................ 184
Терме ыр ........................................ 185

**ОСМОНКУЛ**

*Обозканов А.* Осмонкул Бөлөбала уулу ........................................ 196
Ат-Башы ........................................ 216
Жаңы төл ........................................ 217
Колхоз ........................................ 218
Шаршенге ........................................ 220
Мураталыга ........................................ 222
Кыргызстан ........................................ 225
Кызыл гүл ........................................ 239
Жаз келди ........................................ 240
Гүлдөгөн сонун жер тура ........................................ 241
Кыргыз байлыгы ........................................ 243
Тоголок Молдого эстелик ........................................ 249
Оку, жаштар ........................................ 250
Чүйдүн көрүнүшү ........................................ 250
Чаткал ........................................ 256
Акын өлбөйт ........................................ 260
Комузум ........................................ 261
Кары элем кайра жашардым ........................................ 264
Булбулга ........................................ 266
Жолдошумду жоктодум ........................................ 268
Асыл менен Зуура ........................................ 270
Күз келди, чамдан! ........................................ 279
Көк-Ойрок ........................................ 280
Сынчы уулума ачык кат ........................................ 281
Чүйүм ........................................ 283
Мухтар Ауэзовго ........................................ 284
Ой ........................................ 284

Ата Мекен ........................................................ 285
Эне жөнүндө ырлар ........................................ 286
Касымалы Жантөшевге ................................... 287
Темиркулга ........................................................ 287
Ормонбек Асановго ......................................... 288
Москвада ........................................................... 289
Иним Кубанычбекке ........................................ 289
Калык ырчы менен кездешүү ........................ 293
Партияга рахмат .............................................. 306
Саймалуу көйнөк кийинди ............................. 314
Жаз ..................................................................... 316
Жүрөк толкуйт ................................................. 317
Жазгы танда ...................................................... 318
Каркыра ............................................................. 318
Ар кыл ырлар .................................................. 320
Куттуу конок .................................................... 321
Ай жөнүндө ....................................................... 323
Кененге .............................................................. 324

*Адабий-көркөм басылма*

«Залкар акындар» сериясы

**КАЛЫК, ОСМОНКУЛ**

**VII том**

Түзгөндөр:

*Абдылдажан Акматалиев, Обозканов Абдысалам*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*

Редактору *Маматова Ж.*
Техн. редактору *Жусупбекова А.*
Корректору *Мукасов М.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.06.2015-ж. берилди.
Басуугa 11.12.2015-ж. кол коюлду.
Форматы $84x108^{1}/_{32}$. Көлөмү 20,75 басма табак.
Нускасы 500. Заказ 07.

Бишкек, «Бийиктик плюс» басмасы
Ж. Абдрахманов көч.$170^{а}$
Тел.: 0777- 74-35-68